*Эрдикке таазим. Сериал*



# ЧОЛПОНБАЙ

ЧОЛПОН СУБАКОЖОЕВА

Чолпон Субакожоева

# ЧОЛПОНБАЙ

## Көз ирмемдеги өмүр

Бишкек 2007

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 6572

**УДК 82/821**
**ББК 84 КЛ 7-4**
**С-89**

«AcupS» продюсердик
борборунун
астында жарык көрдү

**Субакожоева Чолпон**
**С-89 Чолпонбай көз ирмемдеги өмүр**
**даректүү баян. - Б.: 2007. - 244 б.**

ISBN 978-9967-24-452-8

**УДК 82/821**
**С 4702300100-07** **ББК 84 КЛ 7-5**
ISBN 978-9967-24-452-8
**© Субакожоева Ч., 2007.**

# Кириш сөз

Өмүрү өрнөк, адамдардын эрдигин эскерели, тилди, дилди, салтты сактайлы деп ар кандай массалык - маалымат каражаттарында куру сөз, кургак акыл менен күпүлдөп, элдир-селдир эстеп, жакшы эле башталат да уланылбай калат, мындай аракеттер кумга сиңген суудай көрүнбөй келет.

"AcipeS" маданий агартуучулук продюсердик борбору мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн элдин тилине, дилине, көңүлүнө уючу маданий иш чараларды өткөрүп келүүдө. Ага бир мисал, сиз кармап турган колуңуздагы баатыр Чолпонбайдын чоо жайы изилденип, чыккан материалдардын көбү китепканаларда жогуна карабай, чогултулуп (кыска`убакыттын ичинде) айылдаштары, баатырды билген инсандардын мурда жарык көрбөгөн чыгармалары, эскерүүлөрү менен толукталган китеби.

Баатырдын юбилейи чукул белгиленип жаткандай атайын бир жылды тоо жылы,

дегенинде менин сезимиме келгени - мектепте 1-сентябрда тынчтык сабагы өтүлчү эле, ошондо Улуу Ата Мекендик согуш, Советтер Союзунун Баатыры жердештерим Анварбек Чортеков, Дайыр Асанов, ДЗОТко төшүн тоскон Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө өткөн сабактан элес-булас кино тасмадай чубай калган ирмем менен, жооптуу жумушту аткара аламбы деген жүрөксүүмдү, чукул арапыкта өз максатыма жетип, мен каалаган чыгарма болбосочу - деп ачык айттым. Курманбек байке эртең Таласка кетебиз Чолпонбайдын музейи бар, Анаш апама, Манасбай атама барып сура, маалымат ирээтинде чогултуп бер, эл билсин кийинки муун унутуп баратат, музейди Ашымбек атам жазаган - ошол киши жөнүндө жаз дегенинен кийин жөнөп калдым.

Карабуура районунун Чолпонбай айыл өкмөтүнө караштуу Чолпонбайдын мемориалдык музейине барып, Шыйкынбаева Анаш апага келгенимди түшүндүрүп, колумдагы компьютерге ар бир сөзүн, Чолпонбайдын

классташтарынын эскерүүлөрүн, Анаш апанын өмүрлүк жолдошу Ашымбек Шыйкынбаев классташы, досу Чолпонбайга өчпөс, (ошол кезде патриоттук сезим менен милдетим деп өз каражатына) музей курганын 1982-жылы 9-май Жеңиш күнүнө карата ачылганын, чакан айылдан 428 эр жигит согушка кетип, алардын 279 Ата Мекен үчүн кан жанын аябай согушта курман болушканын, алардын бири элибиздин даңтуу уулу Чолпонбай деди.

Музейдин бет маңдайында согушка кетендердин тизмеси, астында туурасы 11-метр, узуну 33-метр, бийиктиги 5,5 метр келип, темир бетондон курулган оң колуна автоматын суна кармаган, денесин душмандын ДЗОТуна таштап бараткан Чолпонбайдын айкели турат.

- Кыргызстандык комсомолдордун каражаты жумшалды, айкелге,- дейт апа, мен комсомолго акыркы муун болуп өтүп калгандыктан түшүндүм. Анаш апа көп нерселерге көзүмдү ачты. Манасбай атадан эмнеге Чолпонбайдын эки апасы бар десем

Түлөберди атам жесир калган жеңесин, күйөөсү өлүп калган келинин алган, Карачач, Зууракe деген эки аялы болгон, Чолпонбай Зууракеден, мен Карачачтан төрөлгөм дейт.

- Касымалы Жантөшев жазган Чолпонбай деген аңгемедеги сүйгөн кызын билесизби? - деп сураганымда Бакайырда Гүлнар деген сүйлөшкөн кызы бар дешчү, согушка кеткенче үйлөнүп алып кетсе болмок, согуштан келгенде мен алмакмын деп тамашалады. "Комбат", " Импорт" , деген эл койгон аттары бар Жумакан эже менен баарлашып аялдардын үлгү алчу кайратына таң бергенимди бир апта жүрүп, замандаштарынан, айылдыштырынан сурап Чолпонбай бир кезде баскан издеринен издегенимдин акыбети кайтып, арбагы ыраазы болдубу деген бүдөмүк ой мени түйшөлдүрүп, үчүнчү аптасында Курманбек байкеге окуганга бердим .

Көркөм чыгарма эмес, маалымат берчү колуңуздагы кыргыздын даңтуу уулу орус жергесинде сыймык менен эскерип арбагына таазим кылган жердешибиздин 85 жылдык

маарасесине китеп жазуу менин багыма буюруган тагдырыма ыраазы болуу менен арбак ыраазы болмоюн, тирүүлөр сүйүнбөйт деген сөздү кайдан окуп кандай эсиме сакталганын билбей жаттым.

Турмуш тууралуу чындык саясатка айланган заманда Чолпонбай сыяктуу элдин уулдары көбүрөөк болсо деген энелик жүрөгүм менен Чолпонбай тууралуу жазыла элек чыгармаларга ак жол каалар элем. Эрдигиң унутулбайт, кыргыз барда демекчимин.

**Чолпон Субакожоева,**
**«АсирS» маданий агартуучулук**
**продюсердик борборунун**
**башкы директору**

Таласка көчүп барып, болочоктогу манасчы ошол жерде туулган. Тилекке каршы, жазылып калбагандыктан эпостун Балык айткан варианты бизге жеткен жок, бирок, мындай өксүк анын айтканы, чыгармачылыгы биз үчүн дайынсыз жоголду дегендикке жатпайт : анын табылгалары, өрнөгү андан кийинки манасчылардын чыгармачылыгына кошулду, биринчи кезекте, анын улуу салтын жолдоочулар жана улантуучулар Шапак менен Сагымбайдын өнөрүнө жуурулуушту. Уулу Найманбай аркылуу Балыктын вариантынын айрым үзүндү эпизоддору бизге келип жетти, атап айтканда: «Таласты мактоо», «Манастын кээ бир кийимдери», «Манастын күмбөзү».

Ошентип, Талас жери жеке эле кыргыз эпосунун сюжети менен эмес, ошондой эле монументтүү эпопеяны залкарлата айтуучулардын тагдырлары менен дагы байланыштуу. Бул аймакта аты бизге жетпеген көптөгөн манасчылар өткөн. Мында эпос айтуунун бай салты болгон, бирок жазылып калынган текстин жоктугунан ал салттын

өзгөчөлүктөрүн айтуу кыйын. Байыркы Талас жери али изилденип бүтө элек, анын кеп сырлары ачылбаган боюнча турат . Буга далил катары орхон-энесай жазуу эстеликтеринин эң көбү (12ден ашык ) мына ушул Таласта ачылганын айтууга болот. Талас руна эстеликтери - бул аны Энесай кыргыздарынын тарыхы, алардын жазуусунун, маданиятынын, салттарынын тарыхы менен байланыштыруучу тарыхый чыйыр, ошондуктан, Талас аймагы кыргыздардын эпостук борбору гана эмес, ал бул элдин көптөгөн муундарынын тагдырлары кайчылашкан тарыхый регион дагы болуп саналат.

## ТАЛАС ӨРӨӨНҮНҮН ТАРЫХЫ

Жазма тарых даректерине таянып, б.з. ч. 6-3-к-да Талас өрөөнүн мекендеген негизги уруулар «төбөсү чуштугуй калпакчан сактар» деп аталаарын айтууга болот. Сактар түзгөн уруулар биримдиги акырындап алгачкы феодалдык мамлекетке айланган (б.з.ч.4-кылымдын акыры). Таласты мекендеген сактарга Искендер Зулкарнайн (Македондук Александр) б.з.ч.329-327-ж. Орто Азияга жасаган жортуулунда жеткен эмес.18-к-дын орто ченинде Орто Азияда Кокон хандыгы күч ала баштаган. 1838-жылы Кокон ханы Мадалы Алчыкен уулу Ажыбекке датка наамын берип, аны бүткүл Талас кыргыздарынын башкаруучусу деп жарыялаган. Кыргыз-кыпчак менен өзбек феодалдарынын ортосундагы бийлик үчүн ордо талашына катышы бар деген доомат менен Ажыбек датка Мадалы хан тарабынан өлтүрүлгөн. Анын ордуна кыргыз бийлери Шераалыны такка отургузгандан кийин(1842-ж) Ажыбектин уулу Нуракка атасынын туусу ташпырылып, ал бүткүл

таластык кыргыздардын башкаруучусу деп таанылган. Көп узабай кокондук ордо төбөлдөрү Нурак бийди да өлтүрүшүп, анын уулу Кыдыралы «атсынын ордуна туусун сактоочу жана ага баш ийген элдердин башкы беги» деп жарыяланат. Таластык кыргыздар Кокон хандыгындагы такты үчүн болгон ордо күрөшүнө жигердүү катышкан. 1850-жылдардын аягы, 60-жылдардын башында өрөөндө бир кыргыз бегинин бийлигинин күчөшүнөн чочулаган хан Талас кыргыздарын бийлөөнү алты бийге бөлүштүргөн. Айрым даректер боюнча Кокондук бийлөөнүн акыркы жылдарында Талас өрөөнүндөгү жалпы кыргыз, казактарды алайлык феодал Атабек бийлеген. 1862-жылы орус аскер отряды Бишкек, Токмок чептерин басып алган. Олуя-Ата уезди Талас өрөөнү караган Сыр-Дарыя обулусунун курамында болгон. Талас өрөөнүндө Покровка, Димитриевка, Александровка, Ключевка, Грозный орус-украин жана немис айылдары менен катар Жекшен, Кара-Жыгач, Бейшеке деген үч кыргыз

отурук айлы болгон. 1904-жылы Кара-Буура болушуна караштуу Александровка (азыр Кызыл-Адыр) жана Үрмарал болушундагы Димитревка (Талас ш.) айылдарында орус-жергиликтүү мектептери ачылган. 1917-жылы ноябрдын башында Талас өрөөнүндө Кеңеш бийлигин орнотууга шарт түздү. 1921-1922-жылдары жер-суу реформасы жүрдү. 1924-жылы октябрда Кыргыз автономиялуу облусу уюшулуп, ал РСФСРдин курамына кирген. Талас аймагында алгачкы коллективдүү чарба 1929-жылы Талды-Булакта уюшулуп (азыркы №113 жылкы заводу), ага 18 чарба кирген.

Улуу Ата Мекендик согуш жалпы кыргыз элине оор сыноо болду.Таластыктар совет элинин баатырдык күрөшүнө чоң салым кошту. 6,5 миңден ашуун таластыктар согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн орден, медалдар менен сыйланган, ал эми бешөө Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болгон. Алар:Чолпонбай Түлөбердиев - Дон дарыясынын батыш жээгиндеги фашисттик дзотту денеси менен жаап,

советтик жоокерлерге стратегиялык мааниси бар Селявный айлын ээлөөгө жол ачкан; Василий Петрищев (Талас шаарында туулган) Харьков шаарын бошотууда эрдик көрсөткөн; Асанбек Оторбаев - Одер дарыясынан өтүүдө каармандык кылган; Константин Роденко - Кенигсберг үчүн салгылашта эрдик көрсөткөн; Сергей Сухин - Неман дарыясынын батыш өйүзүндөгү плацдармды ээлеп, аны коргоп турууда баатырдык менен салгылашкан.

90-жылдардын башында Кыргызстандын тарыхында өтө олуттуу окуялар болду. 1991-жылдын 31-августта Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жарыяланып, республиканын калкына анын ичинде таластыктарга экономикалык жана саясий эркиндик, демократия алып келди, коммунисттик партиялык-мамлекеттик тоталитрдык система жоюлду.



КАРА-КӨЛ ШААР
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ

## ТАЛАС АЙМАГЫ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Талас облусу Республиканын түндүк-батыш бөлүгүн ээлейт. 1944-жылы уюшулуп, борбору Талас шаары болгон. 1956-жылы Фрунзе облусуна кошулуп, 1962-жылы бул облус жоюлган соң, өрөөндөгү Талас, Киров (азыркы Кара-Буура ), Ленинполь (Бакай-Ата) райондору республикага түз баш ийдирилген. 1980-жылы кайрадан облус болуп түзүлүп, курамына жогоруда аталган райондордон тышкары Токтогул району да киргизилген. Бирок, облус 1988-жылы кайрадан жоюлган. 1991-жылы Республиканын Жогорку Кеңешинин чечими менен Талас обулусу калыбына келтирилген. Облустун азыркы курамына Талас(борбору Көк-Ой айылы), Бакай-Ата (Бакай-Ата айылы), Кара- Буура (Кызыл-Адыр айылы), Манас (Покровка айылы) райондору кирет; аймагында бир шаар (Талас), бир шаарча(Маймак), 90 айыл бар. Обулустун аймагы деңиз деңгээлинен 650-4500 м

бийиктикте жайгашкан. Түндүгүнөн жана түндүк батышынан Казакстан, батыш жана түштүк-батышынан Өзбекстан, түштүк жана түштүк чыгышынан Чүй обулусу менен чектешет. Аянты 11,4миң км$^2$. Калкы 204миң(1995).

## ТАЛАСТЫН КЕН БАЙЛЫКТАРЫ

Талас обулусунда кендер көп табылууда. Ачык-Таш кени, Ак-Таш кени, Андаш, Чөңөр, Кум-Бел кендери, Үч-Эмчек,(Күмүштак) кени жана Жер-Үй алтын кени. Курулушка керектүү мрамор, гранит, кумдук, туф, акиташтын кендери белгилүү.

Жакында эле, 4000 тонна алтын куймалары катылган деген пикир менен Грузин көзү ачыктарынын жетегинде кыргыз элинин эзелтен келаткан туусу болгон Манастын кадимки Кароолдөбөсүн да чукутуп жиберишти.

## Тарыхый чындык калыбына келиши керек

Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдигине Совет доорунда туура баа берилбей калган. Бизге Чолпонбай Александр Матросовдун эрдигин кайталаган деген пикир таңууланып келген. Улуу Ата Мекендик согуш тарыхын алып карасак Чолпонбай Түлөбердиев 1942-жылдын 6-августунда көкүрөгү менен немистердин ДЗОТунун амбразурасын жапкан болсо, ал эми, Александр Матросов 1943-жылдын 23-феварлында душмандын дзотуна көкүрөгүн тоскон. Бул айныгыс факт. Бирок, ошондой болсо да өлгөн баатырлардын наамынан, атагынан, өз максаттарына пайдаланып, советтик идеалогия Александр Матросовду биринчи орунга коюп, Советтер Союзундагы мектептерге балабакчаларга атын берип, иш жүзүндө орус шовинистиги менен чүмбөттөлгөн улут саясатынын жасап келгенин танууга болбос. Горбачевдун бийлик башына келгенден кийин тарыхый

чындык калыбына келчүдөй болду эле, бирок баарына Сталин күнөөлүү деп актанышты. Биз ушул тарыхый чындыкты калыбына келтиришибиз керек. Бүгүнкү күнү көтөрүлүп жаткан Чолпонбай баатырдын эрдигине 65, туулган күнүнүн 85 жылдыгына карата иш чаралар, жаш муундарга тарбия, үлгү гана болбостон, патриоттук сезимин ойготооруна ишенем. Мекени үчүн, эли жери үчүн жанын курман кылган адамдын эрдигин, урпак унутпашы керек. Кыргызстандан экинчи дүйнөлүк согушка канча адам катышып, канчасы кайтпай калгандыгы тууралуу так жооп болбосо керек. Бурмаланган саясат менен келбедикпи, союз ураганы мындай маселе көтөргөнү боло элек эле. Тарых тактаар, баатырларча курман болуп, баатыр наамын албаган канча жердештерибиз кете бербедиби. Арбагы ыраазы болгондой эстедикпи жокпу ким билет? Чолпонбай баатырдай өмүрү өрнөк инсандарыбызга кино тасма жаратсак кана, элесин өлбөс-өчпөс калтырып, урпактан- урпакка жеткирсек жакшы болоор эле.Орус эли урматтаган кыргыздын баатыры Чолпонбайга Семен Борзунов “Чабуулдан чабуулга” повестин,

Федор Самохин "Таластык баатыр" очеркин, Касымалы Жантөшев "Чолпонбай" аңгемесин, Алыкул Осмонов "Чолпонбай" драмасын жаратып, түркмөн композитору Ч. Нурымов балетин арнаганы белгилүү. Мына экинчи дүйнөлүк согушта кыргыз улутунан 13 Советтер Союзунун Баатыры болсо, жалгыз Дайыр Асанов калды. Кийинки муундар унутпаш үчүн Чолпонбай баатырды эстеп, эрдигине таазим кылганды, салтка айлантып, жаш муундарды патриоттукка тарбиялап, элин-жерин сүйүүгө чакырууга үлгү кылсак.

Өлүмдөн корпой, төшүн окко тоскон Чолпонбай баатыр менен сыймыктанбаган кыргыз баласы жоктур. Эрдикти эскерүү милдети улуттун сыймыгын көтөрүү деп билем. Маалымат жана маданият министирлиги өз салымыбызды кошуп, музейинин ишин жакшыртууга, жазуучулар сиз өңдөнгөн журналисттер жазса, сүрөтчүлөр сүрөтүн тартса, урпакка калтыруу иштерине ар дайым көмөк көрсөтүп, колдон келген жардамыбызды аянбайбыз.

**Султан Раев,**

**Маалымат жана маданият министри.**

## Эрдик атайын жасалбайт

Аппак тоо. Анын аппактыгы биздин чокулардай болуп жааган ак муз, көк кардын аппагынан эмес, ошол тоонун топурагынын актыгынан. Ал тоону жергиликтүү калк "Борлуу тоо"("Меловая гора") деп аташат экен. Мына ошол "Борлуу тоонун" үстүндө жалгыз бир мүрзө тоонун ээсиндей болуп, тээ алыстан келе жаткан адамдарга даана көрүнүп турат. Ал мүрзө биздин, кыргыз элинин эр жүрөк уулу, Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлүбердиевдин сөөгү коюлган жайы. 100-120 метр бийиктиктеги "Меловая гора" дөңсөөсүнө фашисттер тарабынан орнотулган дзоттон тынбай атылып жаткан пулеметтун жамгырдай жааган огуна миңдеген советтик аскерлер туруштук бере албай турган кезде Чолпонбай өтө кыйынчылык менен ага жетип, өзү жарадар болсо да денеси менен дзоттун амбразурасын жаап, Дон дайрасынан өтө албай жаткан Кызыл Армияга жол ачып берген. Чолпонбай агабыздын бул эрдиги адам тарыхында мурда болуп көрбөгөн өзгөчө бир окуя. Ооба, андан кийин да

беш советтик жоокер өз денелери менен неимстердин дзотторун жапкан. Чолпонбай Түлөбердиев 1942-жылдын 6 августунда өз денеси менен душмандын өлүм жаадырган дзотунун амбразурасын жапса, андан туптуура жарым жыл кийин, 1943-жылдын 23-февралында Александр Матросов деген орус жигит да өз тулку бою менен дзотко боюн таштаган. Эмнегедир, совет доорунун тушунда Чолпонбай Түлөбердиевди Александр Матросовдун эрдигин кайталаган деп келген болучу. Чындаганда, Советтик Армия ушул Воронеж фронтуна чейин чегинип келгени тарыхта айгине экени жалпы журтка маалым эмеспи. Дал ошол Дон дайрасынын жанындагы Селявное кыштагын немистер аябагандай чың бекитип, советтик аскерлер өтө албай тургандай кылып бекемдегенине дал эле ушул Чолпонбай Түлөбердиев төшүн тоскон дзот күбө болуп турбайбы. Мына, алгачкы жолу, Советтик Армия немистердин ушул плацдармын бошоткондон баштап Улуу Жеңишке карай кадам ташталган десем жаңылышпайм. Дон дайрасы болсо тыптынч жай гана агып жатат.

Чолпонбай баатыр ошол, мындан туптуура 65

жыл мурда, 6- августтагы апаат күндө Дондун батыш жээгине сүзүп өтүп, стратегиялык мааниси бар Селявное кыштагын ээлөөгө 9-аткычтар ротасынан он жоокер менен, душманга каршы бет алган. Биз бүгүн анын эрдиги менен сыймыктанабыз, мындай эр жүрөк кадамга таазим кылып сыйынышыбыз керек.

Эрдик атайын жазалбайт. Кайталангыс, жай адамдын акылына сыйбаган, эбегейсиз эрдикти Манастын урпагы гана аткара алмак. "Элим, Ата Мекеним, кыргызым" деп кыйкырып барып мөндүрдөй жааган огуна карабастан душмандын дзотун басып жыгылган. Бул окуя элин, жерин сүйгөндүктөн туу чокусу дээр элем. Воронеж фронту Чолпонбайдын эрдигинен кийин чукул бурулуп, душманды сүрүп, кийин Украиналык фронт менен биригип кеткен.

Чолпонбайдын эрдигин урматтаган Воронеж областынын тургундары кыргыз элине таазим кылып агабыздын мүрзөсүн аздектеп "Кыргызский баатыр Дона"- дешет экен. Агабызды ар бир майрам сайын, өзгөчө ал эрдик көргөзгөн 6-августа, Улуу жеңиш күнүндө эскерип турушат экен. Воронеж

шаарында Советтер Союзунун 12 Баатырына атайы арналган аллея ачышкан. Чолпонбай баатыр менен Казловский деген баатырга өзгөчө, башкалардан айрыкча брознадан бюст тургузушкан.

Бүгүнкү Россия Федерациясынын Воронеж областынын Лиска районунун Селявное-2 кыштагына Усупбаев Анарбек экөөбүз, Карабуурадан Чолпонбай айылынан топурак алабарып, куран окуп, мүрзөсүнү чачып, Баатыр агабыздын эстелигине таазим этип, барып келдим. Мүрзөсүнүн жанында тургандагы туюмду сөз менен сизге айтып жеткире албайм. Ошол жерде өткөн атайын митингде өз пикиримди билдирип сөз сүйлөгөнүм эсимден кетпейт. Чындыгында эле, биз азыр багыт алган Батыш идеологдору таңуулап: "Экинчи дүйнөлөк согуш кокусунан чыккан" деп келишет. Эгерде согуш кокусунан чыккан болсо эрдиктери аңыз кепке айланган Гостелло, 28 баатыр, Чолпонбай Түлөбердиев кокустукпу? Жок, бул кокустук эмес. Булардын эрдиги - Ата Мекени үчүн жанын кокусунан кыйган деп айтууга кимдин оозу барат. Балким Батыш үчүн согуш кокусунан болду деп эсептелиши мүмкүн болсо болоор, бирок

20 миллион советтик адамдын жанын алып кеткен согуш, болгондо да кырчын курактагы жаш адамдардын өмүрлөрүн кыйган согушту мен эч качан кокустук деп эсептебейм, бул туурасында мен ошондогу өз сөзүмдү кеңири токтолуп айткам.

Тоодогу эстелигинин жанында турганымда өзгөчө бир таасир алдым, каңырыгым түтөп, агамдын улуу эрдиги туурасында ой толгоп, кандайдыр, жогору жактан келген сезимимде, агамдын бешенесине башкача тагдыр жазылса керек деген ойго дуушар болдум. 20-жашка толуп толбой, күлгүн куракта, өлүмгө эли-жеринин бейпилдиги, тынчтык үчүн жанын сайган адамга эмне дейсиң. Урмат кылгандан башка не деп айталам. Жаш муундарга Чолпонбайдын эрдигин сабак кылып, тарбиялап, элин жерин сүйүүгө чакырбасак, патриоттук сезим азайып, жан-дүйнө, жаратылыш да жабырланууда. Ата-энесин сыйлап, көздүн карегиндей мекенди сактаганга тилди, дилди, рухту өнүктүргөнгө үлгү кылбасак, айтпасак, унутулат.

Өкмөт, Премьер-министр, Вице-премьер, Маалымат жана маданият министри тарабынан колдоого алынып, “Урпак унутпайт”

деп иш чара өткөрүп жатканыбыз — келечек муундар үчүн көргөн камыбыз.

Талас өрөөнү Манас атабыздын жердеген жери болуп, тооп кылып келген арууланган элге жай болсо, Чолпонбай баатырдын музейи, баскан издери туристтерди эмне үчүн тартуууга болбосун деген ой кетет.

Жылда 9-майда эскерүүсү болуп келген, эми аны да кайрадан жандандырып, өркүндөткөнгө шарттарды түзүп кам көрүлүүдө. Элдин элдүүлүгүн, улуттун улут экенин сактаган руху "Манас" эпосубуздай, дайым айтылып, жазылып муундан-муунга өтүшү керек. Ошого сиз, мен өз үлүшүбүздү кошсок, кыргыз барда Чолпонбай баатыр унутулбайт деп ойлойм.

Кара курсак менен эле баюууну ойлобогон, рух жоголбосун деген кыргыздын жаштарынын барына сүйүндүм. Таш Арык айылынан келинчек алган түштүктүк Намазбеков Талант деген жигит "Мурас" деген коом түзүп, орус акындарынан суранып атайылап поэма жаздырып, изилдеп китеп чыгарганына ыраазы болгондон башка эмне айтасың.

Союз ураганы менен орус-кыргыз элдеринин

ортосундагы алака жоюлбаганына Воронеж областындагы орус элинин Чолпонбай агабыздын арбагын сыйлап, эстелигине дайыма жакшы мамиле кылып, аздектеп күтүп келгени күбө десем жаңылышпайм.

**Байымбет Мураталиев,**
**Талас областынын губернатору**

жарган, кээси өрттөнүп өлгөн, кээси ок жаап жатканда Днепрден өткөн, кээси Берлинди алганга катышкан легендарлуу баатырлар. Жыйынтыгын караңыз армиянын генералы Ляңенко жеңиштин 20-30-40-жылдарында Кыргызстанга келип, Советтер Союзунун жогорку аскердик окуу жайларына 600 уланды алган, себеби бизден баатырлар көп чыккандыктан казак-өзбектерден 200дөн эле алган. Чолпонбай согушка жаш катышкан, ДЗОТту жаргандын ичинен биринчилерден болот, анан Александр Матросов ж.б.у.с. болгон. Тойчу Эржигитов деген түркмөн жигит гана Чолпонбай баатырга тушташ жарган. ДОТ анан ДЗОТ экөө болгон. Атылып жатканда оозуна дене же болбосо ун салынган капты тыгыш керек эле антпесе басылбайт. Ун кайда денени тосуп, аралаган октору бүтмөйүнчө 70-80 ок бүт денени тешкен. Согушта эрдик менен жанын курман кылган Чолпонбайды эскерүү парз. 60-жылдын башында маданият министри Казакбаев опера койгонго заказ берет. Музыкасын Акмат Аманбаев (Бүбүсайра Бейшеналиеванын күйөөсү) жазып баштаганда каза болот. Либереттосу

даяр мен жазып чыккам. Музыкасы бүтпөй калган. Акмат Аманбаевден кийин эч ким колуна алган жок.

**Эрнис Турсунов, Кыргыз Республикасынын эл акыны**

## ЧОЛПОНБАЙ

-О-кудай!-деп; улутунуп койду да ашкана тараптагы жупуну кийинген аял өчүп бара жаткан отко тезек жаңыртып калады. -И-й-й-й, - деп Суураке кабагын чытып, саал ордунан козголуп койду. Чок түшүп жүйүртө басып Түлөбердинин эски чоң чапанын жамынган, эмне үчүндүр кышкы чилдеде отургансып, кез-кезде ээгин калтыратып коет. Суураке ноочa бойлуу кара тору киши. Жокко да, барга да, чыдаган сабырдуу адам. Орунсуз сөздү айгып Түлөбердинин башын оорутчу эмес. - Бакан саласыңбы? - деп Суураке маңдайында отурган аялга карады. Сөздү жаңылып уккандыгына кечирим сурагандай тиги аял делдейип ордунан тура калды. Бирок, Суураке унчугууга чамасы келбегендей кабагын чытып эрдин тиштеп мойнун жогору көтөрө чиренип алды.

Боз үйдү тегеректеп эшиктин тешигинен, туурдуктун капшытынан, үзүктүн этегинен, сүйгөнүн шыкаалаган селкиден бетер сан жылдыз жымың кагып, алда кимден көзүн

айрыбай кандайчадыр жаңы кабарды күткөн сыйактанат.

Сабырдуу эне баштанып түштүктөн Талас тоолору мойнун созуп кимгедир үңүлүп карагансыйт. Сүйгүнчүктүү адамдан сүйүнчү сурап эркелетип, эбилип, эт жүрөгүн эзилтип жагынган жароокерден бетер тоо тараптан соккон жел Түлөбердинин көңүл кирин кетирип, көйнөк кирин жуугудай тула боюн балкытып, жаагын сылап, сакалын тараган сыяктанат. Түлөбердиге ызаат кылып салам бергендей баштарын төмөн ийип санжыргалуу жашыл кымкап кийгендей эп эткен желге боюн ыргап гүлдөр турат.

-Аке! - деген үйдөгү аялдын ачуу үнүн укту да Түлөберди тура калып, ал үндүн кубанычка же кайгыга чыкканын ажырата албай делдейип туруп калды. Бирок көз ачып жумганча болбой:

- Акебай! Устара! - деген аялдын үнү менен бирге барылдап ыйлаган баланын дабышы чыкты. Түлөбердинин бүткөн бою чымырап, денесин тер басты. Үйгө кандай

кирип, устараны кандай алып бергенин өзү дагы сезбей калды. «Жаңы төрөгөн аялды кара басат» деген сөздөн улам Сууракени жалт карады. Бирок Сууракe калыбынча койкоюп отурганын көрүп Түлөберди ого бетер сүйүндү.

Тигил аял баланын киндигин кесип, байлап, эски лоо ак чүпүрөккө ороп: - Асан чакырып уулуңарга ат койгула! - деп жаңы гана жарык дүйнөгө келген, ыңаалап ыйлаган ымыркай баланы Түлөбердинин этегине салды.

Тек этегине баланын түшкөнүн сезгенде Түлөберди өзүн коргошундай эрип кеткен сыяктуу сезип сыртка чуркап чыкты. Оң колу менен оң этегине салган баланын кармап, сол колу менен сол кулагынын консогун кармап, асандын башы «Аллоакбар» менен башталаарын унутуп мукактанып калды. Акырында «Аллоакбар» дан баштап депкирин айтып баланы жанында турган аялга берди.

- Аты ким болду? - деди аял.

- Атыбы? Аты....- деп Түлөберди абдан шашылды. Экижагын каранып, эчтеме

таппады. Балага арнап коюлуучу жакшыраак ат эмес үйүндөгү буюмдун аттары «куургуч», «туткуч» экенин да унутту. Тиги аялдан уялган бойдон артына бурула берип, башын жогору көтөргөндө маңдайында жаркырап турган Чолпон жылдызды көрө коюп:

- Чолпонбай болсунчу! - деп, эмне үчүндүр акырын гана айтты.

- Энеси баланын аты Чолпонбай болду! - деп аял баланы үйгө көтөрүп кирип, оролуу бойдон кое коюп, арыдан бери төшөк салды да Суураკени жаткырып анын берки тарабына Чолпонбайды жаткырды.

Түлөберди али Чолпон жылдызынан көзүн айрыбай карап турат....

Мындан беш күн илгери Түлөберди бир жаман түш көргөн. Бирок, ал түшүн башка киши эмес, алган жары Сууракеге дагы айткан жок. «Бул жаман түш, Кудай артын кайырдуу кылсын. Суураке аман эсен төрөсө, аксарыбашыл!» - деп ойлоду да, бирөөдөн бир жандыкты алып, камдап койгон Түлөберди түлөөсүн чалууга киришти. От өчүп, айлана бир аз

караңгылап, үйдүн ичине тынчтык өкүм сүрө баштады. Сууракe ай нуру менен жаркыраган Чолпонбайдын жүзүнө карап турду да:

- Жаныкем, каадалуу балача жатканын... Аман эсен чоңоёр бекенсиң? Сенин күнүңдү көрөр бекенбиз? Эл катары окуп, бизди багар бекенсиң? -деп, дагы көпкө карап турду да, Чолпонбай оозун ачып кайсалаганда эмчегин анын оозуна салды. Чолпонбайга кандайчадыр мээрими күчтүү болгондуктан, бою ийип, эмчегинин сүтү агып кетти.

Күн аптага апта, айга ай, жылга алмашып кабак керип күлгөнчө желдей желип, бири кетип, бири келип арадан бир нече жыл өттү. Өмүр бою кенелбеген, магдырап бардар элге теңелбеген Түлөберди өзүнчө оокат кылып, колхозго кирип, бир экилеп жандык күттү. Өз колу өз оозуна жетип, жадырап жайнай баштады. Чолпонбай да чоңоюп, «жок» деген сөз укпай, бар деген сөз менен мамырап он бир жашка чыкты. Бирок тагдыр Чолпонбайга чоң жолтоо кылды. Атасы Түлөберди өлүп, жаш Чолпонбай жетим, Сууракe жесир калды.

Анда эң улуу агасы Болотбек өзүнчө бөлөк турчу. «Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк» деп Болотбек өзүнчө оокат кылат. Андан кичүү агасы Данке болсо октум-соктум. Качан келип, качан кеткенин Чолпонбай менен Сууракe кээ күндөрү билбей да калат. Эжеси Жамила болсо кулагы угуп тили сүйлөбөйт.

**Касымаалы Жантөшевдун «ЧОЛПОНБАЙ» китебинен үзүндү**

## ЧОЛПОНБАЙДЫН ӨМҮР ЖОЛУ

Чолпонбайдын өмүрү канчалык кыска болсо, анын өмүр жолу деле ошончолук кыска . Чолпонбай жарык дүйнөдө 19 жыл гана жашады.

Чолпонбайдын атасы Төрөкул уулу Түлөберди жөнөкөй, ак пейил, өз бактысына, өз күчүнө ишенген карапайым дыйкан болгон. Түлөберди 5 уул, 3 кыздын атасы болгон. Ошолордун ичинен Чолпонбай жетинчиси эле. Түлөберди өмүрү өткөнчө Кара-Буура өрөөнүнүн оозунда мал багып, дыйканчылык менен күн өткөргөн. Түлөбердинин улуу балдары Болотбек, Төкөштөр эр жетип, тиричилик кыла баштаганда, 1929-жылы айыл чарбасын колхоздоштуруу башталып, Түлөберди балдары менен “Дос” колхозуна мүчө болуп кирген, 1933-жылы “Дос” колхозунун мүчөлөрүнүн аз болгонуна, жеринин шартына карап, экинчиден, тууганадарынын көпчүлүгү Кульков атындагы колхоздо болгондуктан, ошол колхозго

кошулуп кеткен .

Чолпонбай 1923-жылы төрөлгөн. Түлөберди 1934-жылы дүйнөдөн кайтып, Данке, Чолпонбай, Манасбайлар апаларынын, агаларынын тарбиясында өсүшөт. Алардын үйү мектептен алыс болгондуктан ,Чолпонбай 12 жашка толуп, өзүнчө атка, өгүзгө мингенге жарап калганда гана азыркы Буденный айылында ачылган мектепке келип окуй баштаган.

1936-1937-жылдарга чейин эл тоо алкымындагы жылгалардан агып чыккан булактардын, эгин айдоого ылайыктуу агып баруучу чоң арыктардын боюнда 5-10 түтүндөн бир атадан тараганда бирге жашашчу. 1936-жылдын башында жеринин шартына, элинин туугандаштыгына байланыштуу Кульков атындагы колхоз менен Кызыл — Туу колхозу биригип Тельман атындагы колхоз болушуп, Киров кыштагынан Грозный (азыркы Аманбаев атындагы) кыштакка кеткен кара жолдун боюна Тельман атындагы кыштакты

курушуп, үй салышып, туш-тараптан келе башташкан. Чолпонбайдын агалары Болотбек, Төкөштөр да ошол кыштакка үй салышып 1937-жылы көчүп келишкен.

## ЧОЛПОНБАЙДЫН СҮЙҮҮСҮ

1941-жылдын декабрь айынын 16-числосу. Жер бети ак кардан чапан кийип Талас тоолору ак чүмбөт жамынган. Чолпонбайды узатууга жакшы көргөн ага-жеңелери жана тели-теңтуштарынын бардыгы келишти. Бирок, Чолпонбай үчүн эң кымбаттуу кишиси көзүнө көрүнбөйт. «Эмне үчүн эл менен бирге шылтоолоп келбеди экен? Же ооруп калдыбы? Жок ал кечинде эле короосунда соо жүргөнүн күргөмүн. Балким, башка себеп болгон чыгаар. Ооба... Менин армияга кетип жатканымды угуп айнып калган чыгар. Ырас айныган… Армияга кетип жаткан эме качан келет? Балким өлүп калар, өлбөгөн күндө да аны узакка күтпөйүн, күндүк өмүрдүн туштүгүнө жорго минейин деген чыгар. Ырас ошондой… Мейли, колумдан келээр чара жок. Бирок анын

ушунчалык жеңил ойлуу экенин кантип билбей калдым?..» деп ойлонуу менен Чолпонбай тунжурап калды.

- Кана, убакыт болуп калды, жүргүлө! — деген үн Чолпонбайдын оюн бузду. Чолпонбай эл менен акыркы ирет коштошту да жөнөп калды.

- Токтой тургула! - деген үндү улай караганда чыгыш тараптагы көчөдөн чуркап келе жаткан эки-үч келинди жана кыздарды көрүштү. Чолпонбай кандайдыр өзгөрүлө түштү. Бирок, анын бул кыяпатын эч ким байкабады.

- Жөнөп калдыңбы, уулуке! Кош эми, садагаң болойун, көрүшкөнчө аман бол!

- Саламат бол!

- Бактылуу бол!

- Барганда адресиңди билдирип, комсомолдорго кат жаз!

- Кош бол

- Кош ! - дешип кыз келиндер колдорун кыса кармашып коштошушту.

Бир кыз эң акырында Чолпонбайга колун суна алаканына эптеп кармаган катты

Чолпонбайдын алаканына сала, анын колун кыса кармап:

- Саламат бол! — деди. Бирок кыздын көзүнөн жашы кылгыра түшкөнүн башка кишилер эмес Чолпонбай өзү дагы байкабай калды.

Катты дароо ачып окугусу келет, бирок жанында бара жаткан эл жолтоо кылат.

«Жаным Чолпонбай! Жазган катыңа өткөн жолу эле жооп берүүм керек эле. Ушул күнгө чейин жооп бербей келүүмө себеп: «Турмушка чыгууга жеңил карабай терең кара. Айлап-жылдап сынасаң да, ойлосоң да эрк сенде. Экөөбүз абдан сынашып анан турмуш куралы! - дегем.

Экинчиден, «Чолпонбай башка кызды сүйүп жүрөт» деген элдин ушагы да жолтоо болду.

Бирок, ошончодон ушунчага жүрүп, тайгак кечүү тар жолдо бир барак кагазды колуңа кармата койгонума таарынба. Кечиргин жаным! Бул кат мындан төрт күнү мурда жазылсада, ыгын таап, бере албай жүрдүм. Мурдагы күнү үйдө киши жок эле, чакыртып жиберсем үйдө жок экенсиң. Мага абдан аянычтуу болду.

Туулуп өскөнү андай өкүнгөн эмесмин. Кайыр турмушта өкүнүч аз болобу дедим. Өзү эмне үчүн басып келбейт дейм. Бирок бойго жеткен кыздуу, күйөөсү жок келиндүү үйгө өзүң сыяктуулардын келиши кыйын, кыймылдасаң кырк түрлүү ушак чыгаруучулар жок эмес… аны да эске алдым.

Эми жаным, армияга кетип жатасың. Армияга барган сен эмне болоорду, үйдө жүргөн мен эмне болоорду келечек өзү көрсөтөөр. Ким бактылуу ким бактысыз болорун тагдыр өзү белгилейт.

«Эр азамат эл үчүн туулат, элге кыйын иш түшсө эл үчүн белин буунат» деген. Жалгыз сен эмес кан майданга аттангандар, баргын жаным! Элиң үчүн ыйык милдетиңди аткарып кел! Аман-эсен жеңиш менен кайтканыңда алдыңдан гүл көтөрүп чыгаармын. Ата-энем карап турсада уялбай кучактап өбөөрмүн…

Жаным! Сага арнап жоолук сайган элем, ыгы келсе кийин жиберээрмин. Азыркы сага деген белегим, кирсиз таза сүйүүм! Ушул белегиме жүрөгүңдүн терең жеринен орун

бер! Сага деген махаббатты кирсиз таза сактоого ант кылам. Сен дагы махаббатка кара санап кастык кылба! Мага тике кат жазба, эл ачып окуп коет. Энең аркылуу жаз, ал киши экөөбүздүн махаббатыбызга кара санабас. Жок.жок энеңе да жазба ал киши кат таанybайт, башка бирөөгө окутуп коюп мени уят кылат. Мен сага жазам сен жазбай эле кой. Таарынбайм, жаным! Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт!...

Баатыр бол жаным, сүйгөн селкиң кубансын! Кош!...сүйгөнүң К.» - деп жазылган катты Чолпонбай эки кайталап окуп чыкты.

х х х

1942-жылдын жай айларында Дон суусунун жака белине эч кандай жандар жаралбаган сыяктуу замбректер күрсүлдөп, миномёттор ызылдайт. Пулемёт, автоматтар тытырап мылтыктар тарсылдайт. Ажалдын кабарын айткансып асманда октор зыркырайт. Дон суусун кечип өтүп, С селосунун алдындагы бийиктикти ээлеп, анан С селосун алуу үчүн

биздин бөлүккө приказ берилди.

- Өлүм үчүн, же гүлдөй турган өмүр үчүн ким барат? - деген үн угулганда:

- Мен, жолдош старший лейтенант! - деди Чолпонбай.

Командир Чолпонбайды кучактап өптү да, - Баргын Тянь-Шандын барчыны! - деди.

Чолпонбай болжогон жерге жетип ДЗОТко карата биринин артынан бирин зыркыратып граната ыргытты. Гранаталар ажалдын оту менен огун себе бериշти.

Мына менин ата- бабаларым ким экенин бүт дүйнө билсин... Бүт дүйнөдөгү адам баласы өз көзү менен көрсүн. Айтканынан кайтпаган ажалдан башын тартпаган, өлүмдү билбеген, душманга башын ийбеген баатырлардын тукуму - мен!.... Мына, мен дагы элим үчүн, жерим үчүн, Ата Мекеним үчүн ыйык милдетимди аткарам! Кош тууган эне, тууган эл, туулган жер! - деп ыргып тура көз ачып жумганча ДЗОТко жетип ажалдын оту чачылып, октору атылып жаткан ДЗОТтун тешигин басып пулёмоттун оозуна жүрөгүн

тосо берди...

Бул укмушка карап турган жолдоштору эмес кара жер да солк эткенсиди. Көрүп тургандар да көздөрүнө ишенишпеди. Аркы өйүздөгү батальонго жол ачылды. Командири Горохов: - Жолдоштор! Тулебердиев Чолпонбай биздин арабыздан убактысыз кайтты. Бирок Чолпонбай кыргыз эли гана эмес бүтүн Совет элинин ишеничин актап ыйык милдетин баатырлык менен, адам таӊ калаарлык кылып аткарды. Душмандын бир огун кетирбей тоскон Чолпонбайдын жүрөгүн карагылачы!....Бул кимдин уулу...Чолпонбайдын өлгөндүгү үчүн кайгырсак да анын эрдиги үчүн кубанабыз. Чынында Чолпонбай өлгөн жок. Ал ар бир адамдын жүрөгүндө жана көз алдында түбөлүк жашайт. Кыргыз эли Чолпонбайдай уулу менен сыймыктанып мактанат...Көп убакыт өтпөй Чолпонбайдын мүрзөсү пайда болду. Сага түбөлүк даӊк, кыргыз элинин баатыры, Совет элинин чыныгы уулу — Чолпонбай Түлөбердиев, өзүӊдүн Ата Мекениӊдин даӊкы үчүн, элиӊ үчүн баатырдык кылып, сен өзүӊдү

өлбөс кылдың! Сенин эстелигиң түбөлүккө Совет элинде жашайт!» - деген жазуулар сыя карандаш менен жазылды.

**Касымаалы Жантөшевдун «ЧОЛПОНБАЙ» китебинен үзүндү:**

**Анотолий Дедов.**

## КЫРГЫЗ ,СОЛДАТ,
## ГЕРОЙ РОССИИ

Кыргыз Герой,– скажи отуда,
Ты родом сам, где твой народ?
Каков твой край, его природа,
Как зарождался весь твой род

В ответ- минутное молчанье
И в травах росных,тишина....
Дух гор Тянь-Шаня отвечал мне,
Я лишь записывал слова.

От Енисея до Тянь-Шаня,
В веках слагался мой народ,
Времен далеких нес он знамия
Здесь и поныне он живет.

Под синим небом жить бы рады,
Хотели персы и арабы.

За землю  проливал здесь кровь
Китаец, русский и   монгол.

Но житель истинный Тянь-Шаня
По праву был народ “Кыргыз”
Времена года он меняя,
Здезь кочевал то вверх, то вниз.

Мой Кыргызстан, как в небе птица,
Сложил в одно, он два крыла.
Из”онг канат”и”сол канат”
 его слагались племена,
Древней истории страницы.

Обширных гор, степей простор
Заняли саки и усуны,
Кыргызы древние и гунны
Племен андроновской культуры.

Аринам Вайнджа здесь назвали
Простор родных степей и гор.
Пастух именовался арий
Пас лошадей в долине он.

Где в алых росах повстречала
Рассвет, степь в утренней заре.
Великих рек здесь есть начало
Аму-Дарьи и Сыр-Дарьи.
Мой Кыргызтан, родимый край,
Земля отцов моих и дедов.
Живи, будь краше, процветай!
Цветущий рай под синим небом.

Утесы, небо подпирая,
Несут светило на руках
То снежным серебром играя,
То утопая в облаках.

Ардви ворчит, застряв втеснине,
Коварно лижет остов скал,
Летит,сверкая на стремнине,
Легко и грозно,как кинжал.

Вот возникает под горою,
Как образ адовых ворот,
Пугая мрачной синевою

Деянья вод- овальный грот.

Вдруг рокотанье водопада
Наполнит воздух до краев
И гул стоит, как канонада,
Как эхо страшное боев....
За поворотом  шум уймется,
Польются питичьи голоса....
И, как мираж, змеею вьется
Внизу троп горных полоса...

Деревья в битве многотрудной
Корнями разрывают твердь,
Но на весах природы мудрой
Вверх не берут, ни жизнь,ни смерть.

Через расщелины, распадки
Мостами скорбными лежат
Древней истории, останки
В земле кыргызской тихо спят.

Закаты ярки, словно слайды,
Неповторим напев ключей

И у жемчужных вод оклады
С цветною россыпью камней.

Здесь дух блинный обитает.
Так сконцентрирован простор,
Что чистий воздух наполняет,
Протяжной песней —гимном гор.
В пейзажах тонут километры.
Твои красоты сравнить смог
Лишь с Приэльбурсьем и Ай-Петри
Родной мой дивный уголок.

Ты сын кыргызского народа.
Твоя душа, твой светлый ум
Тебе даны были природой,
Чтоб ты смелее в жизнь шагнул.
В семье вы очень бедно жили.
Отец покинул рано вас.
Семейной дружбой дорожили.
И жизнь любили без прикрас.

Как дети, все, зимой учились
А летом брали кетмени,

Познав нелегкий труд решили
Все шестеро вы в поле шли.

И ты надеялся и верил
Все будет в жизни хорошо,
Но вот война - рык хищный зверя....
Судьбы твоей не обошла

Первым Токош пал смертью храбрых.
Брат старший, воин и солдат.
Был жаркий бой , в бою неравном
Погибло тысячи ребят.

И в сорок первом похоронка
Пришла в айыл, в родимый дом,
Как крик души, как плач ребенка,
В пять строк, лишь весточка о нем:

“Ваш сын Токош Тулебердиев
Пал смертью храбрых на войне!...
“Хочу на фронт, чтоб быть солдатом,
Сидеть и ждать,нет просто сил!”
Ты отомстить решил за брата,

Согласье мамы попросив:

“Ты еще молод , мой ягненок,-
Слезу стряхнув, сказала мать.
Вот подрастешь еще немного
Ступай Отчизну защищать!”

Сказала, ДА!,-ей было трудно.
Она ж его родная мать!
А Чолпонбай, уже наутро
Спешил пешком в военкомат.

Был шум у стен военкомата,
Им всем хотелось на войну
В годах мужчины и ребята
Заняли очередь одну.

Пройти комиссию бы надо
Так для себя и он решил.
К входным дверям военкомата
Со всеми вместе поспешил.

Прошел комиссию он бстро

К столу тихонько подошел.
Подумал; как бы что не вышло?
Поднял глаза и взгляд нашел.

А за столом, пред ним, напротив
Сидел в погонах лейтенант.
Сказал:-“Я в общем и не против,
Но ты братишка маловат.

Годков тебе от роду–сколько,-
Насупив брови, он спросил?”
“Семнадцать с половиной только”-
Юнец ответить поспешил.

“Придешь, как будет восемнадцать.
Пошлем учиться в Ашхабад,
Затем на фронт пошлем сражаться,
С земли родимой немца гнать”....

-“Но мне сейчас, мне очень нужно,
Мой брат погиб, там на войне”,-
Мальчишка выпалил в огне....
А лейтенант его не слушал.

Когда из кабинета вышел.
Брел наугад, куда взбредет,
Вокруг он никого не слышал,
Но верил, что ответ найдет.

За горы солнце опускалось
Внизу, вдали блестел арык.
Он полем шел, ему казалось,
Здесь жизнь, живительный родник.
Решил пойти он к военкому,
Быть может он что и решит
Меня поддержит добрым словом
Отправит Родине служить.

Как порешил, да так и сделал,
Тихонько в двери постучал.
"Я Чолпонбай Тулебердиев!" —
Вслух громко юноша сказал.

"Чего шумишь Тулебердиев?" —
В ответ услышал он слова .
Шагнул навстречу, брови сдвинув,

Седы усы и голова.

"А как дела, сынок со школой,
На фронт идти не поспешил?"-
И он, увидев военкома,
Все рассказать ему решил.

"Да , я закончил семилетку.
Мне есть семнадцать споловиной лет.
Мой брат погиб под Тверью где-то.
Хачу на фронт-вот мой ответ!"
"Иди боец, ступай же с Богом,
И после завтра приходи.
Простись с родней, перед дорогой
И хорошо, брат, отдохни".

"Спасибо!"- крикнул военкому,
И,дверью хлопнув,побежал.
К семье, к друзьям, к родному дому,
Где жил, любил, всех уважал.

Теперь боец я, улыбаясь,
Сказал, едва войдя лишь в дом.

Обнял братишку Манасбая,
Все расскажу, только потом,

Ты, верно, сын, проголодался
Взглянув в глаза, сказала мать.
Апа!- поверь, я так старался.
Обняв ее, стал целовать.

В дорогу испеки лепешек,
В курджун все вещи положи,
И мыло полотенце тоже,
Ты только мама не спеши.
Перекусив совсем немного
Чоке продолжил разговор,
А мать учила, чтоб в дороге
Сынок достойно себя вел.

И говорили о Токоше,
Писал он в письмах про друзей,
Однополчан, бойцов хороших,
А с ними, служба веселей.

Как глинобитный дом покинуть,

Ведь ухожу надолго я?
Как мама, братья, вся семья,
Чем им помочь, и что предпринять?

Одолевали мысли сон.
Уснул Чоке только под утро.
Ведь был в семье кормилец он,
Как без меня им будет трудно?

Проснулся, шум был во дворе,
Слышны шаги уж в коридоре.
Друг Сагымбек вот уже в доме,
А Аралиев на коне.
В путь провожали всем айылом.
Сам председатель Джаргунчинов
Всей местной власти голова
Сказал в напутствие слова:

"Борись с врагом, как Семетей,
И пусть рука твоя не дрогнет.
А враг сгорит в огне и проклят
Жив вовращайся поскорей!"

Гульнар платочек подарила.
Шепнула тихо:-“Буду ждать!”
Чоке к воротам проводила
И обещала письма слать.

“Тебя Гульнар я не забуду,
Тебе навеки верен буду.
Ты только жди, вернусь домой,
После войны мне стань женой....”

На лошадей друзья вскочили
И выезжали со двора.
Щекой прижавшись к ноге сына,
Схватилась мать за стремена.
Так шагом шли в конец айыла,
Смотрела мать Чоке в глаза.
Дрожали руки, сердце билось,
Скатилось по щеке слеза.

“Апа -пора нам , успокойся,
Не плачь, все будет хорошо!
О братьях младших позаботься.
Вот мой черед и подошел.”.

Курсант кавалерийский школы,
Затем стрелковый полк, война,
Грозный июль сорок второго–
Родня узнала из письма.

В полку он принимал присягу
Под боевым и красным стягом:
“Умри, но выполни приказ-
Таков был Родины наказ!”

Здесь под Воронежем ты встретил
Огонь заклятого врага.
Цветы, оградка, шалый ветер
Плывут по небу облака.
Тогда о жизни ты не думал,
К земле прижавшись, вверх пополз.
Швырнув гранаты в амбразуру,
Прильнул всем телом на откос.

Прошло минутное затишье,
Но пулемет вновь застрочил,
Но ты его уже не слышал,

Собой прикрыв изо всех сил.

И дзот врага вдруг захлебнулся
Кровью киргизкого бойца.
В тот миг ты буто улыбнулся,
Семью всю вспомнив и отца.

Ты стал Героем, сам не зная,
Что ратный подвиг совершил.
Открыв себе ворота рая
За всех тогда ты сам решил.

И был в бою в том враг повержен
Плацдарм девятой ротой взят,
С высот пахнул горячий ветер,
А холм был пламенем объят.

Кыргыз,Солдат,Герой России,
Ты был рожден, чтоб побеждать!
Ты стал здесь ей на веки сыном,
Она тебе- вторая мать.

**28 апреля 2007г г.Воронеж**

## "МАНАС" ЭПОСУ СЫЯКТУУ,

## ЧОЛПОНБАЙДЫН ЭРДИГИН ДА ДАСТАН КЫЛЫП АЙТЫП ДАҢКТАШЫБЫЗ КЕРЕК.

Биз кыргыздар чыгып келген тарыхыбызды жакшы билбейбиз. Эң байыркы эл экенибизди "Манас" эпосу тастыктагандай, мен Чолпонбай тууралуу ойлорумду айтуудан мурда сизди биздин урууга андан кийин урукка көңүлүңүздү бурат элем. Уруубуз "кытай" анын ичинен биз тараган урук "актонду".Эмне үчүн өзүм тараган уругумду айткандан жазганышым керек, жок мен кайра сыймыктанам

Мына кадимки Кожожаш мерген, Жеңижок, Чыңгыз Айтматов, Чолпобай биздин уруудан. Мен жакында Воронежде болуп келдим. Экономикалык жактан алып караганда деле 1000 ден ашуун үй-бүлө ал шаарда өз жандарын багып, ошону менен бирге эле Кыргызстанда калган туугандарына жардам беришет.Мына ошолорго Чолпонбайдын жердештери деп урмат сый менен мамиле кылышат экен.Чолпонбайдын арбагынын артынан жанын багып атат ал жактагы

кыргыздар.

Карабуура району менен экономикалык алака түзгөнгө эмнеге болбосун ал жердеги жергиликтүү элдер жердешибиздин эрдигин бизден айырымаланып унутушпайт экен. Жыл сайын ар-түрдүү иш чараларды өткөрүп , эскерүү кечелерин ар жылы келе жаткан муунга сабак болгондой өткөрүшөт.Жараткандын таасири бар чыгар анын баатырдыгына. Эмне үчүн дзотко атайын приказ менен жылган жанындагылардын баарысынан Чолпонбайдын жүрөгү ошого даады.

Улуу инсандыгы, баатырдыгы, өрнөк болчу өмүрү бар жердешибизди "Манас" сыяктуу эле Чолпонбай баатырды дастан кылып айтып, даңкташыбыз керек. Манас менен сыймыктангандай эле сыймыктанышыбыз керек. Жеткиликтүү жаштарга тарбия да улуттук духта, эч нерсе берилбей жатат. Мисалы: "Манас" эпосу боюнча көп нерселерди билбейбиз. Манас деген аталышта дүйнө жүзүндө көп жерлер бар.Бул деген кыргыздар кылым карыткан улут ошол аталган жерлердин

баарысында кыргыздар жашаган дегенди билдирет. Археологиялык касууларга таянсак 5000 жыл мурда “Манас” болгон носорог минип согушкан деген тарыхый булактарда жазылып калган бар, кааласаңыз көчүрмөсүн берем. Идеалогия издегендер кыргыздын чыгышынан бүгүнкү келишине кайрылышы керек. Ал эми ажо болчу адам “Манасты” окуп, санжыра билип, кыргыз болуш керек, качан кыргыз болмоюн оңолбойбуз. Кыргыз деп күйүшүбүз керек.

Эчак көк кагаздын(доллар) кулу болуп ата-бабабыз мекендеген жерлерди чекесинен кертип, келген адамдарга сатып жатканыбызды кийин тарых кечирбейт. Орустар сыйлап жаткан Чолпонбайга биз карадыкпы, жок. Биз сыйлабайбыз кыргыздын рухун көтөргөн адам аз.

Кыргыз руху, духу жоголбосун десек өткөндөн сабак алып Атажуртун коргоо үчүн жанын берген Чолпонбайдай баатырлардын эрдигин мектептеги балдарга окутуп кыргыздын эр жүрөктүүлүгүн Атажурт кандай

сакталаарын, сатпай көздүн карегиндей аяр мамиле жазаганга окутуп тарбиялабасак улут жоголот. 9-майда компартия барда эстелчү эми унутулган дайма эстелип урпактарга айта,жаза жүрбөсө болбойт.Тарых баарын тактайт экен эртең бирөө чыгат изилдеп. Жердешим атажурттун патриот уулу катары эскерип элесин түбөлүккө калтырууга мен дайма аракетимди кыла берем.

**Усупбаев Анарбек Чолпонкулович, «Строймеханизация» жоопкерчилиги чектелген коомунун президенти, техника илимдеринин кандидаты**

## ЧОЛПОНБАЙ

Чолпонбай, Чолпонбайым, Жан курдашым,
Ок тийет башыңды кат, жашын, жашын....
Сен эмне колуктуңа кучак жазбай,
Мупмуздак пулемотко кучак жаздың?!

Ок тешкен жүрөгүңдө ойноп шамал,
Дарман жок, желмогузга жетип барар.
Куладың :"Апакеме, Мекениме
Кадалчу окту төшүм тосуп калар...."

Өлбөчү, кайратыңды берчи мага,
Желектей же атышта аткан октой -
Заматта өзүм сендей баатыр болуп,
Шырылдап жоого учайын кызыл чоктой.

Өлбөчү, Чолпонбайым, көзүңдү аччы,
Өлбөчү, кирпигиңди кыймылдатчы.
Жүрөктө шыгыраган огуң менен
Калчылдап качкан жоону кайра атчы.

Сен өлсөң сокур согуш бир өлчүдөй,

Сен өлсөң мылтык оозу бүтөлчүдөй,
Сен өлсөң тийген огуң чыгарбастан
Дүйнөдө атылчу ок түгөнчүдөй....

Кеттиңби?! Кетсең дагы күйүп-жанып,
Согуштан жүрөсүңбү сурак алып–
Кайрадан октор ташка атыларда,
Кайрадан төшүң тосуп тура калып?!

Же кокус көрдөн чыкса болуп дайра,
Согуш ок каптайбы деп жерди кайра–
Чыгарбай жүрөгүңдөн жатасыңбы,
Карышып жылдан жылга, айдан айга?!

Ок бизге тиймек кайда сени тешип!
Өзүңдү коргон сезип, баатыр сезип–
Келебиз балабызды Чолпонбай деп,
Баладай элесиңди эркелетип......

**Анатай Өмүрканов,**
**Кыргыз эл акыны**

## УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯБЫЗДЫН БИР ӨҢҮРҮ

Эрдигиңе салыштырам эмнени,
Кан төккөнсүң коргоп ыйык мекенди.
Баатыр деген наам берилген ошондо,
Фашисттерден коргоду деп жергеми.
Дон дайрасы көз алдыма тартылды,
Эстелигиң көркүн ачкан дөңсөөнү.
Эстегенде ээликтирдиң сен мени.
Бөлүшөйүн, окурманым окуп кой,
Ошондогу бир үзүм сыр мендеги.

Ата Мекендик Согуш. Улуу Ата Мекендик согуш. Канчалаган адамдардын башын жуткан ушул улуу согуш. Жаңы гана бой жетип, эми гана үйлөнүп, турмуш жолунда бактылуу болууну эңсеген миллиондогон жаш жигиттердин кырчын курагын алып кеткен согуш. Канчалаган эненин көз жашы агып, уул-кыздарынын майдандан эсен келишин эңсеп көз чөйчөгүн кургаткан кандуу согуш. Алатоолуу аймагыбыздан аттанып кеткен бойдон туулуп өскөн тууруна кайтпай калган

миңдеген агаларыбыздын аттары муундар эсинен чыкпайт. Артында калган кийинки муун алардын ысымдарын өчүрбөөгө аракет кылып келебиз. Себеби, тарыхыбыздын ар бир барагы, ал барактарда жазылган эли жери үчүн кашык канын төккөн азаматтардын аттары муундан муунга улуу санжыра катары өтүп, кыргыз эсинде түбөлүк калууга укугу бар деп ойлойм.

Өткөн доордун акырында Советтер Союзу жоюлуп, бир кездеги дүйнөнү дүңгүрөткөн албан мамлекет алсызданып ыдырап, майда, өз алдынча күн көргөн эгемен мамлекеттерге айланып, өз тагдырын өзү чечкенге аракеттенип, бир кезде батыштан каптаган фашисттик "күрөң чуманы" тып-тыйпыл кылып жоюп, согушта талкаланган чарбасын тез арада калыптандырып, союздук республикалардын кем-карчсыз күн көрүшү үчүн "борбордон" тынымсыз келип турган жардамдын аягы суугандан кийин Батыштын, анын ичинде АКШнын көзүн карап, миллиондогон карыздарга малынып, өнүгүп барып өнүгө албай, телчигип

барып темине албай турган кезибизде мурунку муундарыбыздын ысымдары эсибизден чыгып калбашы керек. Айрым батыш тарыхчылары жыйырманчы кылымдын орто ченindеги Улуу согушту таптакыр эле адам баласынын эсинен чыгарып таштоого аракеттенип келишет. Алардын берген каражаттарына жарык көргөн китептерде Улуу Ата Мекендик согушка, анда курман болгон агаларыбыз, аталарыбызга азыраак көңүл бөлүнүп келүүдө. Бирок, шүгүр дейли, эл болгондон кийин эл арасында ошол кызыл кыргын согушта курман болгондордун ысымдарын өчүрбөө үчүн аракеттенип жүргөн замандаштарыбыз бар. Алардын эмгеги кийинки муундарды кайдигер калтырбайт деп үмүттөнөм.

Мына ушундай эскерүү иш чараларынын бири катары Советтер Союзунун баатыры жердешибиз Чолпонбай Түлөбердиевдин 85 жылдык, фашисттик ДЗОТту төшү менен тосконунун 65 жылдык юбилейине арналып, мамлекетибиз тарабынан атайын комиссия түзүлүп, ушул улуу маарекеге багышталып

каражат бөлүнүп, белгиленип жатканы өкмөт жетекчилерибиздин кыргыз элинин элдүүлүгүн сактап келаткандыгынын чоң күбөсү катары кабыл алдым. Себеби, акыркы он беш жыл аралыгында мындай иш чара болгон эмес эле. Тескерисинче, айрым кем акыл замандаштарыбыз борбор калаабыздын “Жеңиш” аянтындагы, “Жаш Гвардия” бульварындагы Ата-Мекендик согушта курман болгон адамдардын аттары терилген жез-латунь тамгаларды чукуп чыгарып алышып, металл катары өткөрүп пайда издешкендерине күбө болгонбуз. Эсил кайран агаларыбыздын ысымдарын түбөлүк өчүргүлөрү келген бандалдарды кармап, жазаларын колдоруна бериптир дегенди таптакыр уга элекмин. Ал тургай, кыргыз эл акыны Жоомарт Бөкөмбаевдин бюстун уурдап кеткендигин, Социалисттик эмгектин баатыры Зууракан Кайназарова эжекебиздин эстелигиндеги латундан жазалган баатырдык жылдызын улам жасатып тагып коюшса, улам чукуп чыгарып кетишкенин укканда

каңырыгым түтөгөн эле. Бул барып турган караңгычылыктын белгиси, тарыхыбызды билбегендиктен аны сыйлабагандыктын анык күбөсү. Мындай акыбал кайталанбашы үчүн жаш муундар арасында түшүндүрүү иштерин тынбай жүргүзүү зарыл иш. Мына, эми минтип баатыр агабыз Чолпонбайды эскерип, мамлекеттик масштабда иш чара өткөрүлүп жатканы алкоого арзырлык иш. Менин оюмча, той катары эки же үч жүз киши чогулуп эстелигине күлчамбар коюп, арналып куран окулуп, арналып союлган малдын этин жеп тарап кетүү жетишсиз. Республика боюнча бардык окуу жайларында Чолпонбай Түлөбердиевди эскерүү сабагын өткөрүү керек. Советтер Союзунун убагында согушка катышкан, ал согушта курман болгон бардык эле адамдарга Баатыр деген наам ыйгарыла бербеген. Чолпонбай агабыздын эрдигинин негизи эмнеде? Ошол кезде жыйырмага араң толуп, ээгиндеги сакал-муруту ката элек жаш уланга кандайча Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылгандыгын жаш муундарга

жеткире айтып берүү абзел.

Ушул жерде, урматтуу окурман, 1975-жылдын 9-майында Чолпонбай агабыздын сөөгү жаткан Воронеж областынын ал кездеги “Тихий Дон” совхозунун Селявное айылында болгонумду, анда алган таасирим тууралуу сиз менен бөлүшөйүн.

Биз, Россиянын кара топурактуу аймагы болгон Воронеж, Мичуринск, Курск шаарларынын жогорку окуу жайларынан билим алып жаткан кыргызстандык студенттер жердешибиз Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин курман болгон жерине барып Улуу Ата Мекендик согушта жеңишке ээ болгон 9 май Жеңиш күнүн белгиледик. Ал кезде “центральный вуздарда” окуган кыргызстандык студенттердин арасында бул майрамды ошол Селявное айылында белгилөө адатка айланып калган окуя экен. 8-май күнү жыйырмадан ашуун улан-кыздар ошол айылга бардык. “Тихий Дон” совхозунун жетекчилери да ушул күнгө аябай даярданышкан экен, бизди нан-туз менен күтүп алышып, ар кимибизди

айылдагы жакшы үйлөргө жайгаштырышып, эртеси күнкү иш чаранын программасы менен тааныштырды. Кечкурун айылдык клубга дискотекага бардык.

Ошол кезде кино тарткан кружокко барчу элем, окуу жайында. Менин жетекчи-агайым Григорий Латышев деген адам “таңында аба таза болуп, тарткан кадрларың сонун болот” деп дайыма айтаар эле. Ошондон улам, 9-май күнү таңкы саат беш жарымдар чамасында туруп, жуунуп алып, тасмасы 8мм болгон кичинекей кинокамерам бар эле, аны көтөрүп алып айылдан обочороок жайгашкан Баатыр агамдын эстелигине бет алдым. Эстеликке жакындай бергенде анын жанында чөк түшүп алып сыйынып олтурган байбичени көрдүм. Байбиче бир топко менин келгенимди байкаган жок. Ал кызыл жашыл түскө бойолгон тоок жумурткаларын Чолпонбай Түлөбердиев деп жазылган мрамор плитанын үстүнө койуп алып бир нерселерди ичинен бабырап чокунуп жатканын көрүп аябай таң калдым. Бираздан соң арт жагында турганымды байкаган

байбиче мага жүзүн буруп учурашты. Кемпирди көргөндө жүрөгүм опкоолжуй түштү. Бетиндеги бырыштары түк баскан, жетимиштерден ашып калган карыя адам экен. Ал мага кайрылып: “Сынок, возьми эти яйца и сиешь, они тебе принесут удачу” деп калды. Кемпирдин шагын сындырбайын деп жумурткалардын бирин алдым да аны сөзгө тарттым.

- Тээтиги жерде немистердин дзоту орнотулган эле, - деп анча бийик эмес дөңчөөнүн үстүнө колун жаңсады байбиче. - Шүмшүктөрдүн тандаган жерин карабайсыңбы, ылдый жак тим эле алаканга салгандай көрүнүп турат. Тиги жээктеги токойдон чыккан Советтик аскерлерди бирден терип атып турушту. Бизди, айылда калган катын-калач, кемпир-чал, жаш балдарды койбой мобул жерге айдап келип дзоттун капталына койуп койушту, биздикилер артиллериядан атпасын деген кыязда. Биздикилердин бир топ аракети таш каап жатты. Жүздөгөн биздин аскер жигиттер Дондон сүзүп өтүп, тиги жайыкта жайрап калышты - окко учушуп. Кандай жардам

бере алаарыбызды билбей алапайыбыз кеткен ошондо. Улам суудан сүзүп чыккан жигиттердин жер кучактап кыйрап жатканын көрүп түтөп отурдук. Бир маалда байкасак, эки эле немис калыптыр, бизди кайтарган. Бири автоматын жанына таштап койуп ооз гармошка ойноп олтурат, экинчиси тырмагынын астындагы кирин чукулап, тилин чыгарып алып алектенип отуруптур. Муну байкай койгон Даша деген курбалым экөөбүздүн көздөрүбүз чагылыша түштү. Ымдашып, макулдаштык да ал бирөөн, мен бирөөн жайламак болдук. Жерден таш алып акырын жылып тигил шүмшүктөрдүн жанына барып экөөбүз бир мезгилде баштарын жара чаптык. Мага туш келген немис өгүздөй күржүйгөн неме экен, чыкыйына таш тийсе да оңой менен эле алдырган жок. Жанымдагы катындар кошо жабылбаганда балээге учурамакмын. Тигил экөөнүн автоматтарын тартып алып, тээтигил жакка чуркадык,- деп байбиче обочороок далдаа жерди көрсөттү. - Биздикилер ушуну эле күтүп турганбы пушкалардан дзотту карата

ок жаадырып калышты, немистердин пулемету саамга дымый калгандан пайдаланып ончакты аскер Дондон сүзүп өтүшүп дзотко карай бет алышты. Алар тиги тоонун этегине жетип калганда пулемет кайрадан ата баштады. Ошондо Чолпонбай дзотко жакын жылып келип чиркешкен граната ыргытты эле пулемоттун үнү басылды. Биздин аскерлер дарыядан өтө баштаганда кайрадан дзоттон ок жаадырып, аскерлерди кыра баштады. Ошол саамда гранатасы түгөнгөн Чолпонбай өз денеси менен немистердин дзотунун оозун тосуп, атылган бардык окту өз боюна алды. Заматтын ортосунда биздикилер ушул биздин айылды жүзүкара немистерден бошотту. Кызыл армиянын командири дзотко төшүн тоскон эр жүрөк жигиттин калбыр болгон көкүрөгүн карап туруп көзүнө жаш алып, “эжеке, биз кайтып келгенче баатырдын сөөгүн кайтарыңыз” деп мага табыштап кетти. Алар эртеси күнү кайтып келишип, Чолпонбайдын сөөгүн тээтиги жерге жашырдык. Кийинчирээк, жамгыр көп жаап, тоонун кырын суу ала баштаганда ушул жерге

көчүрүп келген элек. Мына ушул эстеликти да ушул жерге орноткonбуз. Мына ошол 1942-жылдын августунан бери Чолпонбай мен үчүн, биздин айылдын эли үчүн жанын курман кылган ыйык адамыбыз. Андыктан, мен дайыма ушул эстеликке келип, өзүмдүн арыз-муңумду айтып, Кудайга жалынып, бугумду чыгарып турам, балам,- деп көз жашын жоолугунун учу менен сүрттү байбиче. - Ии баса, - ал бир нерсени эстей койуп, - жылда таңэрте ушул эстеликтин үстүндө чегилген баатырдын аты менен фамилиясынын үстүнө кечинде даярдаган жумурткаларды апкелип койом. Мен кетер менен айылдын жаштары келип алып жешет. Алар да ушул Чолпонбайдай эли-жери үчүн жанын аябаган баатыр болсо, элин сүйгөн, Ата Мекенин сүйгөн каарман болсо деп тилек кылып апкелем. Кызыл түстөгүсү биздин Кызыл армиянын, СССРдин желегинин түсү, жашылы Чолпонбайдын жаштайында жашыл жерди түбөлүк кучактап калганынын белгиси, балам. Чолпонбай дзотко төшүн тоспосо биздин көргөн шорубуз арбыныраак болмогун

баарыбыз түшүнөбүз, андыктан биз аны өз кулунубуздай ардактап эскерип келебиз, - деп карегине чогулган жашын улам сүрүп койуп,- жүрү балам, чай ичели,- деп үйүн карай бет алды. Ошондогу Чолпонбай Түлөбердиевдин эстелигинин жанында туруп бетин бырыш менен түк баскан орус кемпирдин айткандары күнү бүгүнкүдөй менин эсимден чыкпайт.

Мына, андан бери отуз эки жыл өткөндүгүнө карабай Чолпонбай агамдын эрдигин айтып берген ошол байбиченин аты да эсимден чыгып кеткенине карабай ошол окуяны айтып жаткан элеси көз алдымда турат. Колумдагы камерама байбичени тартып алган элем. Саат тогуз болгондо эстеликтин жанына гүл көтөргөн, өзгөчө шаңдуу кийинген айылдык мектептин окуучулары, мугалимдери, айылдын тургундары чогулуп Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевге, Жеңиш күнүнө арналган салтанат болду. Бир топ адамдар чыгып сүйлөп, баатырга арналган ырлар окулду, эстеликке гүлчамбарлар коюлуп, пионерлер салют беришти. Ал

кездеги идеология ошондой болсо керек эле, окуучуларды комсомолдун, пионер уюмунун катарына кабыл алуу болду. Жаштар уюмуна жаңыдан кабыл алынгандар ушул агабыздын эстелигинин алдында "Ата Мекенге кашык каным калганча ак кызмат кылам" деп ант беришти. Кечинде айылдык клубда салтанаттуу концерт болду. Биз дагы өзүбүз даярдап барган кыргыз ырларын дүркүрөгөн кол чабуулардын коштоосунда аткарып бердик. Эртеси окуу жайларыбызга кайтып келгенбиз.

Бүгүн, эгемен элибиз улам жаңы окуяларга туштугуп, тарыхыбыздын улам жаңы барактары ачылып, кыргыз жергебиз өз алдынча эгемен мамлекет болуп, жаңы өрүштөргө бет алсак дагы тарыхыбызга улам кайрадан сереп салып, өткөн баатырларыбызды эстеп, улам кийинки муундарыбызга алардын эрдигинен кеп салып, өрнөктүү өмүрлөрүнүн үлгү экенин эстен чыгарбоо улуттук идеологиябыздын бир багыты катары кабылдасак, кыргыздардын түптүү эл катары түбөлүк жашай берээринде

шек жок, урматтуу элим.

**Темирбек Токтогазиев,**
**журналист, Мустафа Кемаль (Ататүрк)**
**сыйлыгынын лауреаты**

## “ЭГЕРДЕ АЛ ТИРҮҮ БОЛСО”

Ашымбек Шыйкымбаев тарых мугалими, кыргыздын атактуу уулу Чопонбай Түлөбердиевдин классташы. Өзү айтып жүргөндөй “Чолпонбайдын классташы гана эмес, кубалашып бирге ойноп, жарты нанды тең бөлүшүп жеген ымалалары ысык жан досу”. Өзү да кан кечип келген, согуштун жайын, алаамат күндүн азабын жакшы билет. Ошон үчүн дагы жыл сайын окуу жылынын башталыш күнүндөгү сабагын – Тынчтык сабагын жан досунун таржымалы менен тыгыз байланыштырат.

Эгерде ал ушул азыр арабызда болгондо пайгамбар жашын жашап, чачын ак буурул кыроо басып, адатынча бапырап, ушул бүгүн силердин араңарда болмок. Мобул үстөлдө отуруп алып силерге согуш, андагы эл эрдиги жөнүндө саймедиремек, анан албетте , ошол улуу кыргында али эч бир жан жасай элек эрдикке түрткөн күч, дем туурасында айтмак азыраак,–деп баштайт аңгемесин. Жан досун эстеп көзүнө жаш тегеретет. Жыл сайын

үшинтет, айрыкча 1-сентябрда , жыл тогошкон күндө, 23-февралда, 9-майда , 22- июнда. Ушу күндөрү досун көп эстейт, санаалуу, анан сыймыктуу жүрөт. Бул 1-сентябрь да ал үчүн адаттагыдай эле болду. Бирок мектепте башкачараак болду: мемориалдык музейде баатырдын эрдигине арналган диорама ачылды, диорама түзүүнүн демилгечиси да, ишке ашыруудагы кыйынчылыктардын үлүшүнүн көбү таандык болгон да өзү, ал үчүн Чолпонбайдын өмүрүндө басып өткөн жолдорун аралады, анын ичинде Селявное кыштагына да барган.

Ашымбек агайдын Тынчтык сабагына баатырдын бир тууган иниси Манас аке да катышып, сөз сүйлөдү. Агасы менен сыймыктанаарын айтты. Кичинекей айылдаштарын да Чолпонбайдай эр жүрөк , Мекенине берилген адам болууга чакырды.

–Жер жүзүндө тынчтыктын болушу–бул баарыбыздын үйүбүз болгон жердин аман болушу.

**Б.Табалдиев,Талас областы.**
**«Мугалимдер газетасы»**
**1986-жыл**
**5-сентябрь**

## ЖЕРДЕШИМ БААТЫР ЧОЛПОНБАЙ

Биздин анкета: Мекеним менин.

1.Сиз жашаган шаарда, поселокто же кыштакта өздөрүнүн жаркын өмүрү жана иши менен СССРдин тарыхына из калтырган адамдардын ысмын алып жүргөн көчөлөр же башка бир жайлар болушу керек. Мына ошол адамдар жөнүндө эмнелерди билесиз?

Мен азыр Киров кыштагында турам. Ал райондун борбору. Анын көчөлөрүнүн көбү өлкөбүзгө өтө белгилүү адамдардын наамында.

Бирок бир көчөнүн аты кулагыбызга өзгөчө жакын, жагымдуу угулат.

Деги, бул ысым районубуздун кайсы бурчуна барсаң да коштоп жүрөт.

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевди бизде ким билбейт! Ал эми Воронеж шаарынан офицер Н. Могиланский бизге жиберген катында минтип жазат:

"Батышта катуу каршылыкка учурабаган фашисттик баскынчылар бүт күчүн бизди карай багытташты. Франциядан, Даниядан жана батыш европалык башка мамлекеттерден армияларды улам алып келип, баардык күчүн майдандын түштүк бөлүгүнө топтоо менен биздин армиябызды кысып олтуруп, Сталинградга чабуул коюга жан талашышты. Алардын жолун кебелбес Воронеж тосту. Бул жерде күн бою катуу кармаш жүрдү.

Биздин аскерлер душманды алга жылдырбай коюу мындай турсун, Сталинградга жардамды күчөтүү үчүн Воронеждин түштүгүндөгү участоктордун биринде операция уюштурат. Операциянын башкы максаты душмандын коргонуусун жарып өтүп, Дондун оң жээгиндеги плацдармды ээлөө эле. Бул милдет аткычтар полкуна тапшырылат.

Ал эми анын негизги иштерин бүткөрүү тогузунчу ротанын биринчи отделениесинин ардактуу тапшырмасы болуучу. Отделениенин 11 жоокеринин бири Чолпонбай Түлөбердиев эле.

Командованиенин сунушу боюнча чексиз эр жүрөк жоокер Чолпонбай Түлөбердиевге курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген. Воронеж майданынын согуш советинин чечими менен гвардиянын катардагы жоокери Чолпонбай Түлөбердиевдин ысмы өз ротасынын тизмесине түбөлүккө жазылды. Ар күнү кечинде жоокерлердин тизмесин чакырууда ысмы аталат.”Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев Ата Мекен үчүн курман болгон” деген жооп угулат.

Чексиз эрдик менен курман болгон жөнөкөй кыргыз уулунун ысымы учу-кыйрына көз жетпеген улуу Мекенибиздин ар бир адамына, улуу кичүүсүнө бирдей кымбат, бирок ал бизге өзгөчө жакын.

Ошентип , быйыл Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдигине 30-жыл толду.

**«Ленинчил жаш»,**
**7-октябрь,1972-жыл**

**Эрдик эрдиктерге чакырат.**

**"КОРГОГОН ЖӨПЖӨНӨКӨЙ ЖҮРӨК МЕНЕН,,,,"**

Чолпонбай баатырдын музейиндеги маек.

Эрдикке таазим этүү – ар бир адамдын мойнундагы парз. Убайын көрүпжаткан бул заманабыз да ошол эрдиктер аркылуу келип отурат.Ал эми баатырлар менен чыканактай кезинен бирге өсүп, ак мектептин астанасын чогуу аттап, билим алган адамдарга андан бетер чоң милдет жүктөйт. Муну Чолпонбай баатырдын курбусу, учурда Киров районундагы орто мектептин тарых мугалими болуп эмгектенип жаткан Ашымбек Шыйкымбаевдин кылган аракетинен улам ачык-айкын сезебиз. Чолпонбайдын эрдиги да бир ирет көз алдыбыздан чууруп өтөт.

... 1942-жылдын 6-августу эле. Таң супа салганда 636-аткычтар полкуна жол ачуу үчүн

ыктыярдуулардын чакан отряды мөндүрдөй жааган октун астында Донду кечип өтүшүп , дароо чабуулга кириишти.

Оор жаракат алган кыргыз кулуну баятан жаагын баспай аткылап, көп күндөрдөн бери полктош жоокерлердин чабуул коюшуна тоскоол келтирген ДЗОТтун озуна боюн таштады.Жол ачылды! Эрдик жаралды.

Чолпонбай Түлөбердиев бул дүйнөгө түбөлүккө өлбөс болуп кайра төрөлдү!

Эрдик эрдикке уланат. Баатырлардын салты ушундай. Алты айдан соң 1943-жылы 23-февралда орус уулу Александр Матросов ДЗОТтун оозун көкүрөгү менен жаап, эрдик көрсөттү. Ага улай ушундай эрдик жараткан ондогон жоокерлердин ысымдары тарыхтын алтын барагынан орун алды...

Ошол согуш мезгилинен тартып эле Ашымбек Шыйкынбаевдин оюнда Чолпонбай Түлөбердиевдин музейин түзүү максаты жүргөн эле.

Мына эми асыл тилек ишке ашып отурат. Ошондуктан баатырдын мемориалдык

музейи, анын жүргүзгөн иштери жөнүндө айтып берүүсүн өтүнүп, музейдин активдүү уюштуруучуларынын бири – мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Молдалы Бекботоевге кайрылдык.

- Молдалы Бекботоевич, былтыр Чолпонбай Түлөбердиевдин мемориалдык музейи ачылган эле,Чолпонбайдын эрдик көрсөткөнүнө 40-жыл толгонунан бери музей кадыресе иш жүргүзүп келе жатат. Тиги, кире бериштеги латунь тактасына бадырайта жазылган:

Ким айтат:
"ДЗОТ оозун тосуп,
Анан
өлдү деп ошол жерде жалын чачкан?!"
Адамдык жөпжөнөкөй жүрөк менен
Коргогон өз Мекенин душмандардан–

деген өзүмдүн саптарым мени бир даары кубанычка бөлөсө, бир даары түркүн ойлорго түртөт...

- Аныңыз ырас, биз дагы жердешибиздин музейине келген сайын кылган ишибизге

каниет алабыз. Ошону менен бирге, анын экспонаттарын толуктоонун, бул ыйык жайды жаштарды патриотизге тарбиялоонун очогуна айландыруунун натыйжалуу жолун издейбиз. Чолпонбай Түлөбердиевдин эстелигине арналган ырын Советтер Союзунун Баатыры Калыйнур Үсөнбеков атайын коло тактага жаздырып келип тапшырды. Ал эми баатырдын жекече буюмдарын, каттарын, сүрөттөрүн чогултууда биздин орто мекиептин кызыл из кубарлар клубунун эмгеги зор. Чолпонбайдын курбусу, ушул музейди уюштуруунун демилгечиси Ашымбек Шыйкымбаевдин жетекчилиги астында өлкөнүн туш тарабына миңдеген каттарды жазышып, анын майданда ийнин тиреше салгылашкан ондогон майдандаш достору менен тыгыз байланыш түзүлгөн.

- Элде "баатыр тегин жерден чыкпайт" деген сөз бар эмеспи.....

- Ал сөздүн чындыгына музейдин материалдарын даярдоого катышып жүрүп, дагы бир ирет ынандым. Бир жолу

Фрунзе шаарындагы Ленин райондук аскер комиссариатына барып калсам, Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асанов кабинетине Чолпонбай Түлөбердиев менен Александр Матросовдун портретин баатырдык наам берилгендеги Указы менен кошо катар илип коюптур. "Баатырлардын салты ушундай" деген сөздүн түпкү мааниси ушулбу дейм. Бул да болсо эки баатырдын эстелигине кылган таазими.

Тылдагылар да тынч алып жатышпады, күнү-түнү кара жанын карч уруп, жеңиштин тездеши үчүн кам көрүштү, тапкан-ташынганын ортого салышты. Жакында көзү өтүп кетти жарыктык кишинин Бакыракай Рысмендиев деген карыябыз болгон. Согуш учурунда ал терип-тепчип жыйнаган оокатын, туяк-туяк малын сатып, жүз миң сом чамалуу акчасын фронтко жөнөткөн. Анын жолун улаган айылдаштары канча! Чолпонбай да элин уятка калтырган жок, жеңиштин тез келиши үчүн Мекенге кырчындай өмүрүн арнады. Чолпонбай Түлөбердиевдин бала

күндөн тартып, азыркы сүрүп жаткан экинчи өмүрүнө чейинки таржымалы музейдин негизги мазмунун түзөт. Мына ушундай тирүү далилдер дүйнөгө болгон көз караштары жаңыдан калыптанып келе жаткан жаш муундарга чоң сабак болот. Чындыгында эле баатырлар тегин жерден чыгышпайт.

**К. Белеков. «Ленинчил жаш»**
**1983-жыл, 19-февраль**

## Эч ким , эч нерсе унутулбайт

## ӨЛБӨС-ӨЧПӨСТҮККӨ СЕКИРИК

...1942-жылдын августу. Бул биздин өлкөбүз үчүн оор мезгил эле: гитлердик аскерлер түштүккө чабуул жазап, Түндүк Кавказга, Донго, Волгага жетип барышкан.

Родинабыздын миллиондогон уул-кыздары менен бирге Воронеж фронтунун жоокерлери да жек көрүндү душманга каршы салгылашып жатышты. Уруштар күнү-түнү жүрүп турду. Күжүрмөн аракеттерди активдештирүү үчүн Воронеж шаарынын түштүгүрөөк жагынан Дон дарыясын кечип өтүп, фашистткердин коргонуусун бузуп, дарыянын батыш жээгинен плацдарм ээлөө милдети коюлган.

Бул милдетти аткаруу 160-дивизиянын 636-аткычтар полкуна жүктөлдү. Мындай зор оорчулук улуу лейтенант Горохов командалык кылган автоматчиктердин 9-ротасынын тобуна туура келди. Ал топто биздин жердешибиз катардагы солдат Чолпонбай да бар эле.

... 1942-жылдын 5-августу Чолпонбай Түлөбердиев үчүн кубанычтуу күн болду. Ал ВЛКСМга мүчө болуп кабыл алынды. Кыргыз жигитти украин уулу Остап Чертовал,грузин Серго Метревели, татар Гайфулла Гилязутдиновдор кызуу куттукташты.

Эртеси эртең менен айлана жым-жырт. Тынч Дондун толкундары гана чайпалып камыштар шуулдап бир аз үн кошконсуйт. Тогузунчу ротанын жоокерлери камыштын арасында чабуулга өтүүнүн буйругун гана күтүп отурушат.

Мына күжүрмөн позицияга ротанын командири улуу лейтенант Горохов жетип келди да автоматчиктерге кайрылды:

– Жолдоштор ! Рота күжүрмөн приказ алды. Биз Донду кечип өтүп , Меловая дөңсөсүн ээлөөгө тийишпиз. Душман ал жерде ок атуучу точкаларын абдан чыңдаган. Алардын оозун таш каптырууга тийишпиз. Бүткүл полкту наркы өйүзгө ийгиликтүү өтүшү, демек жолдошторубуздун өмүрү биздин аракетибизге байланыштуу болот. Батыш

өйүзгө мени менен ким өтөт?

Чолпонбай биринчилерден болуп ордунан тура калып: "Мен , жолдош улуу лейтенант!"- деди. Анын артынан дагы бир топ жоокерлер көтөрүлдү. Душман жактагы жээкти көздөй он бир адам, анын ичинде Чолпонбай да жөнөдү.

Душмандын ракеталары тынымсыз атылып, дарыянын үстүн жарык кылып жатат. Кечип өтүп жаткандарды фашисттер көрө калып, пулеметтордон, минометтордон аткылай башташты. Полктогулар илгерилеп бараткан азаматтарга чочулап, көз салып турушту. Мына жоокерлер наркы жээке бүтүндөй өтүп барышты.

Жоокерлер Меловая дөңсөсүнө катарлаш Селявное кыштагынын жанындагы жээке жетишти.Офицер Горохов башында болгон солдаттар алга илгерилей беришти. Дөңсөөнүн чокусуна жетүүгө бир аз гана калганда ДЗОТтон фашисттер катуу аткылап кириშти.

Алга дагы илгерилеп , полкко өтө

маанилүү дөңсөөнүн чокусуна жетүү үчүн душмандын ушул ок атып жаткан точкасын жок кылыш керек эле.

Командир эч кимге буйрук берген жок. Мында уруштун ушул чечүүчү учурунда Родинаны сүйгөндүк, лениндик партияга чыныгы берилгендик жоокерлерге буйрук бергендей болду. Эр жүрөк солдат, Ленин комсомолунун мүчөсү Чолпонбай Түлөбердиев жүрөгүнүн талабы менен алга умтулду, душмандын ДЗОТу (ок атуучу точкасы) менен бетме-бет кармаша турган болду. Бардык аскердик курбулары аны колдоого, зарыл болсо, анын ордун ээлөөгө даяр турушту.

Чолпонбай автоматы, гранаталары менен кичине колот аркылуу алга боортоктоп жылып отурду. ДЗОТко 15-20 метрче калганда бир азга үйүр алды да биринин артынан экинчи гранатасын ыргытып, автоматы менен бир нече жолу аткылады. Душмандын ДЗОТу үн каткан жок. Чолпонбай дагы бир граната ыргытты. Пулеметтун оозу таш капкандай болду. Жок, ал кайра жанданды . Түлөбердиев

төмөн жакта жаткан жолдошторуна колун жаңдап, ДЗОТту көздөй атырылды. Пулемет кайра ок ата баштаганда калыбы жарадар болгон окшойт, жерге сулады. Бирок ошол замат ордунан ыргып туруп, ДЗОТтун оозун көздөй аттап барып, аны денеси менен каптап жыгылды. Бийиктикти биздикилер ээлешти. Дон дарыясын кечип өтүп, 636-аткычтар полку жалпы чабуулга көтөрүлдү...

Ала-Тоодон алыскы Селявное кыштагында Чолпонбайдын сөөгү коюлган мүрзө бар. Эстеликке баатырдын эрдиги жөнүндө эскерме сөздөр жазылган.

Воронеж фронтунун Аскердик советинин чечими менен катардагы солдат Чолпонбай Түлөбердиевдин ысмы ал кызмат кылган ротанын өздүк составынын тизмесине түбөлүккө жазылган...

Воронеждеги край таануу музейине мрамор ташынан жасалган баатырдын бюсту орнотулган. Анын ысмы менен совхоз, мектеп, көчөлөр аталган.

Кыргыз эли, Кызыл Туулуу Орто Азия аскер

округунун жоокерлери өлбөс-өчпөстүккө биринчилерден болуп секирик жазаган Чолпонбай Түлөбердиевдин жаркын элесин дайма эскеришет.

**Капитан А. Пучков.**
**"Советтик Кыргызстан",**
**1983-жыл, 11- февраль**

## АТТИҢ, БҮГҮН ЧОЛПОНБАЙДЫН ЖОКТУГУ...

Дүйнөдө мезгилдин өтүшү менен бардык нерсе өзгөрөт. Бардык нерсеге көз караш өзгөрөт. Улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун бир чыгармалар жыйнагынын аталышы менен айтканда "биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт".

Мезгилдин өтүшү менен баары эскирет. Бардык нерсеге көз караш да "эскирет". Анткени, кечээ эле актуалдуу болуп, алдыңкы орунда турган нерсе, бүгүн экинчи, үчүнчү... планга чыгып, мезгил элегинен өтпөй калышы мүмкүн.

Бирок, эч качан эскирбөөчү, актуалдуулугу жоголбоочу нерсе да бар. Ал — эрдик! Ал эмненин урматына, кимди, эмнени сактап калуу үчүн жасалганы мааниге ээ эмес! Эрдиктин чоң-кичинеси, маанилүү-маанисиздиги болбойт!

Эрдик бул — адамдын мүнөзү. Эр адам ошондой болуп төрөлөт, эч качан эрдик жасайм

деп аракеттенбейт. А кийин кандайдыр-бир материалдык же моралдык дивиденддерге эсептеп жасалган жорук эрдик эмес.

Улуу Ата Мекендик согушта кан-жанын аябай салгылашкандардын жоруктары бүт бойдон эрдик. Жоокер кан майданга өз ыктыяры менен аттандыбы же аны күчкө салып алып кетиштиби, бул мааниге ээ эмес. Согуш мезгилинде күжүрмөн тапшырманы аткарууга өз ыктыяры менен жазылдыбы, же аны тизме боюнча буйрук менен жөнөтүштүбү, согуштун катышуучулары баары бир баатырлар.

Жоокер согушка бир күн же төрт жыл бою катышабы, ондогон душмандарды өлтүрдүбү, же кан майданга бара жаткан жолдо каза таптыбы, ал баары бир баатыр. Анткени мына ошол миллиондогон адам өмүрлөрү Улуу Жеңишке алып барчу жолго төшөлгөн...

Минтип айтып жатканымдын себеби, акыркы мезгилде модага айланган өткөн тарыхыбызды кайра кароону (ревизиялоону) жакшы көрүшкөндөр Улуу Жеңиштин тарыхтагы ордун да кайра кароого батына башташты. Мындай

эч качан болбошу керек.

Мына ушундай баалуулуктарды “кайра кароолор” көбөйгөндөн улам бүгүнкү күндө бизде Мекенди сүйүү, аны коргоо үчүн жан берүү деген түшүнүктөрдүн баркы кетти. Азыр ар кандай шылтоолор менен армияда кызмат өтөөдөн качып калган уландар, аларды жалган справкалар менен алып калган ата-энелер өздөрүн мыкты сезишет.

Ушул өңүттөн алганда бизге бүгүн Чолпонбайдын эрдигин даңазалоо, анын маңызын өсүп келе жаткан муундарга туура жеткирүү менен тарбиялоочу куралга айлантуу өтө керек. Ошондуктан кыргыздын улуу уулунун маарекесин кезектеги “дүжүр” иш чара катары эмес, өзгөчө акцент менен белгилөө зарыл. Мында менин оюм боюнча биздин жаш муундарды тарбиялоонун кубаттуу куралдарынын бирине айлантуу идеясы турат.

Азыр улуттук идеологияны таппай турабыз. Улуттук идеологиянын уңгусу мына ушул Чолпонбай Түлөбердиевдей элдик уулдардын

эрдигинде. Улуу акындарыбыздын бири Жоомарт Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек” поэмасында жазылгандай энелер менен уулдар болсо элибиздин эртеңи жаркын. Тилекке каршы, азыр биздин элге мына ушундайлар жетпей турат...

Ошондуктан Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги бүгүн өзгөчө мааниге ээ болуп, элибиз ушундай уулдарга зар болуп турат...

**Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,**
**“Кыргыз Туусу”**

## БАШТАН ӨТКӨН АПААТ

Совет эли Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу жылдарын, анын азап-тозокторун эч качан унутпайт. 20 миллиондон ашык уул-кыздарыбыз ал кыйынчылыктарды өздөрү менен ала кетишти. Алар гитледик баскынчылар менен бетме-бет кармашууларда, согуш талааларынын окопторунда, абада, деңиз үстүндө, аска тоолордо, чытырман токойлордо, душмандардын тылында,топтоштурулган туткундар лагеринде, гестапонунжексур түрмөлөрүндө курман болушкан. Миллиондогон ата-энелер 18-40 жаштагы күлгүн курак уулдарынан, кыздарынан түбөлүк айрылып калышты. Акыйкатта бул курак адамдын гүлдөгөн курагы, анын чыгармачыл өмүрүнүн, кубанычка карк толгон мезгилинин ажайып учурунан эмес беле атаганат! Канча миллиондогон жаш жубайлар мөлмөл жаш курактарында эрлеринен тул кылышып, жесирлике моюн сунушту, канча балдар

төрөлөөрү менен аталарынын өңү-түсүн элестетe албай, жазыксыз жетимчилик торуна түшүштү. Биздин эл жокчулукту, ачарчылыкты, жүздөгөн шаарлардын, жүз миңдеген айыл кыштактардын бүлүнгөнүн, миңдеген завод-фабрикалар жардырылып жок кылынганын эч качан унутушпайт. Анткени, биздин эл бул апаат күндөрдү өз баштарынан кечиришкен.

Ал эми согуштан кийин төрөлгөндөр бул алаамат жылдарды улуулардын эскерүүлөрүнөн, акын-жазуучулардын китептеринен, кинофильмдерден жана музейлерден билишет.

Согуштун эч кимге кереги жок. Ылайым мындан ары согуш болбосун. Анткени, бул алаамат согуштун бетти каарыган суук илеби күнөстүү Кыргызстандын бир булуң-бурчу болгон чакан Чымкент айылын да жайлап өткөн. Мына ушул кенедей айылдан 428 эр жигит 1941-1945- жылдары улуу майданга аттанып чыгышкан. Булардын ичинен 279 азамат Ата -Журттун эркиндиги үчүн жексур

душман менен кармашып жатып курман болуп согуш талаасында кала беришти.

## СОГУШ, 9-МАЙ ЖАНА ҮЧ МУУН.

Улуу Атамекендик согушка Алатоодон 363144 жоокер аттанса, анын 130 миңи кайра кайтпаган. Андан бери Улуу Жеңиштин 62-жылдыгын аман-эсен көргөндөрү быйыл 22138 адам экен. Натыйжада тээ батышта согуш отун кечип келген аталарды, энелерди, чынында, май айында гана эстейбиз. Бирок, айрым айылдарда согушка катышкандар таптакыр калбай баштаган. Демек, ошол айыл-кыштактардагы жаш наристелердин согушка катышкандарды өңү-түсүнөн көрүү мүмкүнчүлүктөрү чектелди.

Маалымат үчүн: 1941-1945-жылдардагы согушка жалпысынан, болжолдуу түрдө,150 миллион адам катышкандыгын айрым талдоочулар билдирет. 1418 күндүк согушта СССР 20 миллион адамынан ажырагандыгы айтылчу. Бирок,кийинчерээк бул суммага дагы 7-8 миллион адам кошулуп айтыла баштады. Ал эми Германия өнөктөш бир катар мамлекеттер менен бирдикте жалпысы 16 миллион 161миң адамдан айрылгандыгы

маалымдалат. Жогоруда белгиленгендей, Кыргызстандан 363 миң 144 адам согушка жөнөтүлгөн. Булардын 130 миңден ашууну кайрылып Алатоону көрбөгөн. Батыштагы салгылаш бир тең, бияктагы абал бир тең болгондугу–айныксыз чындык. Ок учкан тарапка жалаң эр-азаматтар кеткени аз келгенсип, алдуу-күчтүү кыргыздардан 36миң адамды Урал, Кузбасс, Куйбышев шаарларындагы завод, шахта, темир жол курууга иштетишкен экен. Натыйжада 1941-жылдын ноябрь айына чейин 3809 аял механизаторлук курстан окутулуп, алардын 3193ү комбайн айдоого милдеттүү болушкан. Айыл чарба азыктарын өндүрүү келин-кыздардын жана омурткасы ката элек өспүрүм балдардын мойнуна жүктөлгөн. Алар 1941-1945–жылдарда фронтко 4,5 миллион пуд эгин, 2,7 миллион пуд картошка жана 2,8 миллион пуд эт жөнөтүшкөн.

Келечек муун Улуу Жеңишке кандай мамиле кылаар экен?

## ТАРЫХ ТАКТАЙТ, УРПАК УНУТПАЙТ

Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги, мекенди сүйүүсү менен, Улуу Ата Мекендик Согуштун тагы менен биздин муун өсүп калдык.

Атам Шыйкынбаев Ашымбек: “Классташ курбум Чолпонбай баатырдын музейин курам”- деп аракет кылып, кайакка гана барбады. Музей эмне экенин билбеген алыскы айылга аны орнотуш канчага турганы көз алдымда. «Улуттун келечеги өз балдарына жасаган мамилесине жараша болот» деген сөз бар элде. Эртеңки келечегибизге өткөндү туура татыктуу берүү, Чолпонбайдай баатырдык менен эрдик кылуу, Атажуртуна жанын берүү ар бир адамдын колунан келбейт.

Жыл өткөн сайын, Улуу Жеңишти алып келген ардагерлердин саны азайууда. Кийинки урпактарга кан күйгөн жерледе болгондуктары, небере-чөбөрөлөрүнө кызыгуу алып келбеди. 9-май календарда эле кызыл менен белгиленгени болбосо, чыныгы кан майданда курман болгон адам өмүрлөрүн

эстөө солгундадады.

Чолпонбайдын бир tууган иниси Манасбай да согушка барып майып болуп келген. Карасаңыз, бир эле үй-бүлөдөн Данке, Токош, Чолпонбай, Манасбай баары кеткен. Согуш деп качмак тургай Чолпонбай жашын сельсоветке чоңойтуп, суранып кеткен. Советтик Армия ар убак немистерди жеңип чыккан кинолорду көрүп, согуш кандай болгонун билүүчү элек. Азыр батыштын боевик же мушташып атышкан маанисиз кинолорунан балдарыбыздын башы чыкпай калды. Эстелип, эрдиги айтылып, жазылып муундан-муунга жеткирилиши керек.

«Чолпонбай» аттуу китеп чыксын деп колдогонумдун себеби да мына ушунда. Дуулдап той өткөрдүк, арбагы ыраазы болсун деп Куран окуп койуп басып кетпей, эскерүү калсын деген максат.

Тарых тактайт, урпак унутпайт дегендей, «Робин» фирмасы Талас элин башка областарга караганда оңдоп жумуш таап, новуйа менен багып жатышат.

Фирманын координатору Абдуллаева Чолпон айымга кайрылып колдоо көрсөтөсүзбү айылдыктардан да жардам болот, чыгымын тең көтөрөлү, кайрымдуулук кыл дегениме жок дебеди. Ушул проекти колдогон Чолпон айымга ыраазычылык билдирем. Чолпонбай баатыр өмүрү өрнөк адам. Музейин кайра жаңылап ремонт жазап, эскерели дегени айылдын патриот уул-кыздары чуркап өз үлүштөрүн кошууда. Жалгыз эле Карабуура районунуку эмес Советтер Союзунун Баатыры, Чолпонбай жалпы кыргыздыкы, эрдиги эч убакта унутулбаш керек. Ар ар ким өз колунан келген аракети менен баатырды эстеп, көмөгүн кошсо кыргыз деп күйгөн эр азаматтарыбыз болсо Чолпонбай баатырдын эрдиги унутулбайт деп ойлойм.

**Омурбеков Курманбек Касымбекович**

## ЧОЛПОНБАЙ БИЗДИН СЫЙМЫГЫБЫЗ

- 2006-жылы айыл өкмөтү болуп шайлангам, - деп сөзүн баштады айыл башчысы. - Чолпонбай баатырга айылдаш болуп калганыма, ошону менен бирге ушул жерди мен жетектеп турганда бүгүнкүдөй тарыхый кырдаалга туш келип жатканыма абдан сыймыктанам. Биздин айылда атажуртун ардактаган элинин патриоту Чолпонбайга окшогон инсандарыбыз өтө эле көп. Алардын катарында Социалистик Эмгектин Баатыры, мамлекеттик маанилүү кызматтарда көп жыл иштеген Сыйнат Садыкова эжебизди айтсак болот. Ошондой эле, кадимки тарыхта калган жокмочу Жеңижоктун түпкү мекени ушул биздин айыл. Сыймыктанып атай берсем алардын ысымдары өзүнчө эле бир чоң тизмени түзөт. Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев агабыздын эрдиги тууралуу не бир макалалар жазылып, ушул күнгө чейин муундарды патриоттуулукка тарбиялоодо анын өмүрү өрнөк болуп келүүдө.

— деп Зулумбек мырза өткөн жердештерин санап кирди. - Мамлекттик кызматтарда эли үчүн ак кызматын өтөгөн Тургунбаев Токтогул, Рысматов Бакракай согуш учурунда 100 миң сомдук заемдун облигациясын мамлекетке жардам деп төгүп берген. Шамбетова Малике апабыз колхоздоштуруу ишинде жооптуу кызматкер болгон болсо, Чолпонкулова Ташбүбү эжекебиз Талас өрөөнүнүн тамекичилик боюнча стахановчу атыккан эле. Суранов Молдоисак агабыз колхоздоштуруу учурунда биринчилерден болуп активдүү уюштуруучу болгон. Аны 1928-жылы Чаткал өрөөнүндө басмачылар менен күрөшүп жүргөн учурунда бузукулар алдап барып тирүүлөй өрттөп жиберишкен. Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшүүчү катары тарыхта калган адам. Куттубай уулу Жунусалы — сурнайчы, Чойбек уулу Сооронбек акын, комузчу, обончу болушкан. Бердишукур уулу Айдаралы — Жөргөлөк агабыз да атпай журтка белгилүү комузчу болгон. Жангелди уулу Молдосан датка болгон, ал эми Жалгасынова

Дарыйка эжебиз Кыргыз Республикасынын эл артисткасы. Айта берсем кечөөкү чыккан атактууларыбыз арбын, - деп маашырлана манжаларын ачып жумуп санап жаткан айыл башчысы мындайча сөзүн улады. - Тарыхка кайрылып урпак унутпашы үчүн, бүгүнкү болуп жаткан иш чара эң жакшы жөрөлгө. Сүйүнүп, жакшы өтүп кетсе экен деп даярдыктарды көрүүдөбүз.

Айылдын азыркы абалына токтолсом, бүгүн биздин айыл өкмөттүн карамагында 5950 түтүн адам жашайт. Чолпонбай айыл кеңеши эки айылдан турат. Чымкент жана Көкдөбө деген айылардан. Айылдарыбызда төрт мектеп, 1 клуб, 1 музейибиз бар. Элибиз негизинен жер иштетүү менен алектенип, жан багышат. Учурда “Таза суу” программасынын 80% бүттү. АРИС проектисинин программасы менен С. Садыкова атындагы мектеп бүтүп жатат. Стимул проектисин утуп алып, 647миң сомго клубубузду оңдоп жатабыз, эми марафон өткөрүп, ушул маарекенин шарапаты менен айылыбыздагы социалдык объектилерибиз

оңолгону турат. Кудай кааласа, айылыбыздын жолдорун оңдоп, музейибиздин ремонтун да сапаттуу жасап алсак, кулубдун ремонту да аягына чыгып калды, эми келечекте спорт залыбызды да ойдогудай кылып, жасалгаларын келиштирип, керектүү шаймандар менен толуктап алсак айыл жаштары үчүн бир топ кызыктыруучу шарт түзгөн болор элек. Болбосо, жаштардын көпчүлүгү шаарга окууга кеткен бойдон кайрылып келбей калган учурлар да жок эмес,- деп сөзүн улады өкмөт жигит. - Жакырчылыкты жою боюнча дагы бир топ иштердин аркасынан чуркап жүргөн кезим азыр. КДС боюнча айыл ичиндеги жер астындагы суулардын деңгээлин төмөндөтүү боюнча дренаждарды казуу өтө маанилүү иш чара катары планыбызда каралган маселе.

Алдыга койгон максаттарыбыздын эң башкысы Чолпонбай фондунун эсебинен айылдык банк ачуу. Жылда Чолпонбай Түлөбердиев атындагы өзүнчө мелдештерди өткөрүп туруу, айрыкча, күрөш боюнча турнир өткөрүп жеңүүчүлөргө байгелерди берүү, аны

менен катар, Россиянын Воронеж областы менен эканомикалык алакаларды түзүү, достук мамилелерди чыңдоо, Чолпонбайдын сөөгү коюлган жерге барып таазим кылуу максатында жердештерининин каалоочуларына жол ачып, барып келүүнү каалагандарга алака түзүп, урпактарга унутулгус эрдиктин эстафетасын татыктуу өткөрсөм деген ойлор менен чуркап жүрөм, өзгөчө, биздин ушул демилгебизди Карабуура райондук “Ынтымак” коомунун жетекчилери Алик Эшенкулов менен Эмил Таштаналиевдер кубатташып, андан ары Мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп, өз алдынча чоң  иш- чара катары белгиленип жатышы бизди аябяй шыктандырып, дем берүүдө, - деп жыйынтыктады өз сөзүн айылдык өкмөтүн башчысы  Зулумбек Нуралиев мырза.

## ЧОЛПОНБАЙ

## ПОЭМА

—Сен эрдик, келдиң кайдан?
—Энелердин көз жашынан.
—Ысымың ким?
—Туулган жер.
—Күчүң кайда?
—Намысымда.
—Сапар алдың эми кайда?
—Келечек муундарга.
—Мүдөөң кандай?
—Дагы күчөп кирем
Урпак кан-жанына.

(ырдан)

"Ыйык Мекен! сага келген
Ажалга мен өзүм кетем!".....

Сактык менен илбээсиндей
Он бир жоокер шек билдирбей
Баратканда сагызгандан

Сак фрицтер байкай калып,
Пулемёту жаагын жанып,
Бир заматта суунун үстү
Булоолонду кайнагансып
Кайыктагынын жаны бирге.
Жамгыр окко карабастан
Бел байлашып тобокелге
Он бир жоокер жылат өөдө.
Көздөн учкан жээке жетип
Секиришип туш-туш жакка
Жер менен жер, секин аста
Боортоктоп дзот жакка
Жылып барат жандалбаста...
А Чолпонбай эң астында
Бара жатып граната
Ыргытты эле пулемёттун
Жаагы жап боло түштү.
Ал кыйкырып: "Ураа,Ураа!"
Калдаланңдап бараткканда
Очорулуп шалак кулайт
Ок кадалып каруусуна.
Оо, каран күн көздөн учкан
Дзотуна үч-төрт кадам

Калган эле
Эми ушинтип
Ушул бойдон турбайбы эмне?!...
“ОО, Чолпонбай кайратыңды
Учурдуңбу шамал желге?!
Касам кайда Ата-Журттун
Жараймын деген керегине?!
Келгениңде баралыңа
Өмүр берген ушул заман
Ушул заман ажытына
Тилечү элем жарайт го деп
Сыналчу кез келди мына.
Жыгылганды тургузуучу
Жарадарды соо кылуучу
Ээ бол, уулум Мекен деген
Ажайып күч , кереметке...”

Чолпонбай тез эске келсе
Жыт каңырсыйт.
Булут көктө.
Жаагын жанып адатынча
Дзот дале дөңдө.

Эң акыркы алын жыйнап,
Ажал бүрккөн пулемёттун
Кылуу үчүн жагын жап
Тиш качырап, ыза кайнап,
Ач жолборстой айбар, айбат
Албууттана бир секирип
Амбразураны бек кучактап
Жатып калды...
Кан буугандай
Ок тык токтоп, биздикилер
Дөңдүү алууга чыкты "Ураалап!"....
Чолпонбайдын жүрөгүнөн
Кара курум кан тамчылап
Жан мусасы турду ырдап :

"Куш асманда "кек алгын"–деп учканда,
Суу ташкындап "өч алгын"–деп акканда,
Бешенеңден үргүлөйүн Атажурт
Бактылуумун сени коргоп жаткanga.

Ыйык тутуп, аруу тутуп намысың

Тыңшайм сенин жүрөгүңдүн кагышын
Таап берсем деп жүрчү элем өзүңө
Өлбөстүктүн көздөн учкан дарысын...

Дүйнө салсам тирилемин сен десем,
Эч азайба, эч кемибе, өлбө сен...
Өмүр бою туткун бол де боломун
Сенин эркин күнүң үчүн кең Мекен!

Сага атылган окко ыйык мекеним,
Төшүм тосуп ажалыңа кетемин.
Мен дүйнөдөн кеткендигим кеп эмес,
Өзүң бар бол, өссүн колуң, этегиң...

Керээзим бул, мен келбеске кетээрде:
Кыргыз болгон жана дагы болот де.
Мендей болсун уулуңдун начары
Эч базайба, эч кемибе, кебелбе!
Кылым кыркып кылкылдаган тууларың,
Эркин жерге эгиздейсиң ырларың,
Кайсы жерде мен жатпайын сеземин
Кай шамалда кай бутагың сынганын.

Ар бир уулуң сага мендей жалынсын,

Жүрөгүн чаап, айлансын да, кагылсын.
Кетсе чөптөн айтып турсун саа деген
Ак сүйүүсүн, камкордугун, сагынчын!”...

**Эпилог ордуна**

–Коюлган дзотуна өзү алган,
Кыштактар ошол күнү бошотулган....
–Билесизби, чөнтөгүндө эмне барын?
–Калган дейт Гүлнар кызга жазган каты,
Саймалуу сансыз тешик бет аарчысы.
Үч бүктөм газетанын кесиндиси,
“Душманды кыйрат!” деген Жамбыл ыры.

...Фрунзе. Түбөлүк от. Эмен багы.
Жеңиш күн. Гүл коюшат элдин баары.
Дондогу боордоштук мүрзөсүнөн
Өпкүлөп ала келгем топуракты
Мен коюп боордоштук мүрзөсүнө

Карасам пионерлер тизилишет:
“Ар дайым аталардын, агалардын,
Ишине дапдаярбыз, арбагына
Ар дайым тазабыз!”деп ант беришет,
Алардын жаш, бирок да айбаты күч
Антынан Чолпонбайдын сүрү келет....

**Анатай Өмүрканов,**
**Талас-Воронеж-Селявное-Фрунзе,**
**декабрь, 1984-жыл**

## БААРДЫК ИШТЕР АСТЫДА

Чолпонбай Түлөбердиев Актондуу уруусунан. Чолпонбайдын тууганымын. 2004-жылы жергиликтүү советке шайлоо болгон, эч ким койбой 1000-сом төлөп өз кандидатурамды койгом, ошондо.

Чолпонбай жөнүндө айта турган болсом, акыркы жылдары аты анчалык деле маани бербей баратканы өкүнтөт. Путин Россияга Президент болгончо Ата Мекендик согуш эмне экенин унутуп баратканыбызды эстеп туталанам.

Бизди түйшөлткөн проблемалардын бири — элибизди таза суу менен камсыздоо болуп саналат.Мамлекеттик "Таза суу" программасынын талабы менен суу чыгарууга кете турган каражаттын 80 проценти проект тарабынан каржыланса, калганын эл өзү чогултуугa тийиш эле.

Анарбек Текешов менен Элүүбай деген киши экөө каршы чыкты. Чоң чогулуш болуп

Элүүбай экөөбүз жакалаша кеткенбиз, колго салып 2 кишиден башкасы колдоп берди. Жогорку Кеңешке алып келдик, район менен областан өтүш керек дешти. Анан революция болду. Митинг пикерттерден кол бошобой дагы жүрдүк. Текебаевге каршыбыз деп кол топтоп кат жаза калыптыр бийликтегилер, ушуга кол топтоп берсең чечбиз дешкенинен адамдарды кыдырып кол койдурдук. Болот Шерниязга арыздандык. Биздин айылдык кеңеш Чолпонбай айыл кеңеши деп аталат деген указ чыкты. Актондуу урусун чогулттук, 143түтүн бар экен, 400-сомдон чогултуп спонсорлор менен 9-майда куран окуталы дегенбиз. Кичине болсода акча чогултуп кетели деп шаарга келгенбиз 6 киши болуп Уюштуруу комитетин түзгөнбүз.

Генерал Анарбек Кошонов, “Ынтымак” коомунун президенти Анарбек Усупбаев 2000-3000 сом чогултуп, Сабыр, Акылбек, Анарбек болуп 10 киши Карабуура районго чыктык. Райондон, областка, Республикага чыктык. Кошоновго кат бердик 50 миң сом жардам

берем деди, Өмүрбек Бабановго кат жазып беришти, Атамбаевге да кат беришти. Анан “Эркин тоого” чыкты.

Айылдык советтин депутаты катары менин берген сунушум Чолпонбайдын эрдигин унуттурбай, жаштарга калтыралы деп өзүнчө пункт кылып жаздырган болчум. Ошол айткан сөзүмдү тактаганга, тастыктаганга аракет кылып чуркап жүргөм. Максатыма жетип келатам, өзүмдүн ойлогон ойлорума, депутат катары айтканыма жеттим. Кудай буюруса, той жакшы өтүп кетсе, Чолпонбайдын эрдигине таазим кылсак урпак эстеп сабак алаар. Чолпонбайдын туулган күнүн билбегендер бар, эң негизгиси - адам катары адамга мамиле жазасак.

Атам согушка катышкан адам. Катардагы жоокер болуп кетип, лейтенант болуп келген, арак ичүү эмес. Бирок 8-майда толкундана баштачу, кийин билдим. 9-май күнү мас болуп келчү. “За русский народ” деп кыйкырып келчү. Согушту көргөн адам катары 4-5- күн тамак ичпей калышып керзовой өтүктү күйгүзгөндө

тери жыттанчу, ошолорду жешчү экен. Кээ бир ачкачылыкка чыдабаган адамдар, чыдабай чөп жеп, карды жарылып өлүп калганына өзү күбө болгон адам. Ачарчылыкты көргөн адам ток болот экен, Кудайга тобо дегиле деп калчу. Абийир, намыс, урмат, сый бар болчу, азыр баары кайда кетти, баары сатылып акча болуп калды. Чолпонбайдай адамдар менен сыймыктанып өрнөк алсак, кана. Өз айлымдын патриоту катары айлымдан чыккан баатырдын эрдигин айылдаштарыма айтып, элге айтпасак , тарыхка калтырбасак кечирилгис болуп калат го деп ойлойм. Айылды оңдогонго жаңыртып кайрадан патриоттуулук менен иштеп жашаганга, жаштарга өбөлгө түзгөнгө көмөк көргөзүп, жакшы иш кылганга жакшы адамдар бар экен, ошолорго учурдан пайдаланып ыраазычылыгымды билдиргим келет. Чолпонбай Кыргыз элинин баатыры сыймыктанчу уулу. Менин тилегим эле баатырдын айылын калыбына келтирүү. Мектептин атын өзгөрттүк Жеңижок кылып, Чолпонбай дыйкан чарбасы бар болчу

банкрот болуп жоюлуп кеткен. Чолпонбай айлында Чолпонбай аттуу эч нерсе калган, жок. Туристтик өлкө катары көтөрүлөбүз деп жатпайбызбы, мына, Россияда жүргөн жердешибизди тартсак, аларды колдоп, эскерип, келген коноктorго кеңири айтып берсек, музейиндеги экспонаттардын абалын оңдоп, келген кишилерге таасир калгыдай кылсак деп эңсейм. Биз деле кеген элди жакшылап кабыл алалык деп ойлойм.

Жакшы тилек жарым ырыс дегендей “Чолпонбай Түлөбердиев Фонду” түзүлүп, Баатырдын атын кийинки муундарга сактоо үчүн Чолпонбайлыктардын чечкиндүү киришип жаткан учуру.

Баардык иштер астыда.

**Таштаналиев Эмил Мусабаевич,**
**Айылдык кеңештин депутаты,**
**Чолпонбай Түлөбердиев фондунун түзүүчүсү**

## ЧОЛПОНБАЙГА ТААЗИМ

«Жердешибиз Чолпонбай жөнүндө, анын көргөзгөн эрдиги жөнүндө көп сөздөрдү айтууга болот. Эң негизгиси, Чолпонбай бир доордун укмуштуу көрүнүшү, биздин коомдун аң сезимин, эрдигин далилдеген унутулгус факт.

Таң калам жана сыймыктанам.

**Чыңгыз Айтматов.19.10 .1982-жыл.**

Жазуучу мындай жалындуу сөздөрүн Чолпонбай Түлөбердиевдин айлындагы эстелигине таазим этип, музейиндеги эстелик китепчесине жазып калтырган.

Мына ушул Чолпонбай жөнүндө менин апамдын эскерүүсү бар. Ал мындай; «Кичинекейинде Чолпонбай кара тултуйган бала эле,- дейт апам.-Зуураке эжем аны биздин үйгө минген атына учкаштырып кээ кезде айылдап келип кетчу. Үйгө жайланып отурушканда жанындагы тестиер Чолпонбай боз үйдүн керегесиндеги жөлөнгөн комузду

кармап ойноп койсо,тынч отур деп апасы аны тыйып койчу». Андан кийин апамдын бул баатыр жөнүндө эскерүүсүнүн аягы минтип уланат; «Биз булактан суу алып келгени чөөгүн, чаканы бакандарыбызга илип чыкканыбызда Чолпонбай бойтоңдоп бизди ээрчип жүгүрүп ойноп жүрөөр эле. Күн кечтегенде келген апасы экоо биздин үйдөн эт жеп, конуп калышчу.»

Чолпонбай ошондо, апамдын айтымына караганда алты-жети жашар чагы экен. Анда Чолпонбайды бул эр жеткенде баатыр болот деген эч кимдин оюнда жок. Согуш чыга элек 30-жылдардын ичи. Аны менин апам кокусунан көрүп калган жок. Жогорудагы айтылган бир-эки ооз эскермесинде таятам Сатыкулдун үйүнө келечектеги даңктуу баатыр Чолпонбай кичинекей чагында ушинтип эки-уч курдай апасы экөө келишиптир. Мындай болгон себеби, Чолпонбайдын апасы Зуураке менин апамдын атасы Сатыкулга бир тууган эже болгондуктан үй бүлөлүк жактан байланышып турушкан экен. Кийин шартка жараша апам

Чолпонбайды бир да жолу көрө алган эмес. Апамдын Чолпонбай жөнүндө болгон эскерүүсү ушул. Анын ушинтип айтканы менин кисинемден наристе сезимиме уюп калган. Ошондогу «кара тултуйган Чолпонбай» дайыма көз алдыма келет. Апамдын эскермесинде айтылгандарды анын кай жерден сүрөтүн же эстелигин көрбөйүн, жүрөгүмдүн тереңинде кайталанып, ага көпкө тигилем…..

Чолпонбай жөнүндө апамдын бир үзүм ошол аңгемеси жан дүйнөмө күлазык болуп келе атат. Анын эрдик менен аяктаган кыска өмүрүнө байланышкан көп жерлерде болуп келетам. Чолпонбай болгону 20 гана жашында курман болду.

**К.Омуралиев,**
**«Ленинчил жаш»,**
**9-май ,1986-жыл.**

## СЕН ЖАШАГАН КӨЧӨ

1958-жылдын октябрь айында борбор шаардын аткаруу комитети мында жаңы курулуп жаткан көчөлөрдүн бирине Чолпонбай Түлөбердиевдин ысымын ыйгарган. Бул аймак жаңы гана түптөлүп келаткан, б.а эл жаныдан там салып, огород тиге баштаган. Бул болжол менен алганда Жаш Гвардия жана Кыргыз (азыр Орозбеков атындагы) көчөлөрүнүн аралыгында, Чоң Чүй каналынан төмөнүрөөк жерде жайгашкан. Ал кезде чоң, бийик имараттар аз эле, айлана жапжашыл тартып, бадалдар жыш өскөн.

Чолпонбайдын ысымын улуу муун жакшы билет, кийинкилери аз-аз кабардар. Билген адамга Чолпонбай ырас эле чоң эрдик жазаган. Азыр биздин убагыбызда эрдик деген сөздүн өзү тескери түшүнүккө айланып баратпайбы. Кандай болсо да,эр жүрөк жигиттин кыска өмүрүндөгү бул окуя дагы далай кылым карытаар. 1943-жылы 160–Горкьий аткычтар дивизиясынын «Боевое знамя» гезити, «дагы

бир топ кылым өтөөр, анан эл Ата Мекендик согуштун санжырасын окуп, анын беттеринен Түлөбердиев, Морозов, Кондрашев ж.б. көптөгөн баатырлардын ысымын окушаар» деген үмүт-тилегин билдирген.

**К.Жумабаев, республиканын борбордук архивинин кызматкери, «Бишкек шамы», 1992-жыл 4-июль**

## ЧОЛПОНБАЙДЫН ВОРОНЕЖДЕГИ ЭСТЕЛИГИ

Ошол балдар кан майдандан кайтпаган .
Дайым мейман түшүбүзгө айтпаган .
Алар мага уялаштан жолу улук,
Далай сонун күндү өткөрдүк чогулуп...
Унутпасак , атын ойго сактасак ,
Шейиттер да өлбөй тирүү жашашат...

**Давид Кугультинов,**
**Калмак акыны.**

Көңүл сүйүнткөн бул кабарды мен күтүүсүз жерден уктум. Россия Федерациясынын Воронеж шаарында жашап —иштеген кыргыз жаштарынын он үй-бүлөсү өз ара демилге көтөрүп, бир топ убакыт бою каражат чогултуп, ушул байыркы орус шаарынан 230км. Алыстыкта жайгашкан жерде теңдешсиз эрдик көрсөтүп курман болгон Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин бейитин жаңыртып, Нак мрамордон сонун эстелик тургузуп коюшуптур! Жашырганда

не, ыраазычылык билдирүү каалоосу жан-дүйнөмдү аябай толкутту. Бул өзү катардагы окуялардан эмес. Буюрса, ырыскы- дөөлөтүн чет жерден издеген жаштар өсүп калган экен, касиеттүү Манас бабабыздын арбагы кимдин жеринде, кимдин элинде жүрсө да, өз урпактарын жакшылык иштерге жетелей берет турбайбы деген таза жүрөктөн жаралган ойлорго кабылдым.

Ооба, өз эл, өз улутунун ар- намысына тартынбай кызмат өтөгөн кишилер ар качандан бир качан ыраазычылык алуунун эң жогорку даражасына татыктуу.Андайды эч кечеңдетпестен калайык- калк алдында,"акыл-эс камчыланып", закымдап-шашылган мезгил алдында ачык жарыя салуу биздин журналисттик парз!

XX кылымдын таңкаларлык феномени Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги жөнүндө убагында көп эле айтылып , көп эле жазылды. Анын Александр Матросовдон дээрлик алты ай мурда (салыштырып көрүңүз; Чолпонбай 1942-жылдын 6-августунда дзотко бой таштаса,

А.Матросов мындай эрдикти 1943-жылдын 23-февралында кайталаган) амбразуранын оозун басканы жөнүндө канчалык “намыс козгогон” уу-чуу болбоду. 19 гана жашында жайраган кайран таластык шер күнү бүгүн да урпактык-коомдук “кайра тирилүү” зарылдыгына муктаж экени эч кимге жашыруун эмес.

Канча “чоюп-созуп” келген күндө да, бүт тексти бир барак кагазга толбогон легендарлуу баатырдын атына коюлган мектеп, көчө ж.б. бар.

Ошондой эле ал жөнүндө Касымалы Жантөшев “Чолпонбай” аңгемесин, Алыкул Осмонов “Чолпонбай” драмасын жаратып, көптөгөн ырлар, очерктер жазылып, түркмөн композитору Ч. Нурымов өзүнүн балетин арнаганы белгилүү.

Жаш денеси менен жалаң бетондон курулган душман дзотун “тил-оозсуз” кылган тарыхта салыштыруусу жок эрдиктин жаратуучусун Кыргыз эл акыны Аалы Токонбаев өз заманында төмөндөгүдөй ырга салган:

Мекениңди сүйгөн совет элиңди,

Коркунучтуу ажалдардан сактадың.
Жалын болуп төгүп турган окторго ,
Калкан болуп жүрөгүңдү каптадың.
Адам сени кылым бойлоп эскерет,
Сен , шер жигит , милдетиңди актадың...

Чолпонбайдын денесин ок бүркүп токтогон амбразуранын ысык темиринен бошотуп алышкан кезде анын төш чөнтөгүнөн жазылып бүтпөй калган сүйгөн кызына арналган катты жана казак элинин улуу акыны Жамбылдын газетадан кесилип алынган ырын таап чыгышкан экен. Алар баары кыпкызыл канга боелгон...

Сүйгөн кызына жолдогон катында Чолпонбай мындай деп жазыптыр:

"Менин жарым жана кубанычым, мени күтүп жүрөсүңбү? Азыр согушка кирем. Душманды кыргыздын баатырлары кандай талкаласа, так ошондой талкалайм.Сен үчүн, бир тууган кыргыз элим үчүн күрөшөм..." Ушул катты окуганда, каз-катар тизилип турган түркүн-түс улуттагы жоокерлер "Бир тууганыбыз үчүн өч

алабыз!" деп дароо эле чабуулга аттанып кеткен дешет...

**Мундузбек Тентимишев,**
**"Кыргыз Туусу"**
**2004-жыл, 17-19-февраль**

## ТОКТОГУЛ ЖЕРДЕШИ ЭСКЕРЕТ

1990-жылы Омск шаарында клиникалык өлүмгө туушар болгон. 2 күндөн кийин келип Алла жолуна түшөлү деп жүрөм. Атеист элем. Кудайды оюма албай, дин жагынан маалыматым жок болучу. Эми сезимим такыр башка болуп калды. Воронежге Ашымбек менен бирге баргам.

1999-жылы жыңы жылдын түнүнө «Пайганбарлар баяны» деп китеп жазып койдум.

Ашымбек Шыйкынбаев менен бирге Зыйнат жеке: «Агайың экөөң адам жазабаган нерселерди жазап жатасыздар, барып сүрөттөрүмдүн баарын көрдүм. Мен сага ыраазымын,» - дечү.

Убакыт закым, кетип калат, жакшы адамдардын артында жакшы иштери калат.

Амал менен асмандагы жылдыздарды тартып ал. Жакшыга жанашсаң жакшы жугат. Насип кайып болуп сага жолуктум. Гени таза ажы адамдар болгон. Өткөн өттү, ниетиң жакшы болсо жакшы, ыйман, ден-соолук, тынчтыкты

сура, калганын мен берем.

Биз алгач жөнөкөйүнөн баштадык, агайдын дилгирдиги жогорку инстанцияларга чуркады. Ашымбек агай болбосо музей болмок эмес. Эки апенди жүрөт деген айылдаштарыбыз болгон, агай болбосо Чолпонбай эмес Чолпонбайдын элеси калмак эмес, Анаш эжеге рахмат, унуттурбай эскерттирип келет. Чолпонбайды да, Ашымбекке да өткөндөрдөн урпакка калсын деп баарын жыйнап ушу күнгө жеткирди. Баардык нерселер убагында айтылбай келет. ДЗОТту тосоордо 9-киши болгон Дон суусунан өткөн 3-өө калган 2-өө гранаттан каза болот. Чолпонбай жетип барып окко төшүн тоскон. Биз барып дене боюбуз дүркүрөдү. Донго барганда өтүп жаткан кемелер токтоп туруп окту үч жолу асманга атып, честь берип өтүшөт экен. Мектептеги музейинде болуп көргөн киши катары кыргыздын сыймыктанаар уулу бар экенине ынанып, сыймыктанып жардам берген күбө болом.

Согуш майданында эмне болгонун ошол бойдон сактап коюшуптур. Дилдин тазалыгын

айт, улам өткөн сайын бары унутулбасын. Ашымбек агай менен насип буюрутса эми дагы оюмда бар, дуба кылганга даяр элем. Элдин унуткус уулуна таазим кылгандар бар болсун. Берлинде канчалаган кыргыздар калды, ниетим бар куран окуп келсемби деген тилегим бар. Китеп кылып жазып калыш керек. Урпактарга өткөрүш керек. Мына, биз өчүп бaратканда кайра жазабыз деп келдиңби, рухтар ыраазы болот ишиң оңолот, айланайын кызым.

**Токтогул Жунусаалы уулу**

## ЖУМАКАН НАРБАЕВА: ҮЗҮРҮН КӨРДҮМ ЭМГЕКТИН

1958- 13 августа келин болуп келгем ушул жерге, ал убакта Тельман деген колхоз болчу. Келгенден кийин тамекиде иштедим. Таза, баё, арак ичкендер аз, жаштар карыны сыйлачу замандын шартына жараша жүрчүбүз, коммунизмге жетебиз деп жашаганбыз. Айылда аксакалдар тарбиялачу. Жеке менчик сода дегенди билбей жашачубуз. Союз ураганы чекесинен кете берди.

16-жыл жашагандан кийин күйөөм кете берди, боору эзилип кетип, 7 ай доктурга көргөздум, болбоду, акыры кайтыш болду. Герой чабандардай «Тоңбойун деп кымтынып, өлбөйүн деп жутунуп» балдарымды багайын деп тамекиде иштедим. Кечке балдарым да мени менен кошо тамеки тизишет. Кечки саат 9-га чейин гана уруксат берчүмүн. Кыздарымды эч жакка чыгарчу эмесмин. 16-жыл саанда жүрдүм, эртең менен 4тө барчубуз, 4 жарымдан кечиксе штраф тарттырчу. Сааганым 20-уй болчу. 28 уй саагандар менен тең сүт тапшырчумун. Гүлүмкан НПОдо иштейт ошол кезде уй фермада учетчик болчу, өзүм эсептеп айтчумун, ошондон 10-сом ашык же кем жазчу, азыр деле бар.

1970-жылы декрет деген болот экен бюлетень аласың дешти. 6000 сом алганым эсимде. Совхоздун коюн да бактым. Жоонтөбөдөн жакшы козу келет деп 2-жыл аны бактым. Мээнет кылсаң ошонун акыбети кайтат экен. Эл билет, заман оошкон кезде балдарым стакан кармап менин көзүмчө ичпесин дедим,

атасы жок тамеки тартып жаман болбосун деп аракет кылдым. Бекмурат шофердун окуусун бүтүп жакшы иштеп атат. Анара улуу кызым женпедди бүттү. Уулкан бухгалтер. Анаркүл эканомист. Бекмурат буудай ташыган убакта оокат ичпей иштеп, район боюнча 06 автомашинасын жеңип алды. Калмурат мал багып 11 -ди бүткөндөн кийин эле тың чыгып 1 -Икарус автобусун алып эл ташый баштады. Бурмагүл Кооперативныйды бүттү. Жардам берди. Элди ташып, 3-4 айдын ичинде атобус өз басын актап, кайра 2 автобус алдык, анан жанагы жеке ишкер болушту. 2-жыл катар 3 автобус менен элди Мекеге алып барып келишти, ыраазычылык билдиришти.

Кары картаңдарды, согуштун ветерандарын, афганстан согушуна баргандарды бекер салгыла деп шоферлорго айтып келем, балдарыма батасы тийсе болду деп, акчасына караган жокмун. Кайрымдуулук кылам - 1 жылкы союп, этин таратып, бир каптан ун берип жүрдүм. Элге берсин эл ичинде мага берсин деп балдарымдын амандыгын тилеп

жүрөм. Эл багар эне деп теле радиодон Таластан берип жүрөт. Газетага жазышып, өзүндөй журналисттер көп келип жүрүшөт.

Талас өрөөнүндө аты чыккан аксакалдар арбын эле, эң негизгиси эл сыйлайт. Намаз окуп, 5 маал Кудайга жалынам. 23 небере, 7 чөбөрөм бар.

Карачач энемди көрүп калдым, эмсек - домсок жакшы киши болучу. Чолпонбай айлынын балдарын карачу. Мен баргандан кийин келини Уулке : - Өзү өлгөнү жатса эмнеге келдиң? - деди. Жакшыга барсаң жаның калат, жаманга барсаң жанынды алат болуп Карачач апа кел деп башын көтөрүп, Анара кызым чекме болуп баргам, ошондо апам чегип берген (чекме желкеси тартылып ээктери көгөрүп мойнун келжеңдете берет). Көзүн көрүп, замандаш болуп калдык. Чолпонбай жөнүндө окуп билип калдык. Кайын атам 63-жылы өттү. Кайненем 76-жылы өттү. Өмүр бою чабаты жеп өттү. Эки күндө бир жолудан казанга чабаты жазаар элем (лаваш). Чабатынын эки бети тең бышат, жукасынан гезиттин жазуулары окулуп турчу.

Сууну да шар аккан суудан иччү. 60 чабатыны 2 күн жейт. Чабаты бышрып бергеним үчүн ошол киши батасын берип кетсе керек. Беш маал намаз окуган Кудай деген кииши болгон. Эки эркек баласы эки аялдан болгон экен. Кайын иним Макулбек Нарбаев 30 жыл тамеки совхоздо директор болду. Бакыт деген баласы бар. Макулбек кайним шаарда Жайчиева Асылкан нечен жыл бою санэпидстанцияда эмгектенди. Аялы Москвадан окуп келген, «Нарбаев» деген фирманын директору болуп иштейт.

Манасбай менен бирге иштедик, жалган айтпаган колхоздун жумушун катуу карачу, отургузчу эмес, термостко куйган чайларды төгүп жиберчү. Чынчыл, намыскөй, жакшы жигит болчу. Түз жүргөн уюштуруучу, план толтуруп өз мойнундагы ишин так аткарган адам, Чолпонбайдын үкөсү деп сыйлашчу. Тирликтери тың эле.

Эркектер техника менен эле болбосо, бүт жумушту аялдар жазачу. Болгон жумуштарды аялдар аткарды. Пейилдин бузулганы бирин-

бири көрө албастыктан келип чыгат. Артка кетириш үчүн, же ошол ишти тартып алыш үчүн аракет кылышат. Ак ийилет сынбайт. Дагы эле иштеп келе жатам Патент системасына өттүк. Мыйзамдын чегиңде иштеп келе жатам. Толгонай магазинин да ачтык. Адал эмгегим менен үй бүлөмдү багып келе жатам. Эмне деген кана легендалар айтылды. Наркотик сатат экен деп да жүрүштү. Эл оозунда элек жок экен. Жолдош Чымындыков жакын кайнагам, кадырлуу жүздүү болуш болгон киши, көп акыл насаатын айтчу. Чолпонбайдын таржымалын көп айтчу. Эсенбаев Асран белгилүү чабан. Чолпонбайды китептен окуп бготип калдык. Биздин Чолпонбай айылыбызда ушу бүгүнкү күндө согуштун ардагеринен 9 киши калды. Жашыңда берсин мээнетти, карганда берсин дөөлөттү дегендей, Кудай берип жакшы. Балдарым мен үчүн, мен балдарым үчүн жаралгам. Карганда баш ийкеп салам бергенге да ыраазы болуп каласың. Өмүрүң өткөн сайын көп нерсени ойлоносуң, баардыгын элесиңдеги элегиңден өткөрүп турасың.

- Сиз өкүнгөн нерсе барбы?

- Мамлекет жетекчилерибиз бош болуп, өлкөбүздө бардак болуп атканы да жүрөгүмдү өйүйт, духу күчтүү адамдар жетекчи болбой калды. Өкүнүчүм деле жок.

- Кыргызстандын өнүгүшүнө дагы канча бар деп ойлойсуз?

- Бийликке барган адамдар эл камын көрбөй, өз кара капчыгынын камын жеп атпайбы, менин жеке оюмда бийликке Текебаев келсе оңолобуз го. Жегич жетекчи болсо оңолбойбуз, менин жеке оюм ушул.

- Ар бир эле жесир аял бизнес жасаса экономика бат эле көтөрүлмөк деп ойлойсузбу?

- Эгерде ар тараптан көрө албагандардын бут тосуулары болбосо. Маселен, менин бизнесимди тартып алабыз деген айрым чиновниктер ар түркүн иштерге барышты. Транспорт инспекциясы аркылуу хронометраж жазатышты, областтык прукорорго беришти, докменттерим туура чыкты. Ата конушка үй салганда, ой келди, бул кемпир машина менен

чапкылап жүрөт деп ойлобосун, кой деп ооруп калып ойлондум. Бул кемпирдин жыйнактуу оокаты жок экен дебесин деп, проектисин чийип салып отурдум. Самаган тамым бүттү. Аталаш сиңдим бар, экөөбүз жашайлы деп чогуу жашап жатабыз. Балдарымдын ар бири өз алдынча очор-бачар. Өзүмдөн 4-5-жаш эле кичүү бир шоферум бар. Керек болгондо аны айдатып алып балдарымдын ал акыбалын көргөнү Бишкекке барып турам. Алар өзүлөрү да жума өткөрбөй келип турушат. Азыр сотовый телефон айылыбызга келип жакшы болуп калды, керек учурда телефондун кулагын бурап балдарым, биртууганым менен сүйлөшүп, зарыл иштериимди бүтүрүп турам. Эми, айнанайын кызым, ушул биздин айылдын тургундары менен сүйлөшүп, Чолпонбай агабыздын эрдигине кайрадан кайрылып, дагы бир китеп жазам деген демилгеңди мен да колдойм, бул өзүнчө алкоого татырлык иш. Өркөнүң өссүн деп батамды берем.

- Ырахмат эже. Сиздин да ишиңизде ийгиликтерди каалайм.

## БААТЫРДЫН БААТЫР ЖЕРДЕШИ

Сыйнат Сыдыкова 1917-жылы Карабуура районундагы Чымкент айлында туулган. 1944-жылдан өмүрүнүн акырына чейин КПССтин мүчөсү. Партиянын Киров райкомунун жана Талас обкомунун аялдар арасында иштөө бөлүмүнүн башчысы, партиянын Буденный райкомунун катчысы, Талас областтык эл депутаттар кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Талас областынын соода бөлүмүнүн башчысы, 1954-жылдан Киров (азыр Карабуура) райондук эл депутаттарынын кеңешинин аткаруу комитетинин төрайымы болуп иштеген.

1958-1962-жылдары СССР жогорку советинин депутаты болуп шайланган. Мыкты эмгеги үчүн 1967-жылы Социалистпж Эмгектин Баатыры деген наам алган. Чымкент айлындагы орто мектепке жана көчөнүн бирине ысымы берилген.

1976-жылы дүйнөдөн өткөн.

## ЧОЛПОНБАЙДЫН ЖЕРДЕШТЕРИ

**Карабаева Ашырбүбү .Тамекичи.**

1910-жылы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүдө туулган. 1930-жылдан бери колхоздун, 1948-жылдан бери КПССтин мүчөсү болгон. Тамекиден бир нече жыл катары мол түшум алгандыгы үчүн 1950-жылы Ленин ордени менен сыйланган. 1951-1961-жылга чейин тамекичилик боюнча бригадир болуп иштеген.1951-55-жылдары Кыргыз ССРинин депутаты болуп шайланган.1944-48-жылы эмгектеги каармандыгы үчүн медалы менен, 1950-жылы Ленин ордени менен, 1957-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен, 1970-жылы Юблейлик медалы менен сыйланган.1958-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку советинин указы менен «Кыргыз ССРинин социалисттик жер иштеринин устаты» деген ардактуу наам берилген.

**Момбекова Уулкан.Саанчы.**

1915-жылы кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.1940-1958-жылдары колхоздун ар

түрдүү иштеринде эмгектенген. 1959-жылыдан 1972-жылга чейин калхоздун алдыңкы саанчысы болуп иштеп келди. 1969-жылы Ардак белгиси ордени менен, 1970-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени, Юбилейлик медалдар менен эмгектери бааланып сыйланган.

Азыр ардактуу эс алууда.

Коркунучтуу ажалдардан сактадың
Жалын болуп төгүп турган окторго
Калкан кылып жүрөгүңдү каптадың
Адам сени кылым бойлоп эскерет
Сен шер жигит, милдетиңди аткардың.

**(Аалы Токонбаев)**

Биз турмушка аталардан кеч келип,
Тээ батыштан согуш отун кечпедик.
А аталар төрөлө элек биз үчүн
Кала берди танк алдында тепселип.

**(Төлөгөн Мамеев)**

## ЧОЛПОНБАЙДЫН КЛАССТАШТАРЫНЫН ЭСКЕРҮҮЛӨРҮНӨН

## ЭЧ КИМ, ЭЧ НЕРСЕ УНУТУЛБАЙТ

**Шыйкымбаев Ашымбектин эскерүүсүнөн:**

- Мен Чолпонбай менен 1937-жылы 1-сентябрда 3-класста тааныштым. Чолпонбай 1-2-класстарда азыркы Буденный атындагы мектепте окуптур. Чолпонбайдын агалары Төкөш, Болотбектер 1937-жылы үй салышып көчүп келишкен. Мен жездем Мамытов Байматтын үйүндө жүрүп чоңойдум.

**Умөтбеков Асанбектин эскерүүсүнөн:**

- Мен Чолпонбай менен 1939-жылы 1-сентябрда 5-класста тааныштым. Чолпонбай менден 3-жаш улуу эле. Биздин класста ал бойго жеткен жигит сыяктуу сезилчү. Класстык дубал газетанын редактору болуучу. Сабактарынан жакшы окучу. Класста

тартип бузгандарды өтө жек көрүүчү. 5-классты бүткөндөн кийин башка мектепке окуп кетти.

**Молдоисаков Ысмайылдын эскерүүсүнөн:**

- Мен Чолпонбай менен 3-4-5-класстарда бирге окудум. Чолпонбай токтоо, ойлонуп жай сүйлөгөн көп нерселерди бизге караганда кеңири түшүнгөн, аң-сезими жакшы эле. Спорттук оюндарга активдүү катышуучу. Тамашалуу ырларды ар кимге арнап тез эле жаза салчу. 1941-жылы декабрь айында өз ыктыяры менен агасы Данкеге кошулуп согушка кетти.

**Адылбекова Аселдин эскерүүсүнөн:**

- Чолпонбай 1939-жылы сснтябрь айында биздин мектепке келип биз менен 5-класста окуп калды. Чолпонбайдын мүнөзү оор-басырыктуу, жай сүйлөп, бирөөнүн айтканын кунт коюп аягына чейин угуучу. Бейчеки сүйлөй берүүчү эмес. Мугалимдер класста

тартип бузуулар болсо бизге айтышпай Чолпонбайга айтышчу. Агайлар кеткенден кийин Чолпонбай бизди дубал газетага чыгарамын деп опузалоочу. Биздин класста жашы боюнча да, бою боюнча да чоңубуз Чолпонбай болчу.

**Абдырайым уулу Ыбырайымдын эскерүүсүнөн:**

-Мен Чолпонбай менен 1940-41-окуу жылында Кара-Сай жети жылдык мектебинде 7-классты бирге окуп бүттүм. 1940-жылы 1-сентябрь күнү 2-бала мектепке келишти. Мага караганда узун бойлуу өзүн токтоо кармаган жоон бала экен. Балдар: «Тигил эки бала сырттан келишиптир» - дешти. Класска кирип кол берип учураштык тааныштык. Экөө бизден чоң болгондуктан арткы партадан орун алышты. Сабакты бирге даярданабыз. Айрыкча химия, кыргыз тил сабактарын жакшы билчү.

Кышы менен бирге окудук. Сырттан барып окуганы менен сабакты бир күн да калтырчу эмес. Экзаменди бирге тапшырып күбөлүктү

чогуу алып, коштоштук. Кийин, согуш башталганда Бакайырдан келе жатканын көрдүм. Мен араба айдап райондон үйгө бараттым эле. Бул биздин акыркы учурашуубуз, коштошуубуз болгон.

**Кенжешов Жусуптун эскерүүсүнөн:**

-Мен Чолпонбай менен 5-класста бирге окудум. Чолпонбай чоң кишилерден сүрдөгөн, алибетүү, токтоо бала болчу. Ар нерсени туура түшүнүп, туура мамиле жасачу. Мектептин китепканасынан: «Каныбек», «Узак жол», «Болот кантип курчуду» деген китептерди алып окуп жүргөнүн көп көрүүчү элем. 5-классты бүткөндөн кийин башка мектепке окуп кетиптир деп уктум.

## ЧОЛПОНБАЙДЫН ЭСТЕЛИК МУЗЕЙИ КАНТИП ТҮЗҮЛДҮ?

- 1968-жылдын июль айында жайкы каникулга чыккандан кийин классташым жана жолдошум Чолпонбайдын эрдик жазап курман болгон жерине барып, мүрзөсүнө гүл коюп, өзүм Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгондуктан: согуш жылдарында душмандын бомбасынын, снарядынын, минасынын жарылууларынан пайда болгон чуңкурлар, жарым-жартылай кыйраган, сынган карагай-кайыңдар, солдаттардын убактылуу түнөөчү жертөлөлөрү, солдаттар коргонгон окоптор, траншейлердин издери калды бекен деп, ошолорду да көрүп келүүнү чечтим.

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөберди уулу 1942-жылы 6- августа Воронеж обулусуна караштуу Лиска районунун “Донской” колхозуна таандык жер - Дон дарыясынын оң жээгиндеги, “Меловая гора” деген тик жардын боюна кой-гон экен. Чолпонбай душмандын ДЗОТунун ок

атылып жаткан оозун көкүрөгү менен тосуп курман болгон жерге сөөгүн коюп, мүрзөсүнүн үстүнө жыгачтан эстелик орнотуптур. Эстелик тактанын бетине балгисиз бирөө:

“Кто скажет, что он амбразуру закрыл
и умер у огненной дверцы
Он Родину сердцем своим защитил,
Простым человеческим сердцем!” - деп бычак менен оюп жазып коюптур.

Чолпонбайдын мүрзөсүнө айылдан алып барган гүл дестемди коюп, топуракты мүрзөнүн үстүнө себелеп, эстелик тактанын бетине бычак менен оюп жазган белгисиз автордун төрт сап ырын көчүрүп жазып алдым да, Дон дарыясынын батыш жак жээгиндеги булуң-бурчтарды кыдырып, согуш мезгилинде танкаларды, замбиректерди убактылуу орноткон чуңкурлардын, жертөрөлөрдүн, траншей, окоптордун орундарын кыдырып көрүп чыктым. Чолпонбайдай эр жүрөк, патриот уулду тарбиялап өстүргөн кыргыз элине жана анын ата-энесине, жердештерине чын жүрөктөн алкыштарын айтышты.

”Донской” колхозу  3 кыштактан турат экен. Майрам күндөрү митингилерди 3 кыштактын эли бүт Чолпонбайдын эстелигинин жанына өткөрүшүп, эстеликке гүл коюшуп таркашат экен. Дон дарыясы менен жүргөн кемелер Чолпонбайдын мүрзөсүнүн тушунан узап кеткенче гудок берип өтөт.

Эртесинде Воронеж шаарындагы облустук “Край таануу” музейинде болдум.Музейдин имаратына кирип барганымда сол тарапта эшигинин каалгасы жок биринчи бөлмөсүнүн кире беришине “Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин бөлмөсү” деп орус тилинде жазып коюптур. Бөлмөнүн ичинде ак мрамордон жасалган Чолпонбайдын эстелиги турат.

**ххх**

Мекен үчүн өз башын курмандыкка чалып, согуш майданынан кайтпай калган 279 эр -азаматтарыбыздын бири, элибиздин даңтуу уулу Чолпонбай Түлөбердиев менен сыймыктанып келебиз. Советтер Союзунун

Баатыры Ч.Түлөбердиев 1923-жылы ошол кездеги Талас областынын Сары -Көбөн (азыркы Чымкент айлы) жергесинде дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан эле атасынан ажырап калып, Чолпонбай энеси менен агаларынын колунда тарбияланат.

Ал убакта азыркыдай кечөлөрү түп-түз, заңгыраган ак үйлөрү бар кыштактар жок болчу. Кыргыздар уруу-урууга бөлүнүшүп, топ-топ болушуп өз-өзүнчө жашашчу. Колунда барлары боз үйлөрдө жашап, томаяктары кара алачыктарда эптеп күн өткөрүшкөн.

1929-1930-жылдардан баштап жеке чарбаларды колхоздоштуруу кызуу жүргөн кезде жамааттaш, канатташ уруулар бир жерге чогулушуп, көчө-көчө кылып кыштакташууга өтүшөт. Мына ошондон тартып балдарды метепке берүү башталат.

Бирок мектеп ар бир эле айылда боло берген эмес . Чолпонбай жашаган айыл да мектептен алыс, Кара-Бууранын өрдөй беришинде эле. Ошондуктан Чолпонбай 11 жашында өзүнчө өгүзгө, атка минүүгө жарап калганда гана

азыркы Буденный атындагы мектепке келип окуй баштаган.

Чолпонбайдын агалары : Болотбек, Төкөштөр Тельман атындагы башталгыч мектептин 3-классынан окуп калган болучу. Аны бүткөндөн кийин, Чымкент айылындагы жети жылдык мектептен окуйт. Ал эми 1940- жылы мурдагы Кара-Сай, азыркы Бакайыр жети жылдык мектебине барып 7- класска кирип, аны сабактарынан « жакшы» жана «эң жакшы» деген баалар менен 1941- жылдын 15-июнунда аяктайт.

Туптуура бир жумадан кийин, 22- июнда Улуу Ата Мекендик согуш башталат. Чолпонбай жана анын агалары: Болотбек, Төкөш, Данкелер аскер эсебине алынып, колдоруна аскердик билеттер берилет. Төкөш июль айынын башында согушка жөнөтүлөт да, төрт айдан кийин, 1941- жылдын ноябрь айында: «гитлердик баскынчыларга каршы согушта эрдик менен курман болду», деген кара кагаз келет.

1941- жылдын декабрь айынын башында

Чолпонбайдын өзүнөн улуу агасы Түлөбердиев Данкеге аскер катарына чакыруу кагазы келет.

Чолпонбайдын энелери (анын атасынын эки аялы болгон) Зуураке менен Карачачтар: согушту илгеркидей, уруу- урууларга бөлүнүп алышып жаат-жаат болуп чабышкандай көрүшүп : «а көрөкчө Данке экөө бирге кетишсе, бири- бирине жөлөк караан болот, ошондуктан бирге барышканы оң»- деген чечимге келишет. Чогуу жөнөөгө шылтоо таппай турган Данке менен Чолпонбай буга чын дили менен макул болушат. Чолпонбай ошол эле күнү Киров райондук аскер комиссарына барып, агасы Данке менен чогуу жөнөтүүнү өтүнөт. Бирок, аскер комиссарынан «өз кезегиң келгенде барсың!» деген так кесер жоопту алат.

Чолпонбай үйүнө капа болуп кайтат. Чолпонбайдын агасы Болотбек ошол эле күнү Сары- Көбөн айылдык Советинин төрөгасы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты Такыев Багышбекке барып, Данке менен Чолпонбайды согушка бирге жөнөтүү

жөнүндөгү оюн айтат. Төрага Чолпонбайдын чакырылуучулар курагына жете электигин эскертет. Бирок Болотбек көшөрүп туруп алат. Болотбек Такыев Багышбектен : Чолпонбай 1923-жылы эмес, 1922- жылы туулган деген справка берүүсүн өтүнөт . Акырында, айыл Совети Болотбекке «Чолпонбай 1922-жылы туулган» деген справканы берет. 1941-жылдын 13-декабрь күнү Чолпонбай агасы Данке менен бирге согушка жөнөйт. Бирок, алар Беловодскидеги бөлүштүрүү пунктуна барганда - Данкени Алматыга, Чолпонбайды Түркмөнстандагы атчандар бөлүгүнө жөнөтүп жиберет. 1942- жылы Данке Сталинград фронтуна, Чолпонбай Ворнеж фронтуна согушка жөнөтүлөт. Данке Сталинград фронтунда согушка катышып оор жарадар болуп, согуштун экинчи тобувдагы майыбы болуп, кайтып келип, 1972- жылдын башында каза болду. Чолпонбай болсо, 1942-жылдын 6- август күнү Воронеж областында Дон дарыясынын оң жээгиндеги «Меловая гора» деген бийиктигине орнотулган душмандын

ДЗОТунун оозун көкүрөгү менен тосуп, эрдик көрсөтүп курман болгон. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 4-февраль 1943-жылдагы Указы менен Чолпонбай Түлөбердиевге Советтер Союзунун баатыры деген жогорку наам (өлгөндөн кийин) берилген.

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин туулуп өскөн айылына анын мемориалдык музейи ачылган. Сиздердин назарыңыздарды Чолпонбайдын мемориялык музейинин экспозициясына бурабыз.

Мемориялык музейдин имараты Кыргызстандык комсомолдордун каражатына тургузулган. Ал имараттын туурасы 11 метр, узуну 33 метр, бийиктиги 5,5 метр келип, темир-бетондон курулган. Музей 1982-жылы 9- майда - Жеңиш майрамы күнү салтанаттуу түрдө ачылган. Имараттын тең жарымынын үстү жабык, анын ичине музейдин экспонаттары менен диорама жайгаштырылган.

Имараттын экинчи бөлүгү ачык. Анын ортосунда төбөсү ачык куполдун астыдагы

бийиктиги 5,5 метр келген, оң колуна автоматын суна кармаган, денесин душмандын ДЗОТуна таштап бараткан Чолпонбайдын айкели турат. Эстелик жезден жазалган. Ал мрамор постаменттин үстүнө орнотулган. Музейдин үстү ачык тарабынын дубалынын оң капталына: аялдар күйөөлөрүн, балдарын согушка узатып жаткан учуру, сол капталына душмандын бомбалоосунан кыйраган урандылардын алдында калып жаткан жоокерлердин элестери чагылдырылган композиция гипстен жазалган. Дубалдын ортоңку бөлүгүндө мрамор такталарга согуштан кайтпай калган 279 эр-азаматтын аталарынын жана өздөрүнүн ысымдары толук жазылган. Тизменин алдында түбөлүк от күйүп турат. Белгилүү даталарга карата ар кандай иш чаралар: окуучуларды кабыл алуу, жашы жеткендерге паспортторду, комсомолго өткөндөргө комсомолдук билеттерди тапшыруу, согуш жана эмгек ардагерлери менен окуучулардын жолугушууларын өткөрүү, аскерге чакырылгандарды узатуу аземдери

өткөрүлүп келген. Эстеликтин айланасындагы атайын газондо түркүн гүлдөр өстүрүлүп коюлган. Мемориалдык эстеликтин кире беришинен музейге келгендер Чолпонбайдын Дон жээгиндеги мүрзөсүнүн үстүндө убактылуу орнотулган жыгач белгинин бетине бычак менен оюп жазган бир куплет ырын окушат.

Музейдин экспонаттарынын арасында: Чолпонбайдын аскер формасында бедизи (бюсту); В.И.Лениндин Советтердин Бүткүл Россиялык экинчи съездинде бийликтин Советтердин колуна өткөндүгү, Жер, Тынчтык жөнүндөгү декреттер, Россия элдеринин укуктары жөнүндөгү декларация жарыяланган учуру тартылган сүрөт. Кыргызстанда Совет бийлигинин онотулушу жөнүндөгү карта, Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөндөрдүн портреттери, алардын арасында биздин айылдашыбыз Суранов Молдоисактын сүрөтү; В.И.Лениндин Түркстан Коммунисттерине жазган каты жана М.В.Фрунзенин каттары; Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасы, кедейлерге

байлардан конфискацияланган эмгек куралдары, малдарын таркатып берүү, алгачкы колхоздун уюштурулушу, айылга биринчи трактордун келиши, райондо биринчи жолу Кульков атындагы колхозду уюштуруучу активистер, анын башкармасынын туңгуч төрагасы Нусупов Осмонкул, айылдын тамекичилик боюнча жумуруятыбызга даңкы чыккан биринчи стахоновчу Чолпонкулова Ташбүбү, Кульков атындагы колхоздун мүчөсү, Чолпонбайдын энеси Төрөкулова Карачач, анын улуу уулу, Чолпонбайдын улуу агасы Болотбектин үй бүлөсү, Чолпонбайдын өзүнүн улуу агасы Данке, Чолпонбай окуган мектеп жана аны окуткан мугалимдер, 1941-жылы Чолпонбай менен бирге 7-класстын бүтүрүүчүлөрү тууралуу баян берген сүрөттөр; согушка чейинки жылдардагы Түлөбердиевдердин үй-мүлкү, Чолпонбайдын 1941-жылы 7-классты бүткөндүгү жөнүндө күбөлүгү жана башка документтер бар.

Ошондой эле, музейдин дагы бир урунттуу композициясын түзгөн эскпонат: өлкөбүзгө

фашисттик баскынчыларды чек араны бузуп басып кирген учуру тартылган сүрөттөр, художник Тоидзенин «Мекен-Эне чакырат!» («Родина- Мать зовет») плакаты,Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы жөнүндө Совет Өкмөтүнүн билдирүүсү, өлкөбүздүн батыш бөлүгүндө «согуштук абал» жарыяланышы жана согушка жарактуу бардык атуулдарды Кызыл Армиянын катарына мобилизациялоо жөнүндөгү СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы, СССР Коргоо Комитетинин Председатели И.В Сталиндин 1941 -жылы 3- июлда радио аркылуу бүт Совет элине кайрылуусу жөнүндөгү тексттер түзөт.

Музейдин дубалында Чолпонбай согушка жөнөөрдө жолдоштору менен чогуу тушкөн, Чолпонбайды аскерге узатуу, аны ВЛКСМга кабыл алуу учуру тартылган сүрөттөр, Воронеж Фронтунун командачысы Н.Ф.Ватутиндин, дивизия комиссары Ф.И.Олейниктин, Чолпонбайдын полктошу В.Н.Радиндин сүрөттөрү, ошовдой эле, согуштан кайтпай калгандардын, кайгып келип, бирок 1941-

1945 -жылдар аралыгында көзү өткөндөрдүн, согушан келип, пенсияда жүргөвдөрдүн сүрөттөрү коюлган.

Ушул жерде Воронеж фронтунун картасы, ал фронттогу согуштун жүрүшү жөнүндөгү фото- документтер, Чолпонбай душмандын ДЗОТунун розуна боюн таштап жаткан учуру келтирилген бедиз, Чолпонбайдын эрдигине арналып жазылган Аалы Токомбаевдин ыры коюлган. Чолпонбайга Советтер Союзунун баатыры деген наамды (өлгөвдөн кийин) берүү жөнүндө СССР Жогорку Советинин Президудумунун Указы жазылган Грамота, СССР Жогорку Советинин Президудумунун ошол кездеги төрагасы Н.М.Шверниктин Чолпонбайдын энеси Зууракеге, аны 1950-жылы Москвага келүүсүн өтүнүп чакырган каты бар.

Музейде 1945-жылы 24-июнда Москвада өткөрүлгөн Жеңиш парады менен плакаттар, фото сүрөттөр менен документтер жөнүндө, согуш жылдарында тылда активдүү эмгектенишкен айылыбыздын мыкты

адамдары, азыркы кездеги Чолпонбайдын бир тууган иниси Түлөбердиев Манасбайдын үй бүлөсү, Чолпонбайдын агаларынын балдары жана алардын үй бүлөлөрү, Чолпонбайдын мүрзөсү тартылган фотосүрөттөр, Чолпонбай кызмат өтөгөн 636-аткычтар полкунун күжүрмөн жоокердик жолу, Чолпонбайдын 1942- жылдын 6-август күнү жасаган эрдиги тууралуу 6- армиянын «Боевая тревога» газетасынын 1942-жылы 18-августагы санына чыккан билдирүүлөр жөнүндө маалыматтар коюлган. Музейдин экспонаттарынын арасында душмандын ДЗОТун жок кылуу үчүн ыктыярдуулар тобун өзү тандап алган, Чопонбайдын эрдигин өз көзү менен көргөн, Баатырдын сөөгүн өз колу менен койгон, Чолпонбайга өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наамды ыйгаруу жөнүндө өтүнүп Воронеж фронтунун командачысына жана СССР Жогорку Советинин Президиумуна кат жазган, 636- аткычтар полкунун мурдагы комиссары, азыр тарых илимдеринин доктору Виктор

Асланович Мурадяндын фото сүрөтү турат. Ал сүрөттө Мурадян менен түшкөн адам Чолпонбайдын классташы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, СССР жана Кыргыз эл агартуусунун Отличниги, Чолпонбайдын мемориялдык музейин түзүүчү Шыйкымбаев Ашырбек. Мурадян менен Шыйкымбаевдер бул сүрөткө 1984-жылы декабрда Ереван шаарында түшүшкөн.

Чолпонбай кызмат өтөгөн 9-ротанын мурдагы саясий жетекчиси, армиялык гезиттин мурдагы кабарчысы, Чолпонбайдын эрдигин өз көзү менен көргөн, анын сөөгүн өз колу менен койгон, отставкадагы полковник, азыр «Роман газета; журналынын башкы редакторунун биринчи орун басары, Фурманов атындагы сыйлыктын лауреаты, РСФСРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмери Семен Михайлович Борзунов менен Шыйкымбаев Ашимбектин 1979-жылы июль айында Москвада жолугушуу учуру чагылдырылган экспонат бар.

Башка фото-сүрөттөрдө Чолпонбайдын Воронеждеги эски жана жаңы эстеликтери,

1974-жылы 6-ноябрда Чымкент айылында Чолпонбайдын элдик музейинин ачылышы, анын ачылышына келген Воронеждик меймандардын митингиде сүйлөгөн жана Чолпонбайдын эстелигине гүл коюп жаткан кездери тартылган.

Музейде ошондой эле, Чолпонбай атындагы колхоздун «Ардактуу колхозчулары», айылдашыбыз Социалисттик эмгектин баатыры Сыйнат Сыдыкова, Кыргыз ССРинин мал чарба устаттары: Эсенбаев Асыран, Мырзабаев Байдылда өңдөнгөн айылдаштарыбыздын сүрөтү, дал ушулар менен бир катарда Кыргыз ССРинин эл артисткасы Дарика Жалгасынованын сүрөтү да бар.

Экспонаттардын арасында Чолпонбай тууралуу жазылган китептер, анын эрдиги жөнүндөгү «түбөлүк өлбөстүк» («Бессмертие») балетинин фрагменттери, Чолпонбайдын эрдигин элестеткен диорама: алдыда Дон дарыясы, анын оң жээгинде «Меловая гора» адыр тоосу көрүнөт, душмандын ДЗОТу ошол адыр тоону түптөй орнотулган, ал ДЗОТко

боюн таштап бараткан Чолпонбай. Ал эми башка жактарында колдоруна пулемет, автоматтарын кезей кармаган советтик жана фашист солдаттарды көрөсүң.

Музейдин фондусунда магнитофондук тасмага жазылып алынган 636- аткычтар полкунун мурдагы комиссары В. А. Мурадяндын, армиялык гезиттин ошол кездеги кабарчысы С.М. Борзуновдун, Чолпонбайдын бир тууган иниси Түлөбердиев Манасбайдын, Чолпонбайдын классташы Шыйкымбаев Ашымбектин Чолпонбай жөнүндө эскерүүлөрү сакталуу. «Ыйык казат» деген ыр, дикторДун Чолпонбайга өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилгендиги жөнүндө СССР Жогорку Советинин Президумун Указын окуганы, согуштун, автомат, пулемет, замбиректердин атылыштары, миналар менен снаряддардын жарылыштары, самолеттордун учушу жана бомбаларын таштаганы, алардын жарылуулары, Ыбырай Тумановдун «Жеңиш» деген күүсү, «Жеңиштин күнү» деген ыр

магнитофондон жаңырып турат.

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин мемориялдык музейине жыл сайын орто эсеп менен 7000 көрүүчүлөр келип кетишет. Мында саясий тарбиялык маанидеги иш чаралар таасирлүү маанайда өткөрүлүп турат. Жаштарды советтик патриотизмге, социалисттик интернационализмге, Мекенди аруу сүйүү сезимине, эмгекке, адамгерчиликке тарбиялоодо Чолпонбайдын мемориялдык музейинин мааниси, таалим - таасири эбегейсиз зор.

Музейди көрүүгө келген ар бир адамды ошол жердин жаратылыш сулуулугунун ажайып көрүнүшү гана эмес, согушта курман болгондор жөнүндөгү элестүү ой- толгоолор да толкундатпай койбойт. Көрүүчү музейдин залында баратып өкүнөт, кейийт, кайгырат, каарданат, мекендештерине сыймыктануу менен Чолпонбай сыяктуу орошон Баатырга терең таазим кылуу, анын өлбөс-өчпөс эрдигин кайталоого даяр туруу сезими менен карап өтөт. Анткени, алардын жүрөгүндө согушта

курман болгондордун: «Ата- Журтту сүйүү аздык кылат, аны коргой да билүү керек тура!» деген урааны үндөшүп тургансыйт.

**Ашымбек Шыйкымбаев,**
**«Кыргызстан» 1991**

## БИР ТУУГАНЫ ЭСКЕРЕТ

Чолпонбай баатырдын айылына атайын барып анын бир тууган иниси Манасбай Түлөбердиев аксакал менен жоолугуп, ал акыбалын сурап, агасы тууралуу эскерип, билгендерин айтып берүсүн сурандым эле, карыя капкачан кургап калган каректерине жаш алып, ошол мындан 60 жылдан ашуун убакыт өтсө да ар бир күндү датасына чейин так эстеп, агасы тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди.

- Чолпонбай жаңы төрөлгөндө менин апам Карачач кыз төрөп, анысы чарчап калат. Сууракенин эмчегинен сүт чыкпайт, сокур эмчек болуп Чолпонбайды Карачач бага баштайт. Жанаалы Түлөбердинин атасы менен бир тууган болгон. Жанаалы өлгөндө анын жесири Сууракени Түлөбердиге алып берип койгон. Жолдош деген иниси болгон, анын да көзү өткөндөн кийин келини Карачачты да Түлөбердиге алып берип койгон. Түлөбердинин эки аялы болгон. Суураке энем 24 бала төрөлгөн. Жанаалыдан Болотбек деген

агабызды Сууракe энем төрөгөн, азыр балдары бар. Түлөбердиден Өскөнбай, Чолпонбай төрөлгөн (экөөнөн тең урук калган жок). Наркулдун баласы, Жанаалынын бир тууганы Жолдоштон Токош 1912-жылкы. Жолдош өлгөндөн кийин Карачачты Түлөберди алат. Карачачтан Данке, кийин мен Манасбай, анан Жамалкан деген карындашым 7-8-жашында өлдү.

Суураке менен Карачач бир үйдө жашашты, кечээ жакында эле өттү Суураке чон апам, 1952-жылы июнда өлдү. Карачач апам 1960-жылы 8-июлда өлгөн.

Данкени 1941-жылы согушка чакырса мен да барам деп войенкоматка барып өзү кетип калган.

- Жашың жете элек экен дегенге болбой өзү суранып атып кетип калган, аны ар ким ар түрдүү жазып жүрүшпөйбү.

Менден 2-жаш улуу эле, 17 жашында кетип жатканда мен 15-жашта элем. Балалыгыбыз бир үйдө өттү.

Чолпонбай бала кезинде бетке чабар шок

бала бочу. Сезимтал эле, экөөбүз мушташа кеткен деле күндөр болду. Кыштоодон ташты кулатып жиберип Чолпонбайдын колун сыйрып кетти, эси көөнүмдөн кетпейт ошондо Чолпонбайдан келтек жегеним.

15-декабрда Данке менен кетип калды. Гулнар деген сүйлөшкөн кызы бар болчу согушка кетип кайтпай калганы эмне болду билбейм. Укчумун, Бакайырда болчу. Кат жазышып макулдашып алчу, сүйлөшүп элге көрүнүү кайда, уялчубуз. Чолпонбай Чоң Чүй каналын касып жүргөн жерден 18 күн иштеп, түнү армияга алып кетет дегенинен Чүйдү карай качтым, күндүз жашынып түнкүсүн жол жүрүп отуруп 7 күн жүрүп араң жеткем. Кайжерде калың куурай болсо ошол жерде жатып эс алчубуз. Келсем Алымкул Усенбаев ыр менен айтып Чолпонбайды угузуп койуптур. 64-жаштарда иштеп жүргөн эле убагы болчу Сууракe апамдын. Уулу менен сыймыктанчу. Чымкент айлынан 400дөн ашык адам согушка кетип, алардын 279у кайтпай калды .

Чолпонбай баатырдык менен өлдү деп эл

эскерет. 1950-жылы Сууракe апам Москвага барып, камалып жаткан акем бар болчу, башкарма болуп жүрүп, жалаа жабылып камалып кеткен эле, ошону апам Москвага барып Чолпонбайдын тууганы деп, куткарып келбедиби. 1957-жылы Воронежге эстелиги ачылганына чакырып ар бир колхоздон 1-ден киши барганбыз. Сулуу маймактан Омуралиев Асанкул деген чабан, Россия колхозунан Миңбаев Түлөберди деген, Кировтон Абакиров Калык деген, «Бейшекеден» Жоробеков Эшимкан, биздин айыл ал кезде Сталин колхозу болчу андан мен, райком партиядан Дүйшөбаев Осмонбек деген адамдар чогуу барган элек.

Чолпонбай байкемдин классташы Шыйкымбайев Ашымбек музейине аракет кылып, ошол кездеги партиянын Борбордук комитетинин 3-секретары Карыпкулов Аманбекке кирейин десе киргизбей коет. Нусупова ЦКнын маданият боюнча бөлүмүнүн башчысы болуп турган экен ошол кабыл алат. Ошол кездеги ЦК ЛКСМдын биринчи секретары

болуп иштеп турган Кеңеш Кулматов көп жардам берген. Мээнети зор болду музейди түзгөнгө, ичиндегилерди өзү чогулткан. Данке согуштан 1949-жылы келди. Мен 1944-жылы 11-февралда Беларусиядан жарадар болдум октун осколкалары ийиним менен далымды талкалап кеткен болучу, 10 ай 5 күн госпиталда жаттым. Андан чыкканымда, 9-майда согуш бүттү.10-май күнү Горький шаарына комиссияга жиберди 3-айга отпуск беребиз дегенинен болбой койдум. Мурманск шаарына Финляндиянын чек арасына айдады. 22-күндөн кийин Москвага келип, 1945-жылдын 3-июлунда бошотту эле 10-июлда үйгө келдим да, 12-июлда колхозго жумушка чыктым.

Болотбек агам келе жатыптыр көрүшүп калып чуркап келдим, ал убакта бары башка болчу.

1946-жылы январда азыркы апаң Уулкеге үйлөндүм, 1 кыз, 1 балам, 4 неберем бар.

Узакбай деген уулум колумда. Кызым Бермат райондо жашайт.

Алгач Чолпонбайдын атын колхозго койду, анан көчөнүн аты, кийинчирээк мектептин аты

да койулган.

Мен деле сыймыктанап Воронежге үч барып келдим. Кэзче жакында губернатор менен Усупбаев деген бала Воронежге барып келишиптир, мага айткан деле жок, эч нерсе деген жокмун. Кошо ала барышса деп 7-миң сом даярдап койгом, келишкен жок. Кай жерге чакырса барам. Өзүбүз той өткөрөлү деп жатабыз. Фонд уюштуралы деп жатабыз дешти. Агам 6-августа өлгөн, билбейм өкмөт кантет, өздөрү билишет да. Ооруп өлгөнү жатканда да өкмөттөн каражат сураган жокмун, - деп сөзүн аяктады баатырдын фронтовик иниси Манасбай.

## ЧОЛПОНБАЙ БААТЫР МЕНЕН ЖЕРДЕШ ЭКЕНИМЕ СЫЙМЫКТАНАМ

Мен өзүмдүн кесибиме байланыштуу ар кандай тагдырларга, ар түрдүү адамдык кулк-мүнөздөргө, психалогиялык каршылыктары менен жашоо ооруга каршы күрөшкөндө, айыгып алып бактылуу кубанганда, кайгырганда, өкүнгөндө пенделик пейилдер менен күндө кездешемин.

Жандын адамдын үмүтүнүн таттуулугун, андан бетер көңүл жактырган ошол адам үчүн жүрөгүңдү берүүгө даяр сезим жан-дүйнөңдө тынчтык бербеген учурда, аргасыз ажалга согушка кетип, билип акылы менен туюп ДЗОТко төшүн тосуп, баардык жашоодогу жыргалчылыктын баарынан мекен, жер, эне, сүйгөн жар үчүн жанын курман кылган жердешим Чолпонбайдын эрдигине эмнени салыштыраарды билбей ойго батам.

Чолпонбай баатыр менен жердеш экениме сыймыктанам.Кичи мекениме жол тартаар күндү эстегенимде андагы айыл адамдары менен эчак өтсө да жолдон тосчу

эстелиги менен Чолпонбай баатыр дагы эсиме түшөт. Кең Россиянын шаарларында жүрүп, билим алып айылдан чыккан кичинекей 19-жаш гүлгүн курак баланын орус элинин да жүрөгүндө жашоо менен сыймыктанаар кыргыз атагын аңызга айланткан баатырдын эрдиги менен кайратына акындар ырын поэмасын, жазуучулар чыгармасын жазып, композиторлор обон жаратып даңтаса да астык калаар. Бала кезден Бакайырга, Чолпонбай айылына келгенибизде Чолпонбайдын согушта көргөзгөн эрдиги жердешибиздин сыймыгы, СССРдин тарыхында калган изи кайрадан каралып муундан- муунга калса дээр элем. Патриоттуулукка тарбиялоодо эл -жерин сүйүүдө Чолпонбайдын образы ар бир кыргыз баласы үчүн үлгү.

Быйыл мамлекет тарабынан белгиленип жатканы улуттун улут экенин кыргыз баласынын атабабасынын жери эли үчүн кашык канын аябай согушканын урпакка унуткарбай эстафетаны татыктуу өткөрүү дейм. Мына согуш бүткөнүнө 65-

жыл өтсө ошол жылы төрөлгөндөр 65-жашка келип согуштун катышуучуларынын аман келгендеринин да айылдарда аягы суйулууда. Союз ураганы каралбай, көңүлдөрүн көтөрөөрлүк 9-май жеңиш күндөрү да белгиленбей калган учурда көңүл бөлүнүп атканы кубанаарлык иш. Жердешим баатыр Чолпонбайдын эрдигин азыркы жаштарга окутуп, тааныштырып, эрдигине таазим кылуу биздин милдетибиз.Мен эскерүүмдү дагы бир кыргыздын чыгаан дүйнөгө тааныткан уулу Чолпонбайдын жердеши (азыр модага айланган жердешчилик) Чыңгыз агамдын сөзү менен бүтүргүм келет.

“Жердешибиз Чолпонбай жөнүндө, анын көрсөткөн эрдиги жөнүндө көп сөздөрдү айтууга болот. Эң негизгиси, Чолпонбай бир доордун укмуштуу көрүнүшү, биздин коомдун аң сезимин, эрдигин далилдеген унутулгус факт.Таң калам жана сыймыктанам.“ Чыңгыз Айтматов.

**Жумабеков Сабырбек Артисбекович, профессор**

## БААТЫРДЫК БИЛЕКТЕ ЭМЕС, ЖҮРӨКТӨ

Кыргыздар.

“Аккан арыктан суу агат“ деген кыргызда сөз бекеринен айтылбаса керек.Чолпонбай Түлөбердиев - бул байыркы бир мезгилдерде улуу империяны түзгөн, байыркы кыргыз кагандарынын, жоокер башчыларынын, баатырларынын урпагы! Манас атабыздын, Аттиланын, Барсбек кагандын, Яглакар хандын, Эр Эшимдин, Бишкек баатырдын каны Чолпонбай атабыздын жүрөгүндө жашап келген.

1942-жылы, 6-август айында, Улуу Ата Мекендик согуштун башталган жылы эле: ал кез кызыл аскерлер үчүн оор мезгил болчу. Гитлердик аскерлер түштүккө чабуул жасап,Түндүк Кавказга,Донго, Волгага жетип барышкан. Воронеж фронтунун жоокерлери менен Родинаны коргогонго жердешибиз кыргыздын баатыры Чолпонбай да бар эле. Канчалаган адамдардын өмүрүн сактап, алардын жеңишке жетишине, зор

мүмкүнчүлүк түзүп Чолпонбай атабыз ДЗОТко көкүрөгүн тосуп, өзүн курмандыкка чалып, баатырларча эрдик менен өткөнүн, мектептен учкай окугандан башка, союз ураганы унутулуп баратканы көтөргөн жердештерине ыраазы болуу менен, көкүрөктө жүргөн нерселерди да чубагым келди.

Эгерде, казак туугандарды кыргызга кошуп эсептей турган болсок, орус туугандардын жасалма саясий, азайтып жазылган документтерине карабай, реалдуу алсак, кыргыз-казактан болжол менен 5 миллиондой адам курман болушса керек.

Чыгыштын философиясында: "Жакшылык согушканда, анын ичинен бир гана жакшы нерсе өндүрүлүп чыгат.Анын эч кимге зыян келтирүүгө жөндөмү болбойт.Эгерде, ал согушса да, ал анын колунда ыйык согушка айланат.Жакшылык согуш үчүн согушпайт,ал жамадыктын жеңишке ээ болуп кетпеш үчүн согушат"...–деген сөздөр бар. Улуу Ата Мекендик согуш – бул жамандыкты токтотуп,

дүйнөгө жакшылыктын жайылышы үчүн жүргөн согуш болчу. Чолпонбай атабыз, согуш үчүн эмес, тынчтык, бейпилдик, ынтымак жана жыргал замандын орношуна ниеттенип, аргасыз согуш майданына катышкан.

Кытайдын тарыхый булактарында кыргыздын тарыхына 4700 жыл деп жазышат. Бул шовинист туугандар эч качан кыргызды өздөрүнөн жогору койгусу келбегенин билебиз. Бирок, кээ бир кытайдын летописттеринде, индиянын тарыхында В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, В.Бутанаев, Ю.С. Худяков, Гумилевдордун жазгандарында кыргыздарды түрк тилдүү элдердин атасы катары карашат.Тарыхый фактыларга таянсак байыркы кыргыз жеринин территориясы миңдеген жылдар бою түндүгү Алтай, Энесайдан, Түмөндөн тартып, түштүгү Улуу Кытай чебине дейре, батышы Урал, Каспий деңизине, чыгышы Камчаткага чейин эбегейсиз чоң болгон экен.

Мен кыргыз жаштарына кайрылып кетээр элем. Чолпонбай атабыздыкындай кайрат

ата мекенди сүйгөн патриоттук сезим баарыбызда болсо гана атаганат. Кыргыздын уул-кыздарынын интелектуалдык, руханий деңгээли бийик болушу керек.

Байыркы замандарда, биздин жоокер бабаларыбыздын куралы кылыч, найза болсо, бүгүнкү күндө - кыргыз элинин куралы акыл-эс болушу зарыл. Илгеритеден ата-бабаларыбыз кан төгүп, курман болуп, согушуп душмандарды жеңип,ыйык кыргыз жерин коргоп, бизге кыргыз элине мурас кылып калтырып кетишкен. Кыргыз мамлекетибиздин жеринин ар бир сантиметри ыйык, баа жеткис байлык. Кыргыз жерин- ар бир кыргыз коргоого, сактоого милдеттүү. Чолпонбай атабыздын руху баардык кыргыздын жүрөгүндө турат.Ошол "руханий жоопкерчилик күчтү" ойгото билип, аны күндөлүк турмушта илимде, бизнесте, маданиятта, искусстводо, технологияда колдоно билишибиз абзел.

Байыркы замандарда, ата-бабаларыбыз дүйнөнү күч менен басып алса, эми азыркы кыргыздын урпактары, дүйнөнү

акыл-эс, маданият, бизнес менен алышыбыз керек. Чолпонбайдай аталарыбыздын өмүрүн өрнөк кылып, жаш муундарды унутпоого окутсак. Ар бир кыргыз, күнүгө таң эрте ойгонору менен: «Мен бүгүн кыргыз элимдин өнүгүп-өсүшүнө кандай салым кошо алам?»- деген суроо менен туруп, аракеттене берсе, биз кыргыз эли илимде искусстводо, бизнесте техникада дүйнөлүк деңгээлге чыгып, өлкөбүздөгү Азиянын асман тиреген мамлекетине айланта алабыз.

**Чыгыш медицинасы боюнча адис,**
**Тай-цзи чебери. Медер, Бишкек**

## ТАЛАСТЫК БААТЫР.
## ОЧЕРК.

Тельман айлынан көп алыс эмес жердеги Грозненск даңгыр жолунан бөлүнүп, кыштак аралап кетчү жалгыз аяк жол да ийрилип жатар эле.

Кыштак чоң деле эмес, бар болгону эки эле көчө. Анын чет жагында башка колхозчулардыкы сыяктуу, колектеп жасалган, эки кичинекей терезеси бар, жапыракай там турат. Тамдын жанында кой короо, аткана бар. Үстүндө болсо өткөн жылдагыдан калган, чокчойтуп, тегиз үйүлгөн чөп. Короонун айланасы кашаага алынбаган, жайдак. Үйдөн чыга калганында эле, мектептин агарган, жапыс үйү көз алдыңа тартылат. Андан ары куурай, чөп өскөн кеңири талаа. Бир аз окчунураак жерде колхоздун короо жайы.

Түлөбердинин үйүндө беш чиедей жаш балдары болгон менен эч кандай уруш-

талаш, кыйкырык- чуу болчу эмес. Ошенте да Зуура жеңе балдарынын тентектигин, шоктугун айтып даттана турган. Бирок, балдары эмгекти сүйүп бышык болуп чоңоюшту.

Балдардын ар кимисинин өзүнчө мүнөзү, жөндөмдүүлүгү, шыгы бар эле. Зуура жеңенин кичүү баласы Чолпонбай да чоңоюп, жетинчи класстын окуучусу болуп калды. Окуудан бош убактында үй тиричилигине, апасына каралашып, бирдемени иштөөгө, үйрөнүүгө тырышчу. Бир жолу Чолпонбай курбусу менен дүкөнгө барып, сатуучудан бир такта фанер, буюм-тайым орогон кагаз сурап алып, самолёт жасады. Самолёттун эби-сыны жок болуп калса да камкордонуп, канатынын үстүнө сыя менен "Чкалов" деп, жазып койду.

Жаш чагында Чолпонбай Чапаев, Буденный, Фрунзе жөнүндө көп окуур эле. Көптү көргөн, көп билген кишилерден, кыргыздын жоокерлери басмачыларды кыйратышкандыгы жөнүндөгү аңгемелерди

кызыгып уга турган. Манасчылар келгенде Манасты аябай кызыгып угуучу.

Кара-Булуң өрөөнүн кызыл шайыдай болуп мандалак, кызгалдак гүлү каптады. Кар бороонду кыш, мемиреген жай менен алмашты. Ала-Тоонун чокуларында эч качан эрибес кар мөңгүлөр жаркырай.

Чолпонбай да чоңоюп, коюу кара чачтуу, кара каштуу, бойлуу жигит болуп калды. Кең далысына чоң кап буудайды жеңил гана коюп, көтөрүп кетчү.

1941-жылдын 15-июну Чолпонбайдын балалык менен коштошкон күнү болду. Ошол күнү эртең менен Чолпонбайга жети жылдыкты бүткөндүгү жөнүндө күбөлүк тапшырышты. Сегиз эң жакшы, алты жакшы деген баасы бар.

Июнь айынын жаркыраган таңында, Тельман айылында баары күндөгүдөй эле болучу. Колхоз сарайынан талааны көздөй тракторлор күркүрөп кетип жаткан. Атканадан алып чыккан аттар чөп чапкыч машиналарга чегилип, темир устаканадан

барскан- дөшүнүн тарсылдаганы угулуп жаткан.

Карыя почтальон Сагын жекшемби күнкү газеталарды, кат-кабарларды алып келди. Чолпонбай курбулары менен тоого чөп чабууга жөнөмөк. Чөп чабынды колхоз кыштагынан алыс болчу. Ошондуктан чалгычылар, чөмөлөчүлөр, үймөкчүлөр тоого узакка орок малына кетишчү.

Аңгыча болбой, колхоздун кеңсесинен председатель чыга калып, өзүнүкү эместей, апкаарыган добуш менен билдирди:

-Тракторлорду токтоткула, аттарды чыгаргыла! Согуш чыгыптыр! Германия бизге кол салыптыр!

Бул кабар чагылгандын отундай жаңырып, үйдөн-үйгө таркалды.

–Согуш!

Түш ооган ченде, колуна курал кармоого жарамдуу болгон эркектердин баардыгы, беш жүк ташыгыч машиналарга толтура олтурушуп, районго жөнөп да калышты. Чолпонбайдын колхоздо кладовщик болуп

иштеген бир тууганы Токош да жөнөдү. Аны узатып Чолпонбай да кетти. Эки күндөн кийин жолдоштору менен бирге Токош да фронтко узатылды.

Мезгил өтө берди. Кайдадыр, мөңгүмуздуу тоолордон алыс жакта согуш болуп жатты. Бак-дарактардан сары жалбырактар учуп түшүп, аны тоодон соккон шамал шуудуратып учуруп жаткан кезде, Тельман айылына радио төмөнкүдөй кайгылуу кабарды билдирип калды:

"Немецтер родинабыздын борборуна жакын келип калды. Тянь-Шань тоолоруна, Чүй өрөөнүнө барган жигиттер Москванын жанындагы салгылашууда жандан кечип, катуу согушуп жатышат. Алардын ичинде жаш баатыр Дүйшөнкул Шопоков да бар. Ал эр жүрөктөргө командалык кылып жаткан Кыргызстандагы мурунку военком Иван Васильевич Панфилов! Бирок, фашистер Москвага өтмөк, аны көрмөк кайда! Жигиттер аларды борборубузга такыр жолотпойт!"-деп элдин духу, зоболосу

да көтөрүлдү.

Киров селосундагы колхоздук кат ташыгыч Сагын күнүгө эртең менен кат-кабарларды алып келип турат. Согуш күндөрүндө Сагын айылдагы үйлөрдүн өтө каалаган мейманы болуп калды. Үйдүн жанына келип, камчысынын сабы менен каалганы такылдатып бирөөнүн эринен же уулунан келген катты сунат. Үйгө кубаныч кирет. Бирок, башкача учурлар да болучу. Сагын короодон узап кете электе анын кулагына кайгылуу ый, кыйкырык угула турган.

Биринчи кайгылуу кабарды Сагын мугалим Жуматайдын үйүнө алып келди. Дагы бир күнү, ноябрь айынын таңкы мезгилинде Сагын камчынын сабы менен Түлөбердинин каалгасын да такылдатып калды. Зуураке жеңе чыкты. Чалдын колунан конвертти алды да карап алып, чочуп, калтырап кетти. Көрсө адрес уулунун колу менен жазылбаптыр. Эненин жүрөгү Сагын жоболоңдуу кабарды алып келгенин сезди. Ошондой болсо да, жакшы кабардан үмүт үзбөй:

- Рахмат Сагын!- деп, почточу менен коштошту.

- Бөлмөгө кирип, ала кийиздин үстүнө олтурду да,башка кол менен жазылган адрести карап алып ойлонду.Катты алып окуудан чочуду.Эмне деп жазылды экен?Уулу Токош жарадар болду бекен? Же, канаты сынып, кайрылды бекен?

- -Апа ,Токоштон кат келдиби?- Чолпонбай жууркандан башын чыгарып сурады.

- Катпы, эмне билбейм, уулум!- деп, шыпшынды энеси.

- -Берчи мен окуюн?

- Токтой турчу уулум, өзүм эле окуюн, сен укта?!...

- Зуураке конвертти айрып, ачты. Кичинекей, калың, ак кагаз жерге учуп түшүп кетти. Зуураке кагазды ала коюп, көзүнө жакын кармады; "Гражданка З. Акназаровага! Сиздин уулуңуз, аскердик антты, жоокердик милдетти эң туура, ыйык сактаган-Токош Түлөбердиев 1941-жылы 30- октябрде, немецтик-фашисттик баскынчыларга каршы,

курман болду... Сөөгү Ашевск селосунун жанындагы бир туугандар бейитине коюлду“...

Чолпонбай апасын көздөй акырын келди. Анын катарына олтуруп, мындай деди:

- Апа, согушка баруугa мага уруксат кыл! Мен Токоштун мылтыгын алып, аны өлтүргөн фашисттерди кыйратамын!

- Сен азырынча жашсың, кулунум!- деди бетин жаш жууган энеси үшкүрүнүп.

- Жаш эмесмин апа, мылтык атууга жараймын!- Чолпонбай эми бекем айтты .

Ошондо Зууракe башын көтөрүп, Чолпонбайдын жалындаган көзүнө карап:

- Алар бекен сени согушка? — деди.

* * *

Военкоматтын кабинети папиростун түтүнү менен толду. Кеңири, чоң столдун төрүндө локуйган киши олтурду. “ Ушул военкомдун өзүгө?” деп, ойлоду Чолпонбай.

Военкомдун чарчап кызарган көзү Чолпонбайга тигилди:

–Эмне айтмакчысың бала?

–Мен Чолпонбай Түлөбердиевмин!-деп, катуу сүйлөдү бала.

–Кош, баатыр?–Военком таңкалгансып, кашын керди.

–Жолдош военком мен сизге мындай суроо менен келдим. Немецтер фронтто менин бир тууганымды өлтүрүшкөн. Өч алгым келет. Мени Кызыл Армияга алыңыз.

–Баса, мына эмесе! Дурус-дурус, андай болсо сен Түлөбердиев комиссияда болдуңбу?

–Жарактуу деп табылдым. Жашым болсо алты ай гана жетишпейт.

Военком столунун тартмасынан пачка папирос сууруп алды да, тартып, оозунан түтүндү буркурата:

–Сен мектеп бүткөнсүңбү?

–Ушул жылы жети жылдыкты бүткөрдүм.

–Эмесе, жакшы болот . Өзүңдү Кызыл Аскер деп эсептей бер!

Эртең кел, фронтко жөнөтөбүз.

–Рахмат, жолдош Военком ! —Чолпонбай ушинтип, кубана кыйкырып жиберип, эшикке чуркап чыкты.

Фронтко кетүү үчүн болгон кызуу умтулуш дароо эле орундала калган жок. Чолпонбай Калининск селосуна жиберилди. Анда 107-атчандар дивизиясы түзүлдү.

Таң эртең мененден тартып, кеч кирип, жылдыз чыкканга чейин жаш кавалеристтер жанды үрөп , тырышуу менен аскер билимин алып жатышты. Чолпонбай да күндөн-күнгө өзүнүн солдаттык мастерлигин жетилтип жатты.Аны кенже командирлердин Ашхабаддагы мектебине жиберишет. Андан кийин аны солдаттык тагдыр Гороховецкидеги аскер лагерине алып барып таштайт.

Воронеж фронтунун 160 гвардиялык дивизиясынын горьковскийлик 636 аткычтар, жумушчу тобуна Чолпонбай Түлөбердиев да кирип калат.

1942-жылы, жазында Чолпонбай тогузунчу ротанын жоокери болду.

Ант берүү күнүн Чолпонбай өмүр бою унутпастай болуп, калды.

Эртең мененден тартып, бүткүл полк селонун аянтына чогулду. Полктун командири

майор Краснов, комиссар Мурадян, батальон роталардын командирлери келишти. Полк туусун алып келип коюшту.

Чолпонбай туунун тике маңдайында, биринчи катарда турду. Ал абдан толкунданды. Аскер окуусуна, машыгууга барганда эчтеке капарында жок, көңүлү тынч эле. Азыр болсо колдору калтырап, кашы кыймылдап, күнгө күйүп кабарган бети кызгылтым тартып ысып кетти.

Антты биринчи болуп, Остап Черновол кабыл алды.

Чолпонбай анттын сөзүн угуп туруп, ичинен күбүрөндү: «Эгерде мен Родинама чыккынчылык кылсам энем Зуураке мени балам дебей калсын, менин сүйгөнүм болсо бетиме түкүрсүн».

Чолпонбай фамилиясын угуп, стройдон чыкты да полк туусунун жанына барды. Орусча тилди анча так сүйлөй албаган менен, анттын салтанаттуу сөздөрүн шакылдата айтты. Антты бергенден кийин, туунун жанына келип, тизеси менен жер чөгөлөй калып,

кызыл баркыт туунун четин эрдине такап өптү. Анын бакырайган чоң көзү кубаныч менен жалындады.

Ант бергенден эки күн өткөндөн кийин полк алдыңкы линияга жөнөдү. Үчүнчү күнү Назаровдун батальону, бир нече күндөрдөн бери согушуп жаткан аскер бөлүгүн алмаштырды да, токойдун ичиндеги коргонууну ээледи.Душмандын атакаларына жоокерлердин эсеби жетпей калды. Тынымсыз салгылашуудан, уйку бетин көрбөгөн түндөрдөн жедеп чарчап, суй жыгылган жоокерлер буттарын тарта албай калышты. Назаровдун батальонунун алдына коргонууну кармап гана турбастан, гитлерчилерди Селявное деревнясынан сүрүп чыгып, үстөмдүк көрсөтүүчү бийиктикти ээлөө милдети коюлган эле.

Эртең менен ротанын командири Горохов чабуул баштоо жөнүндө приказ алды. Токойду аралап бара жатышты. Пулемёт жана мылтык менен атуу уламдан-улам ачык угула баштады.

Кайдадыр, жакын эле бир жерде немецтик алты кундактуу минемет татырап жатты. Миналар так төбөдөн коркунучтуу күркүрөп, ышкырынып уча баштады. Кайдадыр арт жакта дүңгүрөгөн жарылуулар.

Рота ачыкка чыкты. Алды жактан Селявное деревнясынын биринчи үйлөрү көрүнө баштады. Жоокерлер алга карай чуркашты.

Чуулдап учкан октор жылан тилин соймоңдотушуп, таң алдындагы жымжырттыкты кескилеп жиберди. Пулемёт татырайт.

Чолпонбай мында да, тигинде да бомбалар жарылып жатканын көрдү. Башын көтөрбөй жерге жатып калгысы келди. Өлүп калуу кымбатбы? Бир гана ок жаңылат. Иван Антонов катарда экен, кайрылып калды:

-Эмне үчүн атпайсың?

Чолпонбай автоматтын кундагын көкүрөгүнө такады да, удаалата чуулдатып атып калды. Жоокерлер кыйкырышты. Алардын добушу жалпы "а-а" деген жаңырыкка кошулуп калды. Чолпонбай да кыйкырды. Ошол кыйкырыктан улам жеңилдене түштү.

Катарлаш старший лейтенант Горохов чуркап келе жатты. Чолпонбай андан калып калбоого аракеттенди. Алды жактан окапалар көрүндү. Октор баштарынан алыс чуулдап жатты. Оң жагынан мина жарылып, чачырандылар ышкырына учту. Чолпонбай артына бурула калды. Бир жоокер ичин кучактай, колу менен баса ,жерге отура кетти. Рота душмандын окопасына жакындап калган. Чолпонбайда арасында бар, алдыңкы жоокерлер ал окопаларга жетип барышты. Ким кимди атып жатканын түшүнүү кыйын эле. Баары аралашып чатышып калгандай, бирок, биринчи коркунуч жок болуп кетти.

Каскасын көзүнө түшүрө кийген немец окопанын кырына автоматын коюп, чуркап келе жатышкан кызыл аскерлерди атып жаткан эле. Жалындаган ок кулакты жанып өттү. Жакасына ысык кан куюлду. Чолпонбай ооруксунбастан автоматын көтөрүп атмакчы болду. Бирок, үйүлгөн топурак жолтоо болуп, атууга мүмкүндүк болбоду. «Шайтан баскыр! Мени атып өлтүргүсү келет , ээ!»-деген ой,

бомбалай турганын баары билишкен.

Аскерлер токойдун ичине , алыстап кирип бара жатышат.Дарактар күндүн бетин калкалап, токойдун ичи сыдырым суук болуп турду. Айлананын баары көк орой чалгын шибер чөп.

–Эс алгыла!–деп, Горохов команда берди.

Жоокерлер жерге олтуруп, эс алып, чулгоолорун оңдоп чулганышты.

Майор Красников келди.Аны баары билишчү. Полктун командири өлгөндөн кийин, ал солдаттарды согушка алып кирип, гитлерчилердин Острогожскидеги кысымына сокку урган болчу.

-Мындан ары чегинбейбиз,– деп, Красников бекем айтты,-Дондун жээгине бекинебиз да, артка бир кадам да чегинбейбиз.Мына ушул жерден тартып, чабуулду баштайбыз. Эми окоп казыш керек!

Дондун сол жээгинде, Хохлацкой луки токоюнда полктун чегинген батальондору өздөрүнүн позицияларын чыңдап жатышкан

эле. Старший лейтенант Гороховдун ротасынын жоокерлери окоп казып, жашырына башташты. Коргонуу участкасы дээрлик ачык болчу. Теректер, талдар, кайыңдар тилкеси Дондун жээгинен бир кыйла алыстан башталуучу.

Узата жээктен элүү метрче алыстыкта гана, майда кырчын талдар өскөн кумдак дөбөчө, кашат бар эле. Окопторду толук профилде казышты.

Жоокерлер дөбөчө кашаттын бүткүл, узата кыры боюнча окоп казып бекиништи. Токойдун четинде, бутактары тарбайган эмен жыгачынын түбүндө замбрек расчету алп урушуп жатты. Замбрекчилер замбректерин жашырып жатышты. Байланышчылар зым түрүп, аны токой аркылуу Троицк кыштагын көздөй созушту. Анда дивизиянын штабы орношкон эле. Зымдардын башка линиясы Ново-Задонск хуторун, полктун командирин көздөй созулуп бара жаткан болучу.

Душмандын самолеттору айланып учуп, биринин- артынан бири ылдый көздөй куушурула кириштн. Моторлордун күркүрөгөн

жаңырыгын жиреп, уламдан-улам чуулдаган катуу үн угулду, андан кийин ушундай бир чоң жарылуу болду деңиз, бүткүл жер-суу күүлдөп, силкинип кетти. Ал жарылуудан кийин, дагы удаалаш башка жаңыруулар болду.

Ар бир жарылуу сайын жердин жандуу нерсе сыяктанып дирилдей силкингенин сезип, демин ичине алып, көмкөрөсүнөн түшүп, бетин жерге такап Чолпонбай жатты.

Көтөрүлгөн коюу чаң тумандап, дарыяны да, токойду да, ал турмак ачуу тийген күндү да каптап жатты. Кайдадыр, жакын эле жерден бомба жарылды.

– Кайык көрүндү!– Жоокерлердин бири кыйкырып жиберди. Бирок, душман өзүн-өзү, кайда экенин билдирип койду.Гитлерчилер пулемот, автомат менен ата башташты. Немецтер кезек-кезек кыйкырып жатышты.

- Аткыла!–Ротанын командири ушинтип команда берип калды.

Пулемотчу Василий Петров гашеткеге өбөктөй калып, ар бир атууда:

- Каргыш тийген жүзү каралар! Кайда жутунасың! Мына сага биздин жээк!–деп, кекене күбүрөп, атып жатты.

- Э-э, Петров жигит өжөрлөнүп алды!– Чолпонбай жанындагы Остап Черновго күбүрөдү.-Кана эмесе, немецтердин жанын көзүнө көрсөтөлүк!

Чолпонбай дискасын алмаштырды. Фашисттердин кайыгы дарыянын бетине чачырап кетти.Алар сол жээкке жакындап келүүгө даай албай калышты. Бир далай кайыктар дарыяда айдоочулары жок, калкып жүрүштү.

Гороховду батальондун командири, капитан Назаров чакырып калды.

- Олтуруңуз! — деди ал, Горохов жер кепеге кирер менен.

Ротный унчукпастан жыгач скамейканын үстүнө олтурду. Назаров столдун бурчуна өбөктөй берип, сүйлөдү:

- Душман толуктоо алды. Кечээ күнү Дондун нары жагына чалгындоочулар жиберген элек. Алар кайтып келишкен жок.

Бизге "тил" керек. Эртең саат жетиге чейин камсыз кылгыла!

- Макул, камсыз кылалык!

- Кимди жибересиңер?

- Чалгындоочулардын жетекчиси лейтенант Герман болот. Аны менен үч жоокер- Метровели, Черновол менен Тулебердиев барат.

Тулебердиев туруктуу, кайратуу жана күчтүү жоокер. Ал жакшы чалгындоочу болушу мүмкүн. Метровелинин көзү курч, айлакер жигит.

- Болуптур, андай болсо жиберип көрөлүк!- капитан макул болду.- Ох, бизге немец абдан керек болуп жатат!

- Табабыз, немецти жерден чукуп да болсо таап келебиз!- Горохов командирдин жер кепесинен чыкты. Старший лейтенант кайра ротага келди да, Германды чакырып алып айтты.

- Яша, сейилдикке чыгып келүүгө туура келип жатат. Ордубузда көп олтуруп калдык. Наркы жээкте талаа кеңири,

сейилдик кылуу үчүн жай көп экен. Анда ээн-эркин, камырабай жүргөн фашисттер да кездешип калышы мүмкүн. Ошолордун бирөөнү кармагын да, алып келгин! "Тил" алып келүү зарыл болуп жатат. Жоокерлериң болсо кайратуу, күчтүү, маселен, Черновол, Метровели жана алдуу-күчтүү Тулебердиев бар.

Түн ичинде чалгындоочулар душмандар жаккы жээке, өздөрү үчүн биринчи болгон жүрүшкө даярданып жатышты. Жоокерлерди, чалгындоого ротанын комсоргу Никитин жана взводный Герман даярдашты.

Ал түнү аз эле уктоого туура келди. Түн жарымында ойгонушту. Чолпонбай автоматын алып, чөнтөктөрүнө бирден гранат салды.

Ошентип, Герман, Тулебердиев, Метровели, жана Черновол кабардашуу өткөлүү менен бөкчөңдөй жүрүп олтурушуп, Дондун жээгине чыгышты.

Бороон ышкырып, токой шуулдап, толкун кумдуу жээкти ургулай, шарпылдап

жатты. Окоптор түгөндү. Чалгындоочулар окоптордон чыгышып суунун жээгине өскөн, дайынсыз болуп карарып жаткан бадалдарды көздөй бет алышты. Чөптөр шуулдап жатышты. Аңгыча болбой бул жаккы жээктен да ракета атылып чыгып, бийик көтөрүлдү эле, айлананын баары жаркырап, толкундун жаркылдаганы көрүндү, жээктеги дарактардан кабарыңкы көлөкөлөр сойлой баштады.

Бир аздан кийин ракета Дондун үстүнө атылды да, суунун ичине түштү. Айлананын баары жымжырттыкка бөлөндү. Наркы жактан пулемет тытырай баштады. Герман бадалды жазып жиберип, токойдун ачыгын карады да, колун шилтеди. Жоокерлер кайыктардын бортуна жармашышты. Кайык түптөрү кумга өйкөлө, шыркырады.

- Олтургула! Жээктен түртүп жиберемин.

Герман кайыкты алга карай түртүп, камыштан таза сууга чыгарды да, бортунан этияттык менен секирип чыкты. Черновол

веслону колуна алды.

Дондон аман-эсен өтүштү. Жоокерлер кайыктарды жардын алдына жашырып коюшар менен эле, дагы кайрадан ракета көкөлөй атылды. Бирок, эми коркунучтуу эмес эле. Бийик жээк чалгындоочуларды душмандардын көзүнөн ишенимдүү калкалап турду эле.

Айдөшүрөөк жээкти издеп табышты да, жогору көтөрүлүштү.

Душмандардын окопторуна жетиш үчүн, бир аз оңгороок бурула жүрүш керек эле. Шамал жүрүп чөптөрдүн башын жерге ийип турду.

- Коо менен жүрөлүк, немецтердин позициясы алыс, - деди, Герман шыбырап.

Чолпонбай автоматын көкүрөгүнө кысып, взвод командири менен катарлаш жүрүүгө аракеттенди. Андай жүргөндө тынчыраак сезет эмеспи. Герман Чолпонбай жакка бурулуп, аны колдон алды да, чочубагын дегендей катуу кысты. Чолпонбайдын

ийни менен Остап Черноволдун ийни бири-бирине жөлөк.

Душмандардын окопаларына жетишкенде, взводный жоокерлерди калтырды, Черноволду да ордунда калууга буйурду. Метровели бир аз оң жакка турду.

Взводный менен Чолпонбай алга карай жөнөштү.

Душмандын окопунун кыры көрүнүп да калды. Окоптун кыр топурагы чоң, түз бурчтуу жал кылынып башкача үйүлгөн. Ага чыгыш оңой эмес эле. Герман бир аз өөдө болду да, окоп кырынын бурчуна боортоктоп жата калып, бурулуп үйүлгөн топурактын бооруна жабыша калды. Анын алдында кууш өткөөл бар эле. Күтүлбөгөн учурда туура жактан пулемет татырап калды. Чалгынчылар жерге жата калышты. Жүрөк алып учуп, дүпүлдөдү. Кандын диркиреп, жүргөнү угулду. Дене ийне менен сайса да сезбей тургандай болуп, катып калды.

Минуталар өттү. Эч кандай кыймыл

болбой, атуулар токтолуп калды. Герман башын көтөрдү да, айлананы дыкаттык менен карап, чөгөлөй калды. Аңгыча болбой ыргып туруп, өткөөлдүн ичине кирип кетти. Чолпонбай анын артынан кошо секирди. Ошол эле замат:

- Тулебердиев кел мында! Жата калып, бекем бас!- деген үнүн укту.

Чолпонбай немецтин үстүнө бүткүл салмагын сала басты да, душмандын колун сыйпалап, бекем кармап, күчүнүн бардыгынча артын көздөй кайырды. Герман фашисттин оозуна чүпүрөк тыга койду.

- Алып чык !- деп, шыбырады взводный.

Чолпонбай "тилди" аркасына көтөрүп ала коюп, белин ийип, өткөөлдүн ичи менен жөнөдү. Үйүлгөн топурактын кырына чыгуу үчүн взводный жардам берди. Черновол менен Метровелиге келгенде Чолпонбай:

- Күлчүйгөн семиз немец экен, алты бут келер көк соккур!- деди. Көтөрүүгө,

буушка жеңил, оңтойлуу болсун үчүн каптын оозун силккенсип, Чолпонбай немецти ийинден алып, катуу силкти.

Таң сүрөйүн деп калды. Взводдун командири тынчсыздданды. Немец көп нерселерди айтып берүүгө тийиш эле. Эгер айта турган болсо, анда жоону ушул жээкте учуратуууга туура келер? Кайыкка тез жетиш керек эле.

Тулебердиев, тезирээк жүрө албас бекенсиң?

-Тезирээк жүрбөгөндөчү, жүрөмүн!- деп, Чолпонбай кадамын ылдамдатты. Жээке жеткенде Чолпонбай чукул бурулду да, "тилди" кайыктын ичине тыштап жиберди.

Метровели менен Черновол кайыкты айдап жөнөштү. Дондун үстүн кайып, туман жылып жатты. Удаа ок кайыктын оң бортун жулуп кетти, калак ортосунан тең бөлүнүп калды.

- Суугa секирип түш!- деп, Герман кыйкырып калды.

Взводный туткундун колу байланган арканды кесип жиберди да, анын оозундагы тыгын чүпүрөктү сууруп алып, суугa түртүп жиберди. Анын артынан өзү ыргып түштү. Командир немецтин катарында сүзүп бара жатты. Алар кайыктан он метрчелик сүзүп узай электе, анын үстүнө мина келип түшсө болобу.

Туткунду полктун штабына токтоосуз жөнөтүп жиберишти.

**Фёдор Самохин,**
**(«Таластык баатыр» очеркинен үзүндү.)**

**.**

## ЭРДИККЕ ТААЗИМ

Сүрөттөр көп, жаштык кездин тарткан азыр элесин,
Альбомдорду барактасаң не бир ойго келесиң.
Карап жатып жаш кездеги сүрөттөрдүн ичинен,
Студенттик курагымда аралагам Дон жээгин.

Ошол күндөр, чубап өттү, кино сымал каректен,
Андан бери өмүр жылып, отуз жылдын жүзү өткөн.
Дүйнө жүзүн титреткан, кулап бекем держава,
Өз алдынча өлкө болдук, кош айтыштык Советтен.

Бир кездеги Ата Мекен бүтүндүгү ажырап,
Он беш өлкө өз алдынча Мекен күттүк чачырап.
А бирок да, эстегенде жаштык өткөн жерлерди,
Көргүм келди орус жерин кайра баштан аралап.

Жаштык кезим, студентмин жогорку окуу жайында,
Жеңиш майрам келген сайын барчу элек ал айылга.
Тосуп алчу кучак жайып "Тихий Дон"дун эли да -
Чолпонбайдын жердештери келишти деп Селявна.

Дон дайрасы калыбындай агып жаткан миң жылдап,
Агып жатат азыр дагы эч бир шашпай жайма-жай.
Аккан дайра жээгинде басып жүрдүм шашылбай -
Өткөн күндөн элес издеп, издегендей ийне көзүн табалбай.

Суунун үстү тептегиз, жел жок өткөн сыдырып,
Келген элем Кыргызстандан эл аралап кыдырып.
Тээ бир кезде, согуш эле - он тогуз жаш кезинде,
Төшү менен доттун оозун тоскон батыр Чолпонбай.

Мобул дөңгө жашырышкан калбыр болгон денесин,
Көз алдыма элестеттим сыздаганын, анын Зуура энесин.
Ошол күндөн ушул күнгө бул айылдык тургундар,
Гүл коюшуп бапестешет Чолпонбайдын элесин.

Тээ-тетиги урчуктагы ыңгайлуу жер Дот орду,
Дон дайрасын кечкендерди кырып турган оболу.
Немистериң атайылап курган тура тосмону -
Өткөрбөөгө бул тарапка бир да аскерин советтин.

Басып жүрүп Дон жээгинде сийго баттым, толгондум,
Сүзүп өттүм аркы өйүзгө, убакытты болжодум.

Араак басып, чыйыр менен бараткanda жолумдан,
"Токтой тур", - деп уй кайтарган бир абышка токтотту.

- Кан кайнаган согуш маалы, он экиде курагым,-
Деп баштады кары сөзүн, - Эстесең, - мен сурадым.
Август айы, таң эртеңден үйлөрдү бүт кыдырып,
Фашисттердин желдеттери элге салган убайым.

Жүргүн иним, көрсөтөйүн, сага мен бир кызыкты,
Аскерлердин турган жерин, анан өзүң кызыккын! -
Жол баштады, чыйыр менен алга басты карыя, -
- Абай болгун, дале өчө элек саркындысы согуштун!

Былтыр эле Селявнодон уй жайышкан жаш балдар,
Таап алышып чукулашса снарядды дат баскан.
Алып кеткен өмүрлөрүн. Бул жээкке тыйюу салган,
Мал жайуга, эс алууга өтпөгүн деп бийликтеги кыраандар.

Ооба, туура, мында турган биздин Кызыл армия,
Алгач бул жер немистердин болгон болчу колунда.
Токой ичи кол салууга ыңгай түзөт экен деп,
Ар кай жерге каткан окшойт жексурларың көп мина.

Согуш бүтүп, жок кылса да фашисттердин карaанын,
Дале минтип, жаңырууда саркындысы, алар сепкен балааныН.
Жарым кылым өтсө дагы, андан бери убакыт, -
Дале эсимде, канкорлордон бошоткону биздин чакан калааны.

Снаряддар жааган анда нөшөр болуп чынында,
Пулемету немистердин токтобогон тынымга.
Мобул жерден дүрбүмдү алып, карап көрчү сен өзүң,
Анан кийин ойлоноорсуң, не болгонун ошол күнкү согушта.

Уй кайтарган абышканын алып жатып дүрбүсүн,
Узатаарда ага суроо, байкай калып капталдагы үлгүсүн,
- Кадимки эле немистерден калган ушул трофей
Мага берген белек кылып, кызыл жоокер Тимофей.

Андан бери алып жүрөм жоготпой да түшүрбөй,
Дале мыкты көрсөткөнү, көз ачылат тунугунан күзгүдөй.
Улутунуп алды дагы, колун жаңсап, аркы өйүзгө көз чаптыр
Деген сыңар кары турду сынагандай, бүшүркөй.

Чынында эле аркы жээк алаканга салгандай,
Тээ тетиги дөңсөөдөгү болсо керек Дот орду.
Дегенимче кары байкап, менден мурун коштоду
- Байкоо салган жер ушул деп, ойлономун болжолу.

Оң жактагы, көрдүңүзбү, алакандай жайыкты?
- Ооба көрдүм, отуз чарчы тегиз түзөң жайыкпы.
- Ошол жерге бүтүн жыйган немис биздин айылды,
Биздикилер атпасын деп, тирүү тосмо ылайыктуу.

Улам суудан аркы жээкке сүзүп чыккан аскерди,
Пулеметтон терип атып, кырган болчу көп эрди.
Колдон кебей, качууга да арга таппай турганбыз
Жүрөк сыздап,
Ыйлаганбыз, сулаганын көрүп ар бир жоокердин.

Мына ошондо Гала, Даша деген биздин эжелер,
Таш алышып башын жарган экөө эки немистин.
Кемпир-кесек жоолук булгап, белги берип аскерге,
Аябастан аткыла деп, тигил жакка качканбыз.

Бир заматта замбиректер ок жаадырган токойдон,

Онго жакын аскер суудан өтүп келген, көргөнмүн.
А бирок да, дөңсөөдөгү дзоттун жаагы басылбай
Кырып салган, баарын бирдей суудан сүзүп өткөндүн.

Уйчу абышка айтып атса, көзүмдөн жаш агылды,
Элестеттим кырылганын, түгөнгөнүн арганын.
Көз алдымдан тасма сымал көрдүм ошол чабуулду,
Аталардын, агалардын шейит болгон арбагын.

“Меловая гора” деген тигил турган боз дөбө,
Ыңгайлуу экен коргонууга, Дот куруга эң эле.
Фашисттеридин кол башчысы тапкан тура ыңгайды
Ажал отун сееп жээкке, ок жаадырган турбайбы.

Мына ошондо, “ким барат,- деп, - тике багып ажалга?”
Кызылдардын командири аскерлерден суранса.
“Мен барам!”- деп, кебелбестен чыгып алга катардан,
Кыргыз жигит, кадам койгон өзү акыркы сапарга.

- Мекен үчүн жан берүүгө ант бергенбиз эбакта,
Фашисттерден өч алууга жетти кезек заматта.
Менин агам каза болгон, канкорлордун колунан,
Биз аянсак, чыгалбаспыс душман жайган торунан.

Деди дагы, белге байлап чиркешилген гранат,
Ал бет алды немистерге көрсөткөнү кыямат.
Тогуз жигит Дондон өттү, дотко карай бет алды
Артиллерия коштоп турду тынбай бүркүп снаряд.

Эми гана боз дөбөгө алды жетип калганда,
Кашайгырың, кайра жанды, кайрадан ок жааганда,
Колундагы гранатын дотко карай ыргытса,
Кебелбеди, кенебеди, жарылуудан бөлөнсө да ал чаңга.

Бирден терип жолдошторун, ойрон кылып салганда,
Боортоктоп Бор дөбөдө - жылып дотко барганда,
Атаганат, гранат жок, автоматта ок түгөнүп калганда
“Колдой көргүн, Манас ата, салба мени арманга!”

Бир саамга ой токтотуп, өйдө жылды кайрадан,
Бар чыгаар деп, бирөө-жарым чогуу өткөн дайрадан.
Саам токтоп, башын буруп арт жагына кылчайса
Сулап жатат ар кай жерде, бири калбай, арман ай.

Баткан окшойт, баатыр агам, түбү терең кайгыга,
Мындан ары кантип жашайм, аткарылбай тапшырма.

Тигил "ооздон" тытыраган, тынбай тыткан пулемет,
Дагы канча жанды кыйат, кайтсам эгер артыма.

Деген ойдо, алга жылып издеп арга, жан далбас,
Байкап көрсө, фашисттердин курган чебин ок албас.
"Эмне кылсам, канткенде мен мунун жаагын жап кылам?
Жакын туруп артка кайтсам, уят болоор кутулбас.

Ата арбагы, намыс үчүн, кыйдым асыл жанымды,
Мекен үчүн төгөм мен да агама окшоп канымды.
Мейли дечи, мен өлөйүн бүгүн ушул майданда -
Атаганат, жибере албай калдым жазган катымды.

Биздикилер аман өтсө, огу тийбей душмандын,
Аркамдагы досторумду шум ажалдан куткардым.
А бирок да, арман болоор жете албасам мүдөөмө,
Так эсептеп, күчүм болжоп анан кийин утмакмын.

Ойлонууга убактың аз, ыкчамдагын Чолпонбай,
Чечкиндүүлүк каныңда бар, шилте кадам тартынбай.
Ичте каткан бир арманым, көрбөйм эми эл жерди,
Апакемди, сүйгөнүмдү - Гүкүшүмдү алтындай.

Алып чыгып жүзаарчыны, катып жүргөн бапестеп,
Жыттап-жыттап, аны кайра салып коюп чөнтөккө,
"Бысмылда" деп кадам шилтеп, Дотко карай жүткүнө,
Боюн таштап жатып калды Доттун оозун ал бөгөп.

Бир заматта үнү чыкпай пулеметтун калганда,
"Алдыга" деп аскерлерге берген шондо команда.
Сүзүп өтүп Дон дайрадан, эч тоскоолсуз аскерлер,
Немистерден тазалашкан ушул айыл Селявна.

Көкүрөккө кадалганда алгачкы огу душмандын,
Ичи "тыз" деп алгансыды Чолпонбайдын шайманын.
Көз ирмемде айылы келди, араба айдап бараткан,
Өзүн көрдү, төмөнкү айыл Бакайырга бет алган.

Күүгүм эле, сайрап жаткан чырылдашып саратан,
Көпкө күткөн, болжошкон жер, айыл чети, чарбактан.
Колундагы кызыл гүлүн Гулнарага арнаган -
Жыттап коюп турган кезде, ал да келди аржактан.

Уялыңкы кыздын жүзү албырганын байкаган,
"Сүйөм сени" деген шондо, кыз да башын ийкеген.
Түбөлүккө бир бололу, баш кошолу жазында,-

Макул, жаным. Шаштырбагын, ата-энемден ийменем.

Деген сөзү кулагында кайра-кайра жаңырып,
Түтөп кетти, эми ишке ашпайт, көкүрөктө каңырык.
Атаганат, канттиң Гүкүш, жоолугарбыз жаннаттан,
Же болбосо, туш келербиз кутулбаган азапка.

Экинчи ок, мына үчүнчү, дагы бир ок кадалды,
Бүдөмүктөп, көз тунарып, өкүм сүрдү караңгы.
Бирок, дале көөдөнүнөн жан чыкпай, үнү чыкты:
- Апакебай, апа-аа, кош бол, жаным, каралды!

Каракагаз алышканда айылдаштар чогулган,
“Ажыраптыр Зуураке эне балдарынын чоңунан.
Аттиң”,- дешип коңшулары, жооткоткон ошондо
Энесинин кайгы баскан түрүн көрүп чочуган.

Мына ошондо, фашистерден өч алууну эңсеген,
Военкомго жетип келген, эртеси эле таң эртең.
“Сенин жашың жете элек, чоңой анан келээрсиң -
Шашылбагын, согушаарсың, болбогун көп кабелтең”.

Сельсоветке чогуу барып анын Болотбек агасы,

"Чоңойтуп бер жашын өйдө, тынсын иним санаасы.
Төкөш үчүн, өч алам дейт, Данке менен бир барсын,
Эриш-аркак бир көрүшсүн кан майдандын балаасын".

Көпкө чейин макул болбой, акырында жеңилген,
Бир жаш өйдө жазып берип, аман кел деп өтүнгөн.
Айылы менен узатышкан, аттанаарда казатка,
Жөнөтүптүр көрсө эли, кайра келбес азапка.

Ошондогу райцентр карегине даана келди узактан,
Эки энеси эки уулун "кан майданга" узаткан.
Чогуу болбой эки жакка бөлүп кетти каран күн,
Бири-биринен кабар албай, кеткен эки биртууган.

Апакеме бараар кайра кара кагаз майдандан,
"Чолпонбайың келбейт, тагдыр ушул, кайраттан."
Кызык, неге муну, ойлоп жатам мен азыр -
Колу-бутум оор тартып, муунум бошоп баратам.

Октор, октор, пулеметтон тынбай катар атылган,
Көкүрөккө толуп жатты бири биринин артынан.
А бирок да, эмнегедир акыл оюм туп-тунук,
Соруп барат кара түтүк, ар жагында туңгуюк.

Катыңды алгам, сагынганым, күтөмүн деп жазгансың,
Тизген мончок, ар бир сабың жаттаганмын, ардагым.
Баш кошпостон бул дүйнөдөн мен көчтүм, атаганат,
Аман болгун! Тагдыр буйруп, өз бактыңды табаарсың!

Капа болбо, милдетим шул, кайтарыма арга жок,
Көкүрөккө толуп барат - оор коргошун, далай ок.
Кош бол жаным, сүйө албадым мажнундардай берилип,
Бүлө күтүп, бала күтүп жашабадым, арман-ов.

"Сендей сыпаа, шыңга бойлуу жигитти, сүйбөгөндө,
Сени күтүп, амандыгың Кудайдан тилейм күндө.
Канкорлордун катыгын жаным, бер да
Аман эсен кайтып кел Ала-Тоолуу туулган жерге"

Гүлнаранын тизип жазган саптарын жаттап алган,
Акыркы ирмем оюнда да бир ирет кайталаган.
"Жаным кош бол, сен эңсеген Жеңишке жеталбадым,
Тилегиңди катта жазган аткарбадым, бар арманым…"

Үзүлөөрдө баатыр агам, акыркы ирет эмнени ойлоду экен,
"Эр жигит эл четинде жоо бетинде" макалын кыргыз элдин

Туу тутуп, толбосо да жашы толук он сегизге, кете берген,
Ата Журтка коркунуч келген кезде, аянбай жанын берген.

Оюна келбесе да, ошондо анын, чыгарып тыптыйпылын,
Фашисттерди жеңээрине болгон бекем ишеним, Совет элдин.
Ишеними аны түрткөн эрдикке кажыбаган, кайрат берген
Кыргыз эли түбөлүккө анын атын аздектээрин ал билбеген.

Ушул күндү үмүтүндө болжобогон, болбосо төшү менен,
Душмандын ок жаадырган дзотун тосоор беле? Тосот эле.
Анткени, ал керт башын ойлобостон, ойлогон элдин камын,
Андыктан, баатыр агам, ушундай жан кыйууга тике бардың.

Андан бери өтсө дагы далай-далай убакыт, сызып октой,
Өзүңдү кыргыз элим, сыймык менен дайым жоктойт.
Эрдигиң эр Чолпонбай орду толгус сабак болуп,
Муундан муундарга, кылымдан кылымдарга калат окшойт.

Боелгон жумуртканы эстеликтин үстүнө койуп алып,

Чөк түшүп бир нерсени кобураган байкадым байбичени.
“Таң заардан жылда келем, кырк экинчи жылдан бери,
Айылымды немистерден бошоткондо кызылдар командири:

Кайтаргын бул баатырдын сөөгүн деп, койгон мени,
Тытлган тамтыгы жок ок тешкен бул жигиттин көкүрөгү,
Көз алдымдан таптакыр бир саамга да чыкпайт менин.
Кубалап жексурларды айылыбыздан, командир кайра келди.

Кайрылып чогулганга “Бул жигит чындыгында баатыр”- деди,
- Жүрөгү тоодой болгон тоолук ушул азаматты баатырларча
Коелу ушул жерге, ардактап туралычы. Канчалаган өмүрлөрдү
Сактап калды, жетимиш сегиз окту өзүнүн боюна алды…

Чолпонбай кайтса болмок, жаппастан Доттун оозун,
Муну эч ким күнөөлөмөк эмес болчу, бирок баатыр.
Бизди ойлоду өйүздөн өтө албаган. Немистин колундагы
Сизди ойлоду эч жакка качалбаган, айылдын кемпир

чалын.

Андыктан, ак кепиндеп, көрсөтөлү акыркы ирет сый-урмат".

Ата Тоолук Баатырды Мекен үчүн кыйган жанын.

Асманга салют атып, солдаттар ушул жерге жайын камдап,

Коюшкан сөөгүн мында. Бир топ жыл өтсө дагы, уулум дайым

Мен мында келип турам, атайын боеп алып жумурткамды.

Алагой, алып жегин сен да бирин. Эмеле эл чогулат,

Сен билсең ырым кылып, атайын аңдып келип алып кетет -

Болсун деп балдарыбыз эр жүрөк Чолпонбайдай баатырлыгы.

Бир нече адам шашып келип, алышты жумуртканы,

Гүл коюп эстеликке, чөгөлөп олтурушуп, кобуранды.

Чокунуп өздөрүнчө тиленишти Кудайдан жакшылыкты -

Отурдум мен жанында эстеликтин, окудум Куранымды.

Айылдын эли келип Чолпонбай агабыздын мүрзөсүнө,

Таазим кылып, баш ийишип, коюшту гүлчамбарды.
Дон суусу кадимки калыбындай, тып-тынч кана
Эч нерсе болбогондой, мемиреп, жайма-жай агып жатты.

Сексен беш жашка келмек, эсил кайран агам, Чолпонбай,
Эрдигиңди туу кылып, канча муун алдык сенден тарбия.
Сен баатырсың, баатырлыгың өрнөк бизге Чолпонбай,
Сендей уулу болгон үчүн кыргыз элим бүгүн бейпил турмушта.

Сага таазим Чолпонбай, эрдигиңе баш ийебиз түбөлүк,
Көрүп келдим, Дон жээгинде жаткан жериң, түнөрүп.
Кулагымдан кетпей койду, өтсө дагы отуз жылдык аралык
Ошондогу абышканын, байбиченин мага айтканы күбөлүк...

Өгөйлөбөй, аздектеген эстелигин баатырдын,
Улуу орус байбичеси Гала энеге келет менин кайрылгым.
Ондогон жыл өтсө дагы ошол кандуу апааттан,
Сизге рахмат, туубасаң да өз энедей кайгырдың!

Эми ойлосом, эне гана күймөк түтөп уулуна,
Үзбөй келип эстелигин тазаламак дайыма.

Таазим кылам башымды ийип кыргыз элдин атынан,
Дон жээгинде жашап жаткан орус элге,
Эр Чолпонбай агама!

**Темирбек Токтогазиев,**
**журналист, Мустафа Кемаль (Ататүрк)**
**сыйлыгынын лауреаты,**



**жөнүндө декларация тууралу**

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Токтому

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети **токтом** кылат:
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик көз каранды сыздыгы жөнүндө декларация кабыл алынсын.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку** Советинин Председатели **М. ШЕРИМКУЛОВ.**
Бишкек шаары, 1991-жылдын 31-августу.

## Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндө

# ДЕКЛАРАЦИЯ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик суверендүүлүгү жөнүндө декларацияга» негизденип жана Кргыз Республикасынын Конституциясын (Негизги Законун) жетекчиликке алып

1. Кыргыз Республикасын — көз карандысыз, суверендүү демократиялык мамлекет деп жарыялайт.

2. Кыргыз Республикасынын аймагы бир бүтүн жана бөлүнгүс, анда Кыргыз Республикасынын Конституциясы гана колдонулат.

3. Кыргыз Республикасы өзүнүн эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин колдой тургандыгын баса белгилейт, элдердин ортосундагы достуктун жана кызматташтыктын принциптерин жетекчиликке алат, эл аралык, улуттар аралык мамилелерде конфронтацияга жол бербөө менен өзүнө алган милдеттенмелерди кыйшаюусуз сактайт жана тең бирдей негиздерде суверендүү мамлекеттердин жаңы Союздук Келишимин түзүүнү жактайт.

4. Союздук Республикалардын жана дүйнөлүк коомчулуктагы өлкөлөрдүн парламенттерин Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын таанууга чакырат.

5. Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясый көз карандысыздыгын камсыз кылуучу квалификациялуу жана оперативдүү чараларды (келишимдердин долбоорлору менен кошо) даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин кезектеги сессиясынын кароосуна киргизүү үчүн эл депутаттарынын, окумуштуу адистердин ичинен комиссия түзүүнү Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумуна тапшырат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети Кырыз Республикасынын элин ушул Декларациянын негизинде биздин мамлекеттик чыныгы суверендүү жана укуктук мамлекетке айландыруу үчүн баш кошууга чакырат.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Совети**
Бишкек шаары, 1991-жылдын, 31-августу.


**ДЕКЛАРАЦИЯ**



**Музейдин архивинде**



**Музейдин директоры**
**Шейкинбаева А.**



Самолет



**МАЗМУНУ**

Кириш сөз........................................................3
Талас - Манастын ордосу..............................10
Талас өрөөнүнүн тарыхы................................14
Талас аймагы боюнча жалпы маалымат...........18
Таластын кен байлыктары..............................19
Тарыхый чындык калыбына келиши керек.......20
Эрдик атайын жасалбайт................................23
Чолпонбай жөнүндө опера бүтпөй калган........30
Чолпонбай.....................................................34
Чолпонбайдын өмүр жолу..............................40
Чолпонбайдын сүйүүсү...................................42
Кыргыз, солдат, Герой России.........................50
«Манас» эпосу сыяктуу, Чолпонбайдын эрдигин да дастан кылып айтып даңкташыбыз керек ......................................................................65
Чолпонбай.....................................................69
Улуттук идеологиябыздын бир өңүрү...............71
"Эгерде ал тирүү болсо"..................................85
Жердешим Баатыр Чолпонбай.........................88
"Коргогон жөпжөнөкөй жүрөк менен,,,".........91
Өлбөс-өчпөстүккө секирик.............................97
Аттиң, бүгүн Чолпонбайдын жоктугу.............103
Баштан өткөн апаат.......................................107

Согуш, 9-май жана үч муун.........................110
Тарых тактайт, урпак унутпайт.........................112
Чолпонбай биздин сыймыгыбыз.........................115
Чолпонбай. Поэма .........................120
Эпилог ордуна.........................125
Баардык иштер астыда .........................127
Чолпонбайга таазим.........................132
Сен жашаган көчө.........................135
Чолпонбайдын Воронеждеги эстелиги..........137
Токтогул жердеши эскерет.........................142
Үзүрүн көрүп эмгектин.........................144
Баатырдын баатыр жердеши .........................152
Чолпонбайдын жердештери.........................153
Чолпонбайдын классташтарынын
эскерүүлөрүнөн.........................155
Чолпонбайдын эстелик музейи кантип
түзүлдү?.........................159
Бир тууганы эскерет.........................178
Чолпонбай баатыр менен жердеш экениме
сыймыктанам.........................184
Баатырдык билекте эмес, жүрөктө.........................187
Таластык баатыр. Очерк.........................192
Эрдикке таазим (поэма).........................220

# ЧОЛПОНБАЙ

## көз ирмемдеги өмүр

Чолпон Субакожоева

Редактору: Темирбек Токтогазиев
Дизайнери: Бакай Ташиев.
Верстка: Жумабай Дабын уулу.
Компьютерде терген:
Иличбек кызы Бермет.

Бишкек шаары,
“Из-Басма” басмаканасы,
Месарош көчөсү, 76
Тел.: 65-62-00
ОсОО «АсиреS» Бишкек шаары
тел.: 0772 377-345

“АсирS” – маданий агартуучулук продюсердик борбору 2007-жылдын мартында уюшулган.

“АсирS” продюсердик борборунун астында жарык көргөн китептер:

“Эненин үнү” Мендин Мамазаирова

“Сатыныч” Абен Нурманов

“Ырда жүрөк” Абен Нурманов

“Сен өз бактыңды таптыңбы?” Абен Нурманов

“Деңизди ойготкон шамал” Чолпон Субакожоева

“Дронго неге муңайды” Чингиз Абдуллаев

“Чолпонбай” Чолпон Субакожоева

